Мажит Каримов



# Издейм сени

Мажит Каримов

# ИЗДЕЙМ СЕНИ

*Автобиографиялык роман*

14291

«Бийиктик»
Бишкек–2008

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
К 23

Каримов Мажит.
К 18 Издейм сени. Автобиографиялык роман. Жаштар үчүн. – Б.: «Бийиктик», 2008. – 128 б.

ISBN 978-9967-13-351-8

Автордун бул китебинде өспүрүм баланын башынан өткөргөргөн кыйынчылыктары, адам болушу, жогорку окуу жайына өтүшү, үйлөнүшү, журналист жана мугалим болуп иштеп турмуштан өз ордун табат.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

УДК 821.51
К 4702300100-08 ББК 84 Ки 7-4
ISBN 978-9967-13-404-1 © Каримов М., 2008

## БАШ СӨЗ

Бул колуңардагы «Издейм сени» аттуу романда жаш өспүрүм баланын согуштан кийинки убакта башынан өткөргөн кыйынчылыктары, азап-тозоктору, аны туруктуулук менен жеңиши – адабий көркөм тил менен жеткиликтүү сүрөттөлгөн. Окуган адамды өзүнө тартып, жүрөгүн жылытып, жашоонун маңызын, анын кең келечегин, ак жолун көрсөтүп турат. Баш каарман Малик аттуу өспүрүмдүн аста-аста адам болуп калыптана башташы, анын жетилген жигит болушу, үйлөнүшү, жогорку окуу жайына өтүшү, аны бүтүп, журналист, анан мугалим болуп иштеп калышы мына ушулардын баары жатык тил, көркөм образдуулук, турмуштагы реалдуу көрүнүш аркылуу чеберчилик менен ишке ашырылган!

Бул чыгарма, 2004-жылы Бишкек шаарындагы «Шам» басмасынан жарык көргөн «Жол баяны» аттуу роман-драманын 2 китеби, уландысы болуп саналат. Малик анда 10–11 жаштардагы жетим бала болсо, колуңардагы бул китепте дасыккан, жетилген, жогорку маалыматтуу жигит катары сүрөттөлөт.

Балдар адабиятынын белгилүү өкүлү Мажит Каримовдун жарыкка чыккан 12 китебинин ар бири коомчулуктун кызыгуусун туудуруп келаткандыгы менен башка калемдештерден айырмаланып турат.

## ҮРГҮЛӨЙҮН ҮЗҮЛБӨГӨН ҮМҮТҮМ! ҮЗҮРҮҢДҮ КӨРӨР КҮНҮМ БАР БЕКЕН?

1956-жыл. Август айынын 22си. Аба ачык. Сыдырым жел согот. Күн эчак уясынан кирип, азыркы эле ар кыл түскө боёлуп кооз көрүнгөн шооласы өчүп, караңгылык каптаган чак. Темир жол вокзалында эл толо. Көк сыр менен боёлгон вагондордун бирине: «Фрунзе-Жалалабат» деп бадырайып жазылган. Бирбирине бекем чиркелип, катар турушкан мына ушул вагондор узак сапар тартууга даярданып, тапталган тулпардай талпынып, алкынып турушат.

Жүргүнчүлөр күтүп отуруучу чоң залдагы дубалга илинүү турган чоң сааттын желеси 9га 15 минута калганын көрсөткөндө, «чырр-чырр» эткизип, поэзди күзөтүүчүлөр ышкырыгын кайра-кайра күчөтүп жатты. Буга удаа паровоздун ачуу үнү да угулду. Демек, жөнөй турган убактысы келди көрүнөт? Элдин кыймылы күчөп, ары-бери чуркашкандар көбөйдү. Ар биринин өздөрүнө жараша көтөрүлгөн жүктөрү бар. Алардын арасында мага окшоп жогорку окуу жайына өтпөй, көңүлдөрү чөгүп, айласыздан үйлөрүнө кайтып жатышкандар да кезигет. Менин колумда калдайган чоң, эскилиги жедеп жетип калган чемодан. Эки четки кулпусу сынып калгандыктан, кендир жип менен байлап алгам. Анын ичине экзаменге даярданчу окуу китептерим салынган.

Университетке келдим эле. Орто мектепти быйыл бүтүп, тээ кичинекей кезимен бери самап жүргөн тилегиме жетүү үчүн астейдил аракет жасап, минтип жолго чыккан кезим болчу. Филология факультетинин журналистика бөлүмү ошол жылы биринчи жолу ачылган. Максатым ишке ашпады. Кыргыз адабиятынын оозекисинен, жазуусунан «5», «СССР тарыхынан» «4», чет тилден гана «2» алып, окууга өтпөй калдым, конкурска илинбедим.

Авто-жол, финансы техникумдарына деле кирүүгө мүмкүнчүлүгүм болсо да, журналистика кесибин каалап, аны ыйык көрүп, ушул максатым жүзөгө ашмайынча артынан сая кууп алууну туура таптым! Эмнеге жөндөмдүү экенимди билет элем.

Ала-Тоо» журналынын мурдатан кызыгып окуп жүрчүмүн. Азыр анын жаңы санын алып, жолдон окуп кетейин деген ой менен киоскага чуркадым. Аны алып, перронго карай тепкич менен чыгып бараткнымда, чемоданымдын жиби үзүлүп, чачылып жатып калды. Аны жыйнаганча, поезд ордунан козголду. Чуркап жетпедим. Каңгырап кала бердим! Эми эмне кылам?

Белетимди тапшырып, 14 сомду кайра алдым. Чөнтөгүмдү чукуласам, жолго деп сактаган 6 сомум бар экен. Анан шыңгырап, тыйындардын үнү угулду. Болгонун алып чыгып, эсептедим. 1 тыйындан он чактысы жүрөт, 2 тыйындан да ошончо экен. 3–5 тыйындар сегиз, ал эми 10, 20, 50 тыйындардан бирден гана көзгө урунду. Мага азыр баарыдан да 50 тыйын жакшы көрүнүп кетти. Буга «Ала-Тоо» журналын сатып алууга болот. Ушул ой мага күч-кубат, сүйүнүч тартуулагансыды. Эми кайда бармак элем? Ушерде жатам, түнөйм. Бош орун издедим. Дегеле бош жер жок. Вокзалдын ичи жүргүнчүлөргө толгон, баш калкалар жер таппайсың. Сыртка чыктым. Караңгы. Бул жакта да эл көп. Киоскага барып, «Ала-Тоо» журналын сатып алдым, жаңы эле чыккан саны экен. Кайра келип, элди аралап, бош орун издедим. Аны да таптым, тапкан менен курсак ачты, бир нерсе шам-шум этип алыш керек да. Азыр туруп кетсем, ордуман айрылам. Сырты жыртылып, кулпу бузулуп, анын ордуна жип менен байлап алган эски чемоданымды отургучка койдум да, жанымдагы орто жаштан өтүп, ошентсе да али карылыкка моюн бергиси келбей жаткансыган сулуураак, ак жүздүү аялга дайындадым:

«Карап туруңуз, азыр келем!» – дедим. Ливерний кольбаса, бөлкө нан алдым да кайра чуркап келдим.

Университеттин жатаканасына жашап жүргөндө жей турган тамагым ушул экөө гана боло турган, артынан суу ичип алчумун. Айылдан чыккандан бери али ысык тамак иче элекмин.

Курсакты болушунча кампайтып, көңүлдү жай кылып алган соң, «Ала-Тоо» журналын окууга кириштим, киришкен менен, оюм онго, санаам санга бөлүнө берди. Көңүлүн тынч болсо гана окугуң келет экен.

«Эми эмне кылам?» – деген тынчсыздануу мээмди чулгап алды. Айылга болсо барбай калдым, бир жагынан барбай калганым да жакшы болду. Ал жактагы абалымды бир четинен, майда-чүйдөсүнөн бери көз алдыма келтирдим. Мен аларды зордуктап, күчтөп туруп акыл-эсиме салып, ушул бош убагымда эрмек кылайын деген жокмун, өзү эле чубуруп, чакыргансып келе берди. Түн узак уйку келбейт, анда ойлосом ойлоно берейин да!

Туулуп өскөн Тулга айылымдын тээ жогорку жашындагы Такыр талаа деп аталчу жерге пахта эгилчү. Апрель айы келер менен чигит эгүү өнөктүгү башталчу. Шүдүгөрдүн баш ченине оро казып, ага чигитти толтура салып, сууга 2–3 күн уютуп, анан гана аны капка толтуруп, аны жонубузга көтөрүп сеялкага карай бөкчөңдөп, тарбаландап жөнөчүбүз. Муп-муздак суу шорголоп агып, тээ көрүнбөс жагыбызга чейин жетип, баратса да ага карабай, тээ алыстагы тракторго чиркелген сеялкага тезирээк жетүүгө умтулуп, алыбыз куруп, араң алып барар элек. Ушул абалыбыз кечке күндө, чигит эгилип бүткөнчө улана берет. Анан сугат башталат. Буга дагы эң негизги күч мен өңдүү өспүрүмдөр. Теңтушум Токтогул Тойчуев экөөбүзгө 10 гектар сугат жери бөлүнүп берилген, аны экөөбүз 5 гектардан бөлүп алганбыз. Экөөбүзгө ар дайым түнкү сугаттын кезеги берилет. Үлпүлдөп күйгөн кол чыракты көтөрүп, жөөкмө-жөөк кыдырабыз, эми гана баш көтөрүп келаткан көчөттөрдү суу алып кетпесин деп этияттайбыз, тынчсызданабыз, башыбыз менен жооп берерибизди

билебиз, милдет татаал, катаал, оор! Жөөктүн баш ченине чым бассам деле ага болбой аркырап аккан суу жырып кетет, жер түз эмес да. Эгер муну бригадир көрүп калса, шорумду шорподой кайнаганы дей бер! Түнкүсүн уктабайт ал, кыдырып, бизди текшерип жүрө берет. Анын караанын алыстан көргөндө эле жүрөк зырылдайт!

Кудурети күчтүү кудай колдой гөр! Ана, бакырып, бригадир Бакир акем келатат! Аттын туягынан чыккан чаң айдын жарыгын бозомук тарттырып, Такыр талаасына сүттөй жарык чачып, биздин көңүлүбүздү ачып турган ушул бирден бир касиеттүү нурду да бизге ыраа көрбөдү ал киши!

«О, жетимдер! Жерге кирип, жер жутуп кеткирлер! Уктап калдыңарбы? Карачы, суунун пайнабы чыгып кетиптир го? Тигине, талааны жайпап, жайылып, көл болуп жатат!» – Албетте, бул заар тилдүү үндү укканда, Токтогул экөөбүз тең бекинерге жай таппай калабыз! Каарданып, камчысы менен сабайт! Атка тебелетет! Муну көргөн Токтогул караанын көрсөтпөй качат, кетменин ыргытат! Мен анын опузасына көнүп калгам, качпайм, үндөбөйм. Колум менен бети-башымды да тоспойм, жалтактабайм! Чекчейип, жүзүнө тик карап тура берем! «Тигини, тигине! Бир сестенип койбойт ээ, жубарымбек! Сен бала эмессиң!» – деп бригадир ого бетер ачууланат, жинденет, тишин кычыратат, өлтүрүп, союп, сойгонго да канааттанбай, кескилеп, жанчып, күйгүзүп, сөөгүмдү сапырып салгысы келет! Ээн талаада экөөбүз гана алышып, күрөшүп, экөөбүзгө гана пахта үчүн, «ак алтын» үчүн, андан арбын түшүм алыш үчүн эмгектенип, жан күйгүзүп жаткандайбыз! Бир маалда башым «зы-ың» эте түштү. Камчы сап төбөмө тийген экен. Башымды чеңгелдеп отура калдым. Кан шорголоп ага баштады, бетиме жайылды. Тез эле манжаларым канга боёлуп, бир-бирине жабышып калды. Мен азыр мына ушулардын баарын сезип жаттым, ал түгүл айлана-чөйрөмдү да байкап,

билип турдум, демек мээге залалы тийбептир, зака кетпептир. Бул мени жашоого үмүттөндүрдү, ошо үзүлбөгөн үмүт кайрат-күч берип, бүткүл ички дүйнөм козголуп, жанданып эки эсе эрдикке, кайраттуулукка чакырды! Бул чакырык албууттанып, жүрөктү жалындатып, адамдык ар-намысымды келтирди! Арстандай атырылып ордуман турдум да, кутурган иттей болуп бутуна асылдым, үзөңгү менен кошо кайрып жибердим. «А-аа!» – деди ал. Ошо, «А-аа!» – дегени мага жактыбы же аянычтуу угулдубу, айтор: Өлтүрөм! Өлтүрөм азыр сени! У-уу! Өлтүрөм!» – деп жапайы айбанча кыйкырдым, долуландым. Ал аз келип, ээр кашка асылып барып жоон санынан тиштеп алдым! «А-аа!» – деп жанагыдан да бетер бар үнү менен чыңырып жиберди. «О, жубарымбек! – дей берди безилдеп. – Жедиң, жедиң мени! Сен бала эмессин, сен балээсиң! Сен жапайы айбансың, карышкырсың, итсиң!» – Ушул наалыган, наараазы болгон сөздөрүн айтып, Такыр талаасын чаңытып качып баратты. Чаң уюлгуп, айдын сүттөй жарыгына аралашып, мага үзүл-кесил көрүнүп жатты!

Бул жерде кийиз күйгүзүп, жаратыма курмушу басуу кайдан. Чымдан баса салып, эптеп канды токтоттум. Терге чыланып кир болуп кеткен көйнөгүмдү тең айрып, башымды таңдым, канды жууп-тазаладым. Эми суунун кайда кеткени менен менин чатагым жок. Чоң кесекти башыма жаздадым да, чак түш болуп калган айды карап чалкалап жаттым. Тез эле кирпиктерим ирмелип, таттуу уйкуга чөмүлдүм.

Аттардын дүбүртүнөн улам ойгонуп кеттим. Башымды көтөралбайм, кыймылдасам эле зыркырап ооруйт.

«Дагы баягы Бакир акедир да? Арызданып, башкарманы ээрчитип келгендир да?» – деп ой жүгүрттүм. Алар аттары менен пахта аянтын аралаган жок. Четте туруп, аттарынан түшүп, мени чакырышты. Же башымды көтөрө алсамчы, темир болуп, тетиктери теске

келбей жаткандай болот. Эки-үч жолу чакыргандан соң, кыйынчылык менен кыймылдап, бетимди жууп, бир аз, сергип, илкий бастым шүдүгөрдүн четине карай. Бакир аке булардын арасында жок. Учетчик, эсепчи Эсенбек Эмилов, анан мен тааныбаган дагы бир интеллигентче таза, жарашыктуу кийинишип алышкан эки жигитти көрдүм.

– Кандай, Мырзалиев?» – деп алга адымдай берип, биринчи болуп кол узатты эки бети анардай албырган сулуучу келген жигит. – Сени окууга жөнөткөнү жатабыз. Фрунзе шаарына, улуу пионер вожатыйларды даярдоочу 6 айлык курска барасын. Сени биз сыртынан байкап, билип жүрөбүз, гезиттерге макалаларын көп чыгат, сендей жаш кадрлар керек бизге! – деди. Кана, тиги учётчик акене учкаш!

Менин ал-ахвалыма көңүл бурган да, сураганда жок. Жолдо баратып:

– Бакир аке үйүндө ооруп жатат, – деди Эсенбек.

Ошентип, колхоздун коогалуу жумушунан кутулдум. Бирок, биротоло кутулдумбу же кайра келеминби, анысын али билбейт элем. Улуу пионер вожатыйлардын 6 айлык курсун бүтүп келип, айылдагы жети жылдык мектепте бир жыл иштеп, бирок бул кесип кыскарып калгандыгына байланыштуу бошоп кеттим. Баягы мени издеп пахта талаасына барган райком комсомолдун биринчи катчысы Ысак Ызабеков деген жигит:

– Капа болбогун, эмне кылабыз, өкмөтчүлүк экен. Сени башка окууга жөнөтөбүз. Айдоочу болуп иштегиң келеби? Биздин райондо жаңы автобаза ачылганы жатат, ошого өзүбүздүн жергиликтүү кадырларыбыз, айдоочуларыбыз керек. Баргын. Жалал-Абаттан алты айлык курсту бүтөсүң, иштеп бересиң. Акысын автобаза өзү төлөйт. Бир кесипке ээ болуп каласың!

Албетте бул жакшы сунуш эле. Кыйыктанбай макул болдум. Бүтүп келип, кайра эле ошо автобазада иштей баштадым. Адатта жаңы бүтүп келгендерге эс-

кисин беришет. «Зис-5» деген эскилиги жедеп калган жүк ташуучу машинаны оңдоп бүткөнчө бир ай өттү. Анан бир ай мингенден кийин дагы бузулду. Ошентип, бир жылдын алты айы жалаң ремонт менен өтүү. Жададым, бул иш да мага ылайыктуу эместиги билинип, көңүлүм сууп, таштап салдым. Анан, «ат айланып казыгын табат» дегендей, кайра эле колхозго кайрылып келдим. Каз тамандуу «ДТ-54», «С-80» деген тракторду айдап күн кечирдим. Башкы механигибиз Мейманбек Маматкулов бир күнү менин жүдөп, каратору болуп, азып-тозуп калганымды көрүп калып: Малик, сага бул иш болбойт экен! Эптей албайсың. Ташта муну. МТСке, машина-трактор оңдоочу жайга, жумушка орнотуп коёюн. Аерде токардык, шлифовщик цехтери бар. Ошолордун бирине үйрөнчүк болуп кирип ал, мен сүйлөшөйүн! – деди. Буга да макул болдум. Макул болбой айлам канча, жакшы жолго жетелеп жатпайбы!

Шлифовщик өнөрү жакты. Үйрөнчүк болуп 6 ай жүрдүм. Эми гана бир станокко ээ болуп, өз алдымча иштей турган маал келгенде, окууга барар мезгил болуп, эки ача ойдо калдым. Окууну да, ишти да кыя албай экөөнүн тең баалуулугу, керектиги көз алдыма келип, кыйналып жаттым. Акыры окууга жөнөй берүүнү туура таптым. Мына эми окуудан да жок, иштен да жок, Фрунзе шаарынын чоң вокзалында зарыгып отурамын.

Ушул ойлорду ойлонуп бүткөнчө, таң да атты. Кечиндегиден калган ливерний колбаса менен кара бөлкө нанды сугунуп, суу ичип алдым артынан. Дагы эле баягы эски чемоданымды көтөрүп, сыртка чыктым. Шаардын эң кооз жери болгон Дзержинский бульвары менен ылдый карай илкип ойлуу келатам. Ортолоп калганымда көк сырдуу отургучтардын бирине отурдум. Күн көтөрүлүп келатат. Минтип отура берүү да болбойт эле. Жолум туюк, белгисиз! Өйдө турдум. Чемоданымды ыргытып жибергим келди,

анын ичинде дүр-дүйнө бар дейсиң? «Кыргыз тили», «Кыргыз адабияты», «СССР тарыхы», анан дептерлер, калем сап, куруттай сактаган бир шым, бир ала-була, калың жөнөкөй көйнөк.

Троллейбустар жана башка машиналар кым-куут өтүп жаткан чоң жолдун четиндеги гүлдүү, көлөкөлүү тратуардын таза абасын жутуп, жытын искеп, университет тарапка бет алдым. Андан өтүп, Жаш гвардия бульварына жеттим. Баса бердим дагы, өзүм да билбейм каякка? Ю. Фучик багына туш келип, «Эт комбинаты» деген чоң жазууну окудум. Эшик тоскон кароолчуга жалган айтып: «Мен ишке орношкону жатам. Ушул маалга келгин деп чакырган!» – дедим. Ыңыранып туруп, араң коё берди. Ичкери кириши кирип алып, кайда, кимге барып арыз-муңумду айтарымды билбей делдейип турсам: «Сизге эмне керек, жаш жигит?» – деп сылык-сыпаа салды жаш аял. Жөн-жайымды айттым. Көрсө бул кадрлар бөлүмүнүн башчысы экен. Кудай берет деген ушу да! Ишке алды. Консерва цехине жиберди.

Мына, мен көрбөгөн жаңы дүйнө! Кызыктар, сонундар дүйнөсү! Шаардагы «Азык-түлүк» дүкөндөрүн текчелеринде тизилип турган «Уй эти», «Кой эти», «Эт кошулган бышылуу күрүч» деген консервалар, колбасанын түркүн-түмөн түрлөрү мына ушул жерден жасалат тура? Катар-катар тизилип отурушкан кыз-келиндер ошол консерва банкаларынын тышына кагаздарын клейлеп чаптап, анан ящикке салып, шыпылдап бизге даярдап турушат. Биз, Максим Мазейин экөөбүз, ошол 30 килограммдык жүктү көтөрүп, подвалдын тээ аркы караңгы бурчуна алып барып, дубалга такап жыябыз. Ал ящиктер улам бийиктеп бараткан сайын бизге кыйын боло берет. Так көтөрүп ыргытып, ящиктин үстүнө ящикти кынап, тегиздеп коюш керек. Ырас, ушул жерде кетменди кериле чапканымдын, орто мектепте штанги менен машыкканымдын, балдар үйүндө бышып, балакатка жетип,

башка түшкөндүн бардыгын көргөнүмдүн пайдасы зор тийди! Бирок, Максим Мазейинге кыйынчылык келип жатканын көрүп туруп боорум ооруйт, ага жардам берем. Дайым эле мындай боло бербестиги белгилүү. Мен да чарчайм, колдорум, булчуңдарым талыйт, алакандарым кетменге канчалык бышса да, ящиктин мыгына, четки кагылган жука тунукесине же жыгачтын кырына урунуп, кээде зыравасы кирип кетет! Канап кеткен учурлар да болот. Саал бошошуп баратсам, тиги кыз-келиндерден уялып, кайра чыйрала түшөм.

Жумуш убактысы 8 саат, анын 1 сааты дем алууга, шам-шуң этүүгө жумшалат, сүт берилет, нан өзүбүздөн. Эгер мен минтип иштей берсем, жыл аяктабай ден-соолугуман айрыларымды улам күн өткөн сайын түшүнүп, ага көзүм жетип, бул жерден бошоп кетүүнү ойлой бердим. Бирок иштен чыкпай туруп, келерки күндүн көр оокатына кам көрүшүм керек да. Ушундай оор мезгилдеги мээримдүү насаатчым, дем-күч берчү жан жолдошум «Ала-Тоо», «Жаш ленинчи», «Чалкан» журналдары, «Ленинчил жаш», «Кыргызстан пионери» гезиттери боло турган. Мен дайым булардан кол үзбөй, акылмандар менен кеңешкенсип, кең-кесири дем алып калчумун. Албетте, бул жагынан шаарда шарт жакшы. Тээ жаш чагыман эле мага поэзия, проза жанрлары кызыктырып, өзүнө тартып турчу. Чыгармалары жарыяланган авторлордун аты-жөнүнө тигилип карайм: «Менин да аты-жөнүм ушинтип жазылып турса кана эми!» – деп тилей берем. Бул авторлор мага өтө ыйыктай, бийиктикте тургандай, кол жетпестей сезилчү.

Бул күнү жазган ырларымды көтөрүп, редакциялардын бирөөнө алып барсам: «Бул ыр эмес! Ыр эмес кокуй! Мында көркөмдүктүн көлөкөсү да жок! Жазгың келсе, макала жазып берчи, баатыр! – деди маңдайымда отурган узун бойлуу, чап жаак, орто жаштан өтүп калган кара-торусунан келген журналист. – Чыгармачылыкты майда-майда макала жазуу менен баш-

тагын! О, бул поэзия дегенин оюн эмес ар ким деле жаза бере турган! Философия – акыл азыгы! Философиялык ой жүгүртүүгө али сага көп бар! Окуш керек, баатыр!

«Менин колуман келбейт тура?» – деп катуу чөгүп кеттим. Кагаздарымды жайыштырып, төрт бүктөп чөнтөккө салдым. Сыртка кайра сылтый басканымда: «Токто бала!» – деди жанагыдан саал жумшак, сылык сүйлөп. – Чоо-жайыңды түзүкчөлөп, түшүндүрүп айтчы? Окуйсуңбу, иштейсиңби?

–Окубайм, иштебейм, эч жерде да жашабайм! – дедим чекилдеп.

–О, ошондойбу, баатыр? Жашоо жагдайың жаман экен анда?

–Ошо жамандыгынан, жакшылыкты издеп жүрөмүн, байке!

–Чындык сөз! Кебиңен эле билинип турат ким экениң! – деп бир топко ойлонуп туруп калды. Анан: «Эртең мага жолукчу, баатыр, макулбу?» – деп мага боору ооругандай карап койду.

Кыз-келиндер институтунун мандай тарабындагы маданий үй бош туруптур биз келсек. Мени ээрчиткен кечээги кичи пейил, жупуну кийинген, узун бойлуу журналист: «Азырынча ушул жерде жашап турасың!» – деп кичинекей, тар, караңгы бөлмөгө алып кирди. – Институттун ректору менен сүйлөшүп, маакулдугун алып койдум. Бул да болсо айла кеткендин иши. Көчөдө жаткандан көрө, эмне болсо да баш-паане табылды, туурабы баатыр?»

–Ырахмат, байке! Ыраазымын сизге!

–Ыраазычылыкты али коё тур, баатыр! Андан көрөкчө бизге үзбөй макала жазып тургун. Шаарды кыдырып, эч тартынбай завод-фабрикаларга, окуу жайларына, деги бардык мекемелерге кирип бара бергин, эч тартынба! Журналисттик кесип ушундай болот, баатыр! Гонарар аласың, оокатыңа, кийим-кечеңе жеткидей бир деме таап, зарыкпай каласың! Болду, мен кеттим!

Клуб, кадимки эле клуб, бирок айылдагы клубдан айырмасы бир. Бизде асты жер, минтип катар-катар тизилген отургучтар, четирээк жакка салынган бөлмөсү да жок. Бирок эмне минтип бош турат? Балким бул убактынчадыр? Албетте, керек болгон маалда бул жерде ар түрдүү оюн-шооктор, жыйналыштар болору шексиз. «Э-э, бул жагы мени кызыктырбайт, эптеп жашап жүрсөм, эмки экзамен тапшыруу маалына жетсем, мөөрөй меники! Эт комбинатындагы жумуштан бошоп, эми мына ушундай күндөрдү баштан өткөрүп жатамын. Жарыктыкта жашоо жакшы!» – дедим кол шилтеп.

О, Аллаа Таала! Сен өзүң билесиң! Менин мыкты машыктыргычым бул турмуш! Ал эми менин ойготкон окумуштуу окутуучум бул – китеп! О, үргүлөйүн үзүлбөгөн үмүтүм! Үзүрүңдү көрөр күнүм бар бекен?

* * *

Эми мен жалганчы болбой, редакциянын тапшырмасын аткарышым керек. Эң оболу өзүмө тааныш консерва цехин жазууну ойлодум. Ал жакка барбай туруп эле көргөн-билгенимди, аңдап-сезгенимди сүрөттөп, «Эт комбинатында», «Репортаж» деп жанры жактан да бөлүп койдум. Алып барсам, жактырышты: «Жакшы экен!» – дешип кайра макташты. Жумушчулар жөнүндө көбүрөөк жазып келе берүүмдү өтүнүштү. Эгерде мындай макалалар редакцияга жага берсе, анда мен айылдагы өз башыман өткөндөрдү: айдоочу, тракторист, шлифовщик болуп иштегенимди жазсам боло берет тура? Демек, мендеги материал мол. Эмки керек иштөө, иштөө гана керек болуп турат! Анткен менен билим жагы, тажрыйба жагы, ыкма, жөндөмдүүлүк жагдайы жетишпей жатканын сезип, кыйналып, кара күчкө салып эле жазып жүрдүм. Редакциядагылар деле кемчилигимди билип, бирок аларды сезбегенсип жүрүштү. Жазгандарымда көп кемчиликтер бар эле, ал кемчиликтерди газетага жарыялагандан кийин

тигиле карап окуп, кыйла жери оңдолгонун көрдүм. Сөз байлыгы, кеп-сөздүн куюлушуп, бир-бирин толуктап турушу, грамматикалык каталар – мына ушулардын бардыгына менин күчүм жетпей атканына ызаланып, ичим күйүп, уялып да кетчүмүн. Орто мектептеги билим менен ойдогудай иштеш мүмкүн эместигине толук түшүндүм! Адабий көркөм чыгармаларды канчалык казып, көп окуганым менен журналисттик, накта гезиттик тил, өзгөчөлүк байкалып, өйдө болалбай, өргө чабалбай, өнүп-өсалбай каларым айдан ачык эле!

Бирок, шаарды кыдырып, жумушчуларды аралап, обройлуу гезиттердин сырткы кабарчысы болуу да оңой эмес эле. Маселенин мына ушул жагы менин маанайымды көтөрүп, чыгармачылыкка чыйыр салып жатканы мага пайда болду. Дагы бир пайдасы – кайсы мекемеге, завод-фабрикаларга, окуу жайларына киргенде, сурамжылап жүрүп жумуш таап алгандыгым болду! Машина куруу заводуна, айылдан үйрөнүп алган шлифовщик деген кесибим боюнча ишке орноштум. Айдоочулукка деле орун бар экен, бирок шаар жеринде жолдо жүрүү кооптуулугунан чочуладым. Жатаканага жагдайы да чечилди!

Жолду эки адам арбытат. Кобурашып сүйлөшүп бассаң аралык кыскарат. Иш издеп, окууну эңсеп жүрө бербей, турмуш түгөйүмдү да ойлой турган куракка жеттим. Мезгил күтпөйт. Эгер мен окууну бүтүп үйлөнүүнү астыма максат кылып койсоле, анда 30га чыгып калам. Иштеп, үй-бүлөнү багууга кудуретим жете турган акча тапканча, дагы ошончо убакыт өтөт. Жардам берер, ишенер, жөлөк-таяк болор боорукерим болбогондон кийин, иштин ийне-жибине чейин ойлошум керек да. Машакаттын баары өзүмө жүктөлөт. Бул ойлорумду жүзөгө ашырыш үчүн, оболу баш калкалар жер табышым керек. Мына ушинтип эртеңки, келечектеги аткарар ары жүйөлүү, ары албан-албан күчтү, акыл-ойду сарптай турган сапарга аттанууга бел байладым. Шаардын четинен бир бөлмөлүү, асты

жер, жепирейген үй таптым. Анын үстү кара кагаз менен жабылыптыр, ар-ар жерине таш бастырып коюптур. Жалгыз терезесине да айнек салбай, кардон кагаз жабыштырыптыр. Үйдүн ээси: «Батирдин акысын бир ай мурда төлөйсүң!» – дегенине да көндүм. Жатаканадан кровать, матрац, төшөк, жууркан, шейшеп жана көк сырдуу темир чайнек, тумбочка, кырдуу эки стакан алып, анын баарын жонума көтөрүп жөө ташыдым. Араба жалдаш үчүн акча керек. Анан, Кызыл-Аскер айылы тараптан 1 тонна көмүр, жыгач отун алып келдим. Кыш кылычын кармап, «өтүгү жокко өзүм барам, тону жокко айта бар!» – деп жаткан мезгил эле да.

«Бул оюм ишке ашты дейли, эмкиси эмне болот? Анын да айласы табылат. Жаңы жылга чейин жан шеригимди таап алууга аракеттенем!»

Ушул ойлор менен өзүмдү сооротуп, бөлмөнү кыдырата карайм. Жалгыздык жаман экен, шоңшоюп отурамын же радио жок. Мешти жаккамын, бөлмө жылуу. Бирок ал денемди жылытпагансыйт. Өөн, суук көрүнөт көзүмө. Үйдүн куту периштеси – аял! Ал болбосо, баары супсак, баары көңүлсүз! Жаңы жылда жакшы кыз келсе үйүмө, жадырап-жайнап отурсак. Жүрөк жылыса, дене балкыса, жандүйнөм жыргап, ич жылып, тагдырыма, таалайыма болгон таарынычтардын бардыгы тарап, жазгы желдей жеңилдене түшсөм! Кызды өпсөм, ширин сөздөрүн уксам, жамалына тойсом, колун кармап, кучактап, жылуулугун, сонундугун сезсем! О, кудай, колдой гөр! Жалгыздыктан куткар!

Ошо кезде шаардык жаштар кечкисин «Ала-Тоо» аянтчасына келип, топтолуп, ары-бери басышып, музыка угуп, оюн-шоок куруп, шапар тээп, ачышчу эле. Айрыкча, Өкмөт Үйүнүн алдындагы аянтча, анан анын жанындагы Панфилов атындагы эс алуу жайы, калың бак, суусу атылган фонтан алиге эстен кетпейт. Каерге барбаңыз, жык-жыйма жаштар, аралап басууга да кыйын. Жолдош-жоролор, достор, сүйүшкөндөр ошерден табышат.

Аерге жатаканадагы мен теңдүү балдар болуп, чогулуп алып барчубуз, түн бироокумда кайтчубуз, бирок кыздар менен сүйлөшүү, алардын артынан акмалап жүрүү, чынын айтыш керек, менде болбоптур. Балким бул менин кемчилдигимдир? Мына эми бүгүн, минтип араң издеп, кыйынчылык менен тапкан бир бөлмөлүү, сыз жайда отуруп, ошо «Ала-Тоо» аянтчасы эсиме түштү. «Балким, көңүлгө жаккан кыз табылып, жолугуп калаар» – деп мындан мурда бул жөнүндө ойлобосом, мына эми үмүттөнүп жатам.

Бардым. Жатаканадагы жолдоштор да ошерде экен. Менин үйлөнгөн, үйлөнбөгөнүм менен алардын иши эмне! Ар кимиси өздөрү каалаган кыздар менен сүйлөшүп, өздөрү менен өздөрү алек. Эки саатча жүрдүм окшойт айланып, ары-бери басып. Эч бир кыз көңүлгө толбоду. Чынын айтсам, сүйлөшүүнү каалабадым. Жарым-жартылай сыры кеткен көк чайнекке суу толтуруп, алоолонто жагылган мештин үстүнө коюп койдум эле, мен келгиче кайнасын деп. Ошону ойлодум да, жөнөдүм.

Эртең менен сыртка чыксам, түнү бою лапылдап жааган окшойт, аппак кар бир топ эле болуп калыптыр. Чай ичип, көчөгө чыктым. Менден эки көчө нарыраактагы Тимирязев көчөсүнө келип калганымды да билбей калыптырмын. Тык токтодум. Эмнедир ойго чөмүлдүм. Издеген бактымды ушул көчөдөн таап тургандай сезилип кетти, мага. Эмнедир көчөнүн ар табындагы катар үйлөр, бак-дарактар, атүгүл ары-бери өтүп жатышкан адамдар да көзүмө жылуу учурап, жанга жагып өзүнчө эле кооз, сулуу көрүнүп кетти. Айлана бозомук тартып турганы менен, мен үчүн күн чайыттай ачык болуп, көңүлдү кубантып, жайдарылантып, жүзүмдү ачып, ичимди жылытып жатты! Акырын баса бердим арылап. Жакшылыктын жышааны жүрөктү туйлатып турду! Толкундатып, көкөлөтүп, канатымды көккө карай серпип турду!


74831

Көчөнүн орто ченине барганда, жол четине орнотулган суу түтүкчөдөн суу алып жаткан кызды көрүп калдым. Чыбыр ала гүлдүү көйнөгү боюна куп жарашып, ажарын ачып, сулуулукка бөлөп, менин көзүмө кадим эле чүрөктөй, аккуудай, акмаралдай көрүнүп турат! Бул эмне? Жомокпу? Же кыялбы? Көзүмө ошентип, алдамчы элестей көрүнүп жатабы? Сулуу кыздар жөнүндө көптөгөн китептерден окугамын! Тели-теңтуштардан, атүгүл аксакалдардан да уккамын! Бирок мына бул кыз башкача! Башкача экени дароо эле билинди!

«Бир эле жолу көрүшкөндө, эки жаш бир-бирин сүйүп калган учурлар да болот турмушта!» – деген сөздү укканым бар. Кантип эле ошо туура болсун? Эгер туура болсо, ал кайра жакшы эмеспи! Иш кылып, ошол эл ичинде айтылган асыл сөздөр туура эле болуп чыксын да! Бактым ачылсын да!

Жакын келдим. Эки чака сууну эми гана көтөрө бергенде:

– Карындаш, саламатсызбы? Жаңы жылыңыз менен! – дедим. Кыз кылчая мени карап алды да, чакасын жерге коюп, үшүгөндөнбү, колдорун колтугуна кыскан абалында, ууртунан бир жашынакай жылмайды:

– Саламатчылык! – деди. Мен жооп айтпай кетип калабы деп, тынчсызданып, кабатыр болуп, чыйпыйым чыгып турган эле. Жок, антпеди. Адептүү кыз экен. Купулга толду. Жолум болду. Иш оңолду! Минтип мен күн мурунтан жыйынтык чыгарып жаткан жокмунбу?

– Сиз ушерде жашайсыңбы?

– Ооба, ий, эмне экен? Бирөөнү издеп жүрөсүзбү?

– Сизди издеп жүрөм! – Ой-тообо, ушул сөз оозума келе бергенин караңызчы! Периштелер кулагыма шыбырады окшойт бул сөздү? Эмесе кайдан тапмак элем маанилүү, маңыздуу, керектүү касиеттүү кепти?!

Кыз ыңгайсыз абалда калды. Жүзү анардай албырап чыкты. Көздөрү ойноктоп, жалдырап, кирпикте-

рин тез-тез ирмеп, эмне дээрин билбей, кыйналып, кызыктай боло түштү! Анан, о бир топтон кийин гана өзүнө келди окшойт:

– Апей, бул эмне дегениңиз? – деп чакага карай боюн ийди. Мен шашып калдым, кетип калбаса экен деп чоочулап, чоочун кызды чочутуп алдымбы деп, бир даар өзүмдү жоготуп, көздөрүм ымыр-чымыр боло калды. Мээме бирөө бир койгондой лукулдап чыкты. «Этият бол! Колдон чыгарба!» – деди жүрөгүм.

– Коё туруңузчу, карындаш? – Жок, өтүнүчүмө кулак салбады. Эки чакадагы сууну шарт көтөрүп, суу түтүкчөсүнүн дал эле маңдай тарабына жайгашкан көк сырдуу каалганы ачып, ичкери кирип кетти. Аңырайып кала бердим.

Кыз менен биринчи жолугушуум ушинтип аякталды. Ушундан кийин менде түк тынчтык болбоду. Кыздын элеси көз алдыман кетпеди. Карегиме сүрөт болуп тартылып калды. Кереметтүү көз караштары жүрөгүмө, өпкө-боорума батып, ошол жерден орун алып, тышка чыкпай, аларды чырылдатып кыйнап, эзип, тешип жатты. Колум бош боло калса эле ошо көчөгө барам. Короосуна көз чаптырам, сууга дагы чыгабы деп күтөм, күтө берем, үмүттөнө берем!

Экинчи мерте жолукканымда мурдагыдай тартынуу, кысынуу дегенден кутулгандай болдум. Кыз дагы антип, өткөндөгүдөй болуп тез эле кетип калбай, сөзгө конок берип, уюп угуп, жарк эте күлүп жанымда турду. Аты Марипа экенин, «Чолпон» бут кийим фабрикасында иштерин айтты. Айылы Жумгал тараптан экен. Азыр бир тууган агасынын үйүндө жашап жүрүптүр. Агасы университетте окуучу, жеңеси азык-түлүк дүкөндө сатуучу болуп иштерин баяндап, түшүндүрүп берди. Айылдан 7-классты гана бүтүптүр. Анан эки балалуу болуп калган агасы, бизге жардам берсин, балдарыбызга каралашсын деген ой менен калаага алып келишиптир. Бут-кийим тигүү өнөрүнө 6 ай үйрөнчүлүк болуп жүрүп, бир ай гана болуптур өз

алдынча иштеп жатканына. Марипанын таржымалы ушул эле экен. А менин таржымалымды миң бир түн айтсам да түгөнбөйт эле!

1959-жылдын 31-декабрь күнү. Күндүзгү саат 3–4 чамасында «Чолпон» бут-кийим фабрикасынын дарбазасына жакын барып, Марипанын иштен чыгышын күттүм. Ага чейин такси жалдап, жол четинде токтотуп койгон элем. Марипа дарбазадан бери карай чыга бергенде эле, алдына чуркап бардым да:

– Марипа, такси жалдап келдим. Шаарды айланып, анан үйүнө жеткирип коёмун! – деп колдон тарттым. Кыз каршылык көрсөтпөдү. Менин оюмда эмне бар экенин билбеди. Такси зымырап жөнөдү. Кагылайын калаамдын кооздугу ай! Жылдын кайсы мезгили болсо да анын көркү көңүлдү көккө көтөрөт!

– Кайда баратабыз? – Кыздын ушул сөзүнөн чар тарапка карап, сулуулукка суктанып бараткан кыялкеч жаным, азыркы эле оюмдан адашып, жароокериме жалт карадым. Ал бир аз чоочулагансып, бир нерседен шектенгенсип тыбырчылайт. Мен анын бул абалын сезбегенсип, билбегенсип, ага:

– Карачы, кышкы пейзаж кандай ырахат, ээ? – деймин. Марипа мага:

– Жеңем күтүп калбасын. Жаны жылга карата бөбөктөргө балаты жасап жаттык эле. Байкем да тез кел деген. Үйгө апарып кой, тез! Суранам? – деди.

– Азыр, азыр! Мына, кетип жатпайбызбы үйүңө карай! – Кыз ишенди.

– Кайсы сенин үйүң? – деп айдоочу сөзгө аралаша кетти. Бул: «Сенин үйүң» – деген сөз мага карата айтылдыбы же Марипагабы, аны ажырата албадык.

– Оңго буруңуз, – дедим Мичурин көчөсүн көрсөтүп. Марипа мени жалт карады. Жүрөгү сезди колго түшкөнүн. Бирок тынчсыздануусу тыпыйып ичине катып жатканы, эмне кылар экен, эмне болор экен деп окуянын аягын күткөнү, көз карашынан, бейкапар болгонсуп, мага сыр бербегенсип, жай сүйлөгөнү-

нөн даана эле байкалып турду. Турмуш тирешүүсү тирүүлүктө түгөнбөйт, улана берет, жашай берет, кыйнай берет, оңдойсуң, кыйратасың!

Мына, күн мурунтан даярдап койгон үйүмө да жеттик. Айдоочу аларын алды да шып этип жөнөп кетти. Экөөбүз калдык.

– Каерге алып келдиң мени? – деп таң кала сурады кыз. Ага ачыгын айта салуу али эрте. Бул жан далбастаткан кыйын кырдаалдан кантип чыгам? Оюм оңго, санаам санга бөлөнөт! «Майрамдык маанайды майдалап, талкалап, ташын талкан кылып, башыма оор жүктү үйүп албагай элем? О, кудай!». Бөдөнөдөй жорголойм, өзүмдү балээден корголойм! Эгер кыз үйгө кирбей койсо: Сени аялдыкка алып келдим, баш кошкону бүгүнкү күндү күттүм эле, ошол мезгилге туш келдик!» – десем, көнөбү ошого? Чаң салсачы? Олдо кудай-ай, мурда эле ушул маселенин башын чечип алсам болмок! Күлүп койсо, жакшы сүйлөп, жолдоштук, санаалаштык, тааныштык иретинде мээримдүү мамиле жасаса, ошого эле кубанып, сүйүнүп калды деп, өпкөндү колтуктап, өйдө-төмөн чуркап жүргөн бир акмак болуп калбайын? Ошондой болушу да толук ыктымал? Андан шек саноого болбойт! Кыз кыялы ар кыл: наристенин наздуу нарктуу кыялындай, жазга маалкы жамгырдай! Эркектер пайгамбар эмес, кудай аны күн мурунтан билип алгандай! А балким кыздардын өздөрү да билбесе керек өзгөрүлмө өнөкөттөрү бар экенин. Жаратылыш жараткан нерсенин, мүнөздү, жорук-жосунду жогото албайсың! Ал сени ээрчип, жандап, алдап, кээде колдоп, ишиңди ондоп жүрө берет.

Дал ушундай уйгу-туйгу ойлорго оролуп, чырмалып, чыдамым кетип турган кезде, кычашкансып, өчөшкөнсүп, азыраак кызып алган мен куралтуу жигит жаныбыздан өтө берди, жөн эле өтө бербей, тийиштик кылып, тилин тыйбай, бизди сыйлабай: «А-а, гүл кармаган сулуу кыз, Жаңы жылыңыз ме-

нен!» – деп кыжырга тийе баштады. Марипа: «Ырахмат!» – деди артка кетенчиктей берип. Тиги жигит кызга ого бетер жакындап, гүлгө колун сунду:

– Жыттатып койчу, секетиң кетейин! Жакшынакай гүл экен! Жаңы эле үзүлгөн окшойт? Жыты сонун экен буркурап! Ох, кандай сонун, кандай жыргал!

Марипа эми боюн мага ыктады: «Жолуңуздан калбаңыз, жаш жигит! Жөнү жок жакжаңдай берсеңиз, жаңы жылдык маанайыңыз бузулуп каларын унутпаңыз!» – деди маданияттуу маанайда мамиле жасап. Жигит буга көңүл бөлбөдү: «Бузулбайт! Эмнеге бузулат эле? Менин маанайымды эч ким бузган эмес, бузбайт дагы! Секетин кетейин, келчи эми, жыттатып койчу бир эле жолу?»

Чыдамым чектен чыкты: «Эй, жигит, жанатан бери унчукпадым, – дедим анан алдын тосуп, боюмду боюна тиреп туруп. – Жетишет, жолуңа түш!»

– А-а, сен бар белең биякта? Кимсин өзүң? – деп ха-ха-лап күлдү. Чыдоонун да чеги болот эмеспи. Жигиттик ар-намыс канды кызытты. Тумшуктан ары бир коёрдо, Марипа ортого түшүп калды:

– Малик! – деди ал мени колдон кармап. – Антпе, кереги жок! Жүр үйүнө кирели! Кана, башта! Үйүң кайсы? – Мен дароо өзүмдү токтоттум. Мынчалык тез, кирпик ирмем убакыт өткөнчө, бир бүтүмгө келүү кезеги өмүрүмдө биринчи жолу болушу. Адатта, адамзат мынчалык тез чечимге дайым келе койбойт. Марипанын: «Жүр, үйүңө кирели! Үйүң кайсы?» – деген сөзү тим эле кулагыма шаңдуу жаңырып, сонун угулуп, денемди жибитип салды! Азыркы ачууланып, кыжырданып жаткан, жабыркаган жаным, жагалданып, жылдыз сымал жаркырап, алоолонгон оттой күйүп-жанып кетти! Ачууну, таттуу сөз, татынакай көз жеңди! Бирок, анткеним менен, баары бир кызыкчылык, ич күйдүлүк, эркектик намыс менин денемен таркай элек болчу. Мени каратып туруп, менин көзүмчө, мени көзүнө илбей, тоотпой туруп, жаным-

дагы жароокериме жабышкан жигитти жеп-жуткум келип турду! Колун карыштыра кармап, карга башын тыгып, көчүккө бир-эки тээп, телебай тентектигин экинчи жолу кайталабай турган кылып коюу менин колумдан келет эле! Өзүм да турмуш тоскоолдуктарына туш келе берип, чалдыгып, мүдүрүлүп, кайра туруп, кайра жыгылып, жашоомо наарazылык күчөп жаткан кез болчу! Мушташууну жашыман жакшы көрөм! Дал азыркы учурда ошол адаттарымды эңсеп, эстеп, ээлигип да кеттим! Ага шылтоо табалбай жаткан. Балдар үйүндө мушташа берип, таяк жеп, таяк жегизип, терим катып калган. Таймашуудан тажабайм, ыгын таап ыйлатууга, басынтууга, баш ийдирүүгө шыгым бар. Бирок эми, азыркы, мына ушул үчүн сыналчу жооптуу мезгилде, ачууну жутушум керек экенин түшүнүп, анын үстүнө Марипанын: «Жүр, үйүнө кирели!» – дегенине эрип жатпаймынбы. Сүйгөн кыздын алдында ызалануу, кор болуу, жеңилүү, кимдир бирөөгө көз каранды болуп туру, бул жок эле дегенде – өлүм менен тең! Мындайга ар кандай эркек жол бербейт!

– Эй, өзүн баатыр сезген жигит, ушунчалык эле кыйын болсоң, башка күндү белгилейли, макулсуңбу ушуга? – дедим аны шылдыңдагансып күлүп.

– Мен анчейин гана азилдештим, ага капа болбогула! – деди тиги жигит эми өзүнө келе калгансып. – Майрам эмеспи, кичине кылт этип алдым эле! Бирок, бул жеңилүү, баш ийип берүү эмес. Мушташа турган күндү өзүң айтып калдың, мейли, мен ага каршы эмесмин. Кайсы күнү, каерде кайсы убака жолугалы, айт, качпайм мен!

– Койгулачы жанжалыңарды! – деп Марипа мени жетелеп баратып:

– Айтпайсыңбы, үйүң кайсы? Эмесе, мен үйүмө кетемин! – деди ызаланып. Мен Марипаны колтуктап короого карай бастым. Тиги жигит өз жолуна түштү.

– Марипа, мына келдик үйгө! – дедим каалганын кулпун ача берип. Кыз алдыга басты. Ичкери кирди. Босогодон ары аттар менен, бөлмөгө көз чаптырды да делдейип туруп калды. Дубалдары тешилип, качандыр бир убактарда кагылган узун, жоон мыктардын орду оркоюп турат. Бөлмөгө от жагылып, жылуу болуп турганы менен, жүрөк жылыш керек да!

– Марипа...

– Эч нерсени айтпай-ак кой, баары түшүнүктүү! – деди кыз бетин басып. Эми мындай мезгилде эмне демекмин? Кантип жоошутамын? Менин дагы башым маң. Үйдү таап, кызды алып келип алып, эми: «Башым маң!» – дегеним кандай? Кызык! Ушу менин «кызык» деген сөзүм качан түгөйт? Кызыктар боло береби? Токтотуш керек эми ошол кызыктарды! Же мен атайлап жасап жатамбы бул кызыктарды? Тагдырыма туш келсе айла канча!

– Марипа...

– Мага азыр эчтекени айтпа, жөн кой, өз абалыма кой! – деди Марипа.

– Өзүң бил, өз ыктыярың. Кааласаң...

– Ий, кете бер дегени турасыңбы?

– Жо-ок! – Мындан башка сөз айталбадым. «Мен сени сүйөмүн! Жакшы көрөмүн!» – деп ушул азыр айтсам болот эле. Менде андай пейил жок, мен антип сүйлөп үйрөнгөн эмесмин. Өзүмө өөн, жат, ылайыксыз учураган сөздү зордоп кантип айтасың? Коошпойт! Колумдан келбейт. Мен жактыра турганымды, жакшы көрө турганымды жашоо жолунда көрсөтөмүн! Андай туура келбеген, жүрөгүм каалабаган, тилим барбаган сөздү бирөө мажбурласа да оозума албаймын! Жакшылыктын жышааны менин көзүмөн, кыздын көзүнөн көрүнүп турат! Эки жүрөк сүйлөп, сүйүнүп, кубанып, бир-бирин жактырып, жакшы көрүп, жаштыктын дегдеткен демин, добулбасын кагып турат! Мындан башка дагы эмне керек? Кереметтүү көз караш мени өзүнө тартат!

Нике кыйыш керектигин ойлоп:

–Коркпой отура бер, мен тез эле келем! – дедим.

–Сыртка чыктым. Караңгы. Кар лапылдап жаап жатат. Ак туман бул караңгылыкты кууп, жарыктыкты жер бетине жайылтуу аракетинде болгонсуп, ага ак, аппак кар жардамдашып, тебеленди бозомук тартып турганына карабай, баары бир көчө-гөй жарык деп айтса болгудай. Бул жакка жаңы көчүп келгендиктен, колу-коңшулардын эч кимисин таанбайт элем. «Чоң көчөгө чыгып, такси кармайын, айдоочудан сурайын, алар билишет, жардамдашат!». Мына ушул ой мээме келе түшкөнүнө өзүм да таң калдым. Тызылдап жөнөдүм, бутум-бутума тийбейт, кар бетке урат. «Мен келгенче кетип калбагай эле» – мендеги кыжаалатчылык ушул гана. Машиналардын ар түрдүүсү кым-куут өтөт ары-бери. Көп деле күттүрбөдү, токтоду. Айдоочуга аңгемемди анча узартып отурбай, кыскартып, ток этер жерин түшүндүрдүм.

– Отур! – деди ал. – Табабыз молдону! Камсанаба, жүрөктү кыспа! Жакшы кабарын бар экен, мандайга жардам бербесе болобу? Тээ шаар четинде мен тааныган молдо бар. Уулумду үйлөгөндө ошо молдого баргамын. Акчаң жетеби жол кирege? Кээде колго түшүп, жалак калмайыбыз бар.

– Жетет акча! Айдай бериңиз, байке!

– Сен отуруп тур, – деди айдоочу жеткенибизде. – Азыр алып чыгам.

Менин ичим уйгу-туйгу: «Кетип калбаса экен?». Ана, короодон ээрчишип эки адам чыкты. Зымырап жөнөдүк.

– Байке, – дедим шаарга киргенде, – кийим сатуу дүкөнгө токтой кетеличи? – Айдоочу буга макул болду. Чуркап, жолдун аркы бетиндеги дүкөнгө жеттим, ичкери кирип, аралай баштадым. Марипага деп арнап, тигилүү көйнөк, кыш күндөрү суукта салынат деп жүн жоолук сатып алдым. Ана, эң жакшынакай пальто илинип турат. Марипага чак келерин, ал сүйүнүп каларын билип турам, бирок акчам жетпейт, өтө

эле кымбат экен. Айдоочуга, молдого беришим керек, эртеңки күнү тамак-аш деген бар, эми жалгыз жан эмесмин талаадан тамактанып жүрө бергидей, үнөмдөйүн, бышык болоюн.

– Кеттик, байке! Соода бүттү! Тезирээк айдаңыз!

– Э-э, андай болбойт иним, жол тайгалак!

Жетип келдик. Чырак жагылуу турганын көрө коюп, сүйүнүп кеттим! Ичкери кирдик. Марипа ордунан тура калып меймандар менен учурашты. Дасторкон жайылды, чай ичтик, анан нике окулду. Айдоочуга, молдого акча узаттым, жөнөп кетишти. Үйдө эт жүрөгү элжиреп, делдиреп, акыл-ээси алда кайда адашып, шашып отурган эки жаш калды! Дубалдарына узун, жоон мыктар опсуз кагылып, анан суурулуп, дагы башка бош жерине кагылып, дегеле тамтыгы кеткен төрт дубал бул эки жашка кооз көрүндү! Мебелдери, туш кийиздери жайылып, тизилип, дивандары даңкайып дубалдын көркүнө келтирип тургансып туюлду эки жашка! О, күмүш, алтын жалатылган мойну кооз моймолжуган пияла-чайнектер, хрусталь вазалар! Шөкөттөлгөн шкаф, шифанерлер! Көздүн жоосун алып, таң калтырып, эсти оодарат! Кичинекей бир бөлмө, сыз жер, көмүрдүн начардыгынан быкшып күйбөй жаткан көмүр, каалгадан куулдап соккон муздак шамал эки жашты ичиркенткен да, көңүлүн иренжиткен да жок! Аалам алаамат сонун!

Жүн жоолукту Марипанын башына салып жатып:

– Жаңы жылың кут болсун! Экөөбүздүн үйлөнүү тоюбуз ушул болсун! – дедим.

Марипа ыйлап жиберүүгө аз калды, өзүн-өзү эбегейсиз зор күч менен, эрк менен, сабырдуулук менен токтотуп турганын даана сездим! Азыр ички ой-пикирин, ызасын, арзууларын мага айтса эле иш бузулганы турат! Мага деле оңой эмес экенин ал билди, ушул билүүсү, сезе алышы менен мага жардам берди, көмөк көрсөттү! О, жараткан, бир-бирин колдоо, түшүнүү деген ушул болот! Менин деле жүрөгүм эзилип, өпкө-

боорум тешилип, арманым ашып-ташып турганым менен, ишти өзгөртө албаймын, болгону, маңдайыма жазганы, бешенеме бүткөнү ушул! Бирок мындай көр турмуш убактынча экенин экөөбүз тең эң жакшы түшүнүп, түпкүлүгү түзүк болуп кетерине көзүбүз жетип жатты азыр! Мына ошондуктан, бош келбедик, моюн бербедик!

Сыртта лапылдап кар жаап турат. Чырак өчүрүлгөнү менен, терезеден түшүп турган ак, аппак кардын жарыгы биз жаткан жерге тип-тике тийип, ак шейшепке чагылып, экөөнүн өңү-түсү окшош болуп, айырмасын ажырата албай калдык. Ушул эки ак, аппак касиеттүү көрүнүш биз менен бирге жатты. Биздин көрүп жаткан ырахатыбызга, кызыгыбызга ортоктош, шериктеш болду! Бардыгы шайкеш келип, шаан-шөкөттөр, шаңдуу обондор биздин жан дүйнөбүздө гана болуп жатты! Ышкы оттору бардыгын жеңди! Бул түн, жаркыраган Жаңы жылдын түнү эле! Бул түн, бейкутуктун, бейпилдиктин берешен, берекелүү түнү эле! Бул түн, болочокто боло турган бараандуу бакыттын башталышы болчу, башаты болчу!

О, өмүр-дүйнө! Анан мен кантип Жаңы жылды көрбөйүн?! Жаңы жылды тоскон сайын, ошо ооматтуу түн, алтын түн эске келе берет!

Биз ушуну менен тынып-тынчып калган жокбуз. Антүүгө мүмкүн да эмес. Турмуш-тиричиликтин гөйгөйүндө тынчтык болбойт, улам жаңылары чыгып, аны теске салсаң, кайра бөйрөктөн шыйрак чыгарып, чычалатып, чыгымды көбөйтүп, чыр-чатакты үйүп үшкүрөт, тизеңди калтыратып, белиңди ийип, кабырғаңды кабыштырып башыңды маң кылат, акылды адаштырат. Бирок бүгүн бүгүлсөк, эртең бойду түздөйбүз, күлөбүз, жакшылыкка дуушар болобуз. Аалам агымы ушундай, тиричилик түйүнү чечилип кайра чырмалып бара берет.

– Жеңелерим мени издешип, артыман кууп келишет! – деп Марипа тынчсыздана берсе, мен аны минтип жоошутам:

– Мейли келишсин. Анын да бир айласын табарбыз. Мурда, буга чейин арабаны жалгыз тартчу элем, азыр экөө болуп калбадыкпы. Акылдашып, кеңешип иш тутабыз. Көп эле тынчсыздана бербе. Алар деле түшүнөт.

Айткандай эле арадан тап-так үч күн өткөндөн кийин жеңелери жетип келишти. Үйүбүз каерде экенин кантип билип жүрүшөт булар!

Түш ченде чай ичип отурсак, каалганы кимдир бирөө каккылап калды. Марипа турмушка жаңы чыккандыгына байлыныштуу бир жумага жооп алып, азыр үйдө эле. Дем алыш күнү болгондуктан, мен жумушка барган эмесмин. Марипа менден мурда ордунан шып тура калып, сыртка кайрай лепилдеп басты. Калганы ачаар замат, жеңелерин көрүп, алардын бутуна жыгылып, ыйлап жиберди:

–Кагылайын жеңелерим! Кечиргиле мени! Мен айыптуумун!

– Тур ордуңан! – деди улуурагы. – Бетсиз! Уятсыз! Эмне, жаш эле туруп, эрсиреп кеттиңби? Жашабай жатып, күйөө, турмуш деген эмне экенин кайдан билесин сен? Тымпыйып алып, далайча бар экенсиң, ээ? Тур ордуңан, көзүнө келгир. Дагы уялбай ыйлап коёт бышактап!

– Жеңе, кечирип коюңуз! – дей берди. Мен жаштык кылдым! Билбестик кылдым! Жаңылдым, жаздым! Кечириңиз, жеңе!

– Бизге бир ооз айтсаң болбойт беле? – деди экинчи жеңеси.

– Кантип айтам?

– Ошентип эле! Мунун эмне уяты бар? Күйөөгө качып кетүү уят эмес, жеңелерин менен кеңешип туруп иш тутуу уятбы? Бас, үйгө! Алдыбызга түш! Байкең алып келгиң деди! Билесиң го анын пейилин!

– Барбайм! – деди Марипа жанагыдан үнүн чечкиндүү чыгарып. – Барбайм! Кайсы бетим менен барамын үйгө? – Марипа ордунан турду эми. Көз жа-

шын сүрттү. Жалынып-жалбаруудан майнап чыкпасын билди белем, кайым айтышууга өттү. Марипа мындай чечкиндүүлүккө барат деп мен дегеле ойлогон эмесмин. Анын сөздөрү жөндүү, ынанымдуу болуп жатса да, жеңелери аны түшүнгүсү жок.

– Кара муну, тирмезек десе, тикилдеп тили «буудай кууруйт» го, ыя? Сенде мынчалык өнөр бар экенин ушуга чейин билбептирбиз. Бардыгын ичиңе катып жүргөн экенсиң да, ээ? Тарт тилиңди! Бас, жаагыңды! Астыбызга түш! Барасың, барбай-ак көрчү! Тим элеби, чачыңан сүйрөп болсо да алып кетебиз!

– Барбайм! Антип алып кете албайсыңар! Мени эч ким зордогон жок, өз каалоом менен келдим. Биз мурдатан эле сүйлөшүп жүргөнбүз. Эми болдубу? Дилимдеги сөзүмдү уктуңарбы? Ошол, ачыгын байтканым ушул! Эгер буту-колуман байлап алып кетүүгө аракет жасасаңар, бакырамын!

– Ой-бо-оой! Сен баягы Марипасыңбы же башкасыңбы? Ушул үч күндүн ичинде таанылгыс болуп өзгөрүп кетипсиң го? Же башка үйгө кирип келдикпи? Адаштыкпы? Өңү-түсүң Марипага окшойт, тилиң башка!

Арага мен түшпөсөм болбой калды.

– Жеңелер! Койгула эми! Марипа, сен дагы ачууга алдырба! Кана, келгиле, төргө өткүлө, отургула! Кеңкесири отуруп сүйлөшөлү, таанышалы!

– Ий, күйөө бала, жанатан бери кайда элең кел тур дебеген? Биздин кызды азгырган сенсиңби? Сен кимсиң өзү: татарсыңбы, казаксыңбы, кыргызсыңбы? Ата-энең барбы деги? Кайсы жерлик болосуң? Иштейсиңби? Окуйсуңбу? Үй-жайың барбы? Татынакай кызыбызды ушундай үйгө кантип алып келдиң? Кор кыласың. Түптүү турмушуң болбогон соң, эмнеге үйлөндүң? Баш-аягыңды карап иш тутпайсыңбы? Эгер, «кыңыр иш кылып, кыл жип менен бууп», «ишим бүттү, кайдан көрдүм кара эшек, жолдо көрдүм жоор эшек» деп кызды таштап кете берчү болсоң, айтып коёлу алдын ала: Каматып салабыз!

– Жеңелер, адегенде жакшылап таанышып алалычы. Чай ичкиле, даам ооз тийгиле, дем алгыча, ачууңарды таркаткыла!

– Капырай, мунусу да акыл үйрөтө баштады го? Ой, биз силерге акыл үйрөнгөнү келген жокпуз: кызыбызды алып кеткени келдик!

– Жеңе... – деп арасына Марипа аралашты. – Бир ачууңарды бергиле бизге? Аркы-берки сөз өтсө, кечиргиле! Кана, нанга карагыла, чайдан ууртагыла!

– Алигиден... – деп мен Марипага ишарат кылып койдум эле, алып келе бер дегенчелик кылып белги берди.

– Үшүп да калгандырсыңар, жеңелер! Ушул отурушубуз үйлөнүү үлпөтү деп эсептейли! Жакшылык тилейли! Бизге бак-таалай тилеп койгула! – деп стаканды сунду. Үндөбөдү, жер карап тим болушту.

– Жеңетайларым! Айланайын, үргүлөйүн алтын жеңелерим, алгыла эми, алып койгула ушуну! Бизге каалооңор болсо айткыла! – деп Марипа дароо жарк этe күлүп, стаканды өз колу менен сунду жеңелерине. Албаска аларда айла калбады. Ал аңгыча тамак да бышты. Сый тамак аяктаган соң. Марипа:

– Жан бергем жеңелерим! Аз болсо да көптөй көрүп ушуну кийип кеткиле! Ананкысы дагы болоор! Байкеме түшүндүрүп айткыла! Капа болбосун! – деди.

Ушуну менен жеңелерди колдон келишинче узаттык.

* * *

«Колдо Эгем! Эми бүгүн тынчыраак уктаар бекем? Ансыз да азап-тозокту көп көрүп келгем!» – деп жумушума баратып да, келатып да кудайдан тилей берем. Кээде тилек ишке ашат экен, кээде бөөдө кетет экен. Ошо, жеңемдер келгенден бир жума өткөн соң, иштен келсем жашы 50лөрдөн ашып калган, орто бойлуу, кызыл жүздүү аял, Марипа экөө чай ичип

отурушуптур. Адегенде тааныбай, коңшулардын бирөө болсо керек деп, көңүлсүз, салкын гана саламдаштым.

–Күйөө бала ушулбу? – деп тиги аял мени таңыркай карады.

– Малик, – деди Марипа мени тааныштырып, – бул менин апам. Жумгалдан кечөө келиптир.

– Э-ээ, жакшы болгон турбайбы! Келиңиз эне! – деп кол бердим. Ал-ахвал сураштык. Андан башка сөзгө өтпөдүк.

– Кызымды алып кеткени келдим! – дей салса болобу энем. Төбөм лукулдап чыкты, үстүмө дубал кулагандай болуп, эч-учумду жоготконсуп, дендиректей түштүм. Жеңелери алып кетем дегенде, ага анча этибар берген эмесмин. Бирок, өз энесинин оозунан уккан ушул уу чачкандай сөз, укмуштуудай терс таасирин тийгизди. «Демек, чын эле Марипадан айырылат экенмин!» – жандүйнөм аңтар-теңтер болду. Акыры булар мени соо койбойт тура? Алчусун алат тура?

Кеп кайтарбадым. Башымды мыкчып отура бердим. Көзүм тунжурайт, кулактарым зыңылдайт, башым тең жарылып кете тургансыйт.

–Марипа, анальгин барбы? – дедим араң үн чыгарып.

– Силердин түбөлүктүү жашооңорго көзүм жетпейт. Ата-энең жок болсо, там-ташың жок болсо, анан эмне үйлөндүң? Ойлонуш керек адам деген. Кой балам, кызымды кор кылып коё элегиңде, эсиңди тап, этегиңди жап! Сени сотко берип, каматыш керек болчу, бирок жетим экенсиң, аядык!

– Малик, бир нерсе десеңчи? – деп Марипа жалооруй карады. Анальгинди ичкен соң, бир аз эс ала түштүм. «Айтып, аракет кылып көрөйүн!» – дедим өпкө-боорум аңтарылып: «Жалынамбы, жалбарамбы?» – деп ойлоп.

– Эне..! – Ээгим эпке келбей, эмне дешти билбей: – Эне...! – дедим дагы бир жолу. – «Кагылайын кайын энем! Мындай кылбаңыз! Сиз мындан ары өз апамдын

ордуна өз апамсыз! Менде арам ой жок, биз Марипа экөөбүз түбөлүккө бир жашайбыз! Ишенип коюңуз буга!» – деп өз ичимен ойлогон мына ушул тизмектелген сөздөрүмдү тышка алып чыга албай кыйналдым.

– Мен билип турам, – деди тиги киши, – айтаар оюңду кеп-сөзүңдү! Кызым али жаш, 18ге эми чыкты. Жаш неменин башын айлантып алыпсың. Жалынганың, жалбарганың ал куру сөз! Эмне карап турасың? – деп анан Марипага кайрылды. – Тур ордуңан, жүр кеттик! – Денем «дүрр» этти, оюн эмес экенин түшүндүм. Эми катуураак аркет кылбасам болбойт окшойт? Шоңшоюп отура берсем, шорум катары көрүнүп, билинип эле турат. Жанагы ичимдеги тышка чыгара албай жаткан ой-пикирди тартынбай айта салдым:

– Кагылайың, айланайың жан энекем! Бизден каталык кетсе, кечириңиз! Айыпка тартпаңыз! Күнөөлөбөңүз! Бутуңузга жыгылып таазим кылабыз! Эки жаштын жакшы жашоосуна ишениңиз! Алып кетпеңиз? Марипанын сизге азыр айта албай кысылып, тартынып, уялып жатканын өзүңүз деле сезип, билип турасыз! Анын ордуна мына мен баарын айттым! Эми эрк өзүңүздө! Бийлик колуңузда!

Энем бир аз жоошуй түштү:

– Жакын санаалаш тууган-уруктарың деле жокпу?

– Жок! Илинер иним, аталаш агам да жок!

– Мындан келди, тоголок жетим экенсиң да, шордуу?

– Ооба, энеке-бай! Ошондоймун! – Бир аз жибигенсип калгандай сезилип кетти, үмүт пайда болду, ичимен кудайлап, тыпырап, тынчым кетип турду. Жок! Бул үмүттөрүм текке кетти! Азыркы эле сүттөй жарык берип турган ай, заматта булуттун арасына кирип кеткенсип, бөлмө ичин караңгылык каптады.

– Эне-бала чыгып кетишти. Үй аңгырап ээн калды. Чөгөлөгөн бойдон, чөк түшкөн бойдон, кош алаканым менен бетимди жаап, оор үшкүрдүм! Көз кычыгынан буурчактай тоголок жаш кулап, алаканымды суулап

салды. Мен үнүмдү чыгарып өңгүрөгөн жокмун, өпкөм толуп турса да өзүмдү бастым, баскан менен, ички жандүйнөмдүн бардыгы кан какшап, эзилип, жанчылып жатты, жаратканга жалынып, жан соогалап, жаш жүрөгүм күйүп-жанып жай табалбай жабыркады!

Ичимен ириң өтүп, илкий басып, көчөгө чыктым. Каалгага кулпу салганды да унутупмун, аны тээ алыстап калганда анан билдим, артыма кайтпадым: «Эмнемди алар эле? Дүр-дүйнөм бар беле?» – деп шилтедим. Эми мага төрт тарабым такыраган талаа окшош көрүнүп турду. Кайда баратам? Белгисиз. Чоң жолго барганда, ары-бери өтүп элдин кыймылын көрүп, саал алаксып, өпкөмдү токтотуп, өзүмдү жыйнап алдым. Заводдун жатаканасында үйлөнгөнгө чейин бирге жатып жүргөн теңтушум Дайырбек Дооронов эсиме келе калды. Ошол жакка бет алдым. Эленси болсо да теңтушубуз, тең курактагы жигиттербиз. Ал экөөбүз университетке экзаменди бир тапшырып, өтпөй калганбыз. Эми ал келерки жылы Харьковдогу учуучулар окуу жайына барамын деп жүрөт. Керебетибиз катар коюлгандыктан, мен ага башыман өткөн окуялардан айтып берип, боорун катыра күлдүрчүмүн. Анжиянда бир өзбек кишинин үйүндө жүрөмүн, көчөдө тентиген жеримен жолуктуруп, үйүнө ээрчитип келген, нан саттырган. Себетке толтура салынган дандыр нанын төбөмө коюп алып, тар, чаң, ийри-буйру көчөлөр менен жүрүп отуруп, элдин көп жерине, ашкана же чайкананын кире беришине барып:

«Ысык нан келди! Алып калың! Мына ысык нан! Сейдана кошулган, каймак шыбалган шырман нан! Келип калың! Алып калың!» – деп кечке, нан сатылып бүткөнчө кыйкыра берчүмүн. Мен мурдараак сатып бүтсөм, жанымдагы катар отурушкан балдар, кыздар мени жек көрүшүп, кийинки күндөрү жанына жолотчу эмес. Курсак ач, үйдөн тоё тамак жебегендиктен, моюнумду ийрендетип себетти көтөрүп баратып, нанга колумду узатып, бирди, кээде экини жеп

койчумун. Жо-ок, жеп койчу эмесмин: төрт бүктөп оозума салчумун да, аны жутпай, шимип, соруп жорголоп кете берчүмүн! Ошондогу нандын шириндиги, таттуулугу, бал, шекер өңдөнүп, табитимди козгоп, дагы болсо экен дедиртип, дегдетип, эңсетип, эсимди эки кылганычы! Ал күндөр дале көз алдыда!

Дайырбек буларды угуп, боору катканча күлө берер эле, туруп алып да, жатып алып да күлө берер эле! Анан кайра тез эле мотоё түшүп, башын чайкап: «О, Малик, сен далайды көрүптүрсүң! Аянычтуу да, күлкүлүү да экен!» – деп калар эле. Ал өзү Таластык жигит, согуштун азабын тарткан, кыйынчылыктарга баткан, бирок менчелик эмес, «энелүү жетим эрке жетим» эмеспи. Атасы кан майдандан кайтпай калган.

Дайырбекке дайынымды, жөн-жайымды айтып, аны аяктап бүткөн соң:

– Ойлогон оомат, дегдеткен дөөлөт – даяр болуп, колуңа конуп бербейт! Даяр эч нерсе жоктугун, башыңан көптү өткөргөн жигит катары сен түшүнүшүң керек! – деди адегенде эле. – Түшүн, сени минтип айтуу менен айыптагым келбейт: менимче алар бир аз каталык кеткен, сени коркутабыз, ушундай кылсак эсине келет, көзү ачылат, тарбия-таалим алат деп ойлогон. Бирок антип ойлогону менен, катуу да кеткен. Баарын көтөрөсүң айла жок! Башыңды ийип тура берүүдөн башка жол жок!

– Билбейм... балким сеники туурадыр? Аягына чейин чыдай турайын, күтө турайын!

– Кыздын агасы университетте мугалим дедиңби?

– Ооба. Бирок ал кишиден шек санабайм, ал андай адам эмес, түшүнөт!

– Бакытка, ийгиликке, байлыкка адам өз күчү менен жетишкени жакшы болот. Кудай бирөөгө жалдыратпасын! Ишиң түшкүлүк кылбасын! Менин бактылуу болушума кимдир бирөө себепкер болсо, демек мен ага жүгүнүп, кошомат кылып турушум керекпи? Анда мен өзүмдү паска чапкан, жөрмөлөгөн, чабал, жүүнү

бош адамга теңелип калбаймынбы? Эмне, андайларга сыйынып, кудайымдай көрүп, идеалым деп таанып, өзүмдү четке каккан болуп калбаймынбы? Жо-ок, бул менин табитиме туура келбейт! Мисалы мен дүйнөнү дүңгүрөткөн даанышман же дөөлөттүү киши болсом, ага өзүмдүн күчүм, акыл-эсим нервим кетти! Балбан билек, баатыр жүрөк менен ошо деңгээлге жеттим! Эрктин күчтүүлүгү, мүнөздүн туруктуулугу, сабырдуулугу жеткирди мындай бийиктикке! Чынбы? Көкүрөктү, көөдөндү көтөр, Малик!

Шаардагы менин эң жакшы көргөн жерим – Дзержинский бульвары эле. Кыжаалатчылыкты таркатыш үчүн кеч кирип, каш карайганча ушерде ары-бери басып жүрдүм. Күн батаар маалда кар басылып калган. Ары-бери өткөндөрдү карап, жайма-жай отурсам, алдыма бир жаш жигит келди да: Ширеңкеңиз барбы? Күйгүзүп алайың? – деп кайрылып калды.

–Мен чекпейт элем.

–А-а, анда кечириңиз!

–Эч нерсе эмес!

Ордуман туруп Панфилов атындагы эс алуу багына карай бет алдым.

«Ашканага кирип кайгымды жазып алсам кантет?» – деген ойго жеңилдим да, көпчүлүктүн арасына барып отурдум. Жүз грамм өткөндөн кийин өзүмдү жеңил сезип калдым. «Атасынын көрү, – дедим кол шилтеп, – акыры бир кеп болор, ушуга да ойлономбу эми?» – деп дагы ошончону жуттум. Ого бетер сөөгүм жибип, көңүлдүү боло баштадым. Напси балээ дагы тилеп-сурап турду. Өзүмдү-өзүм кармадым. Эми кайтайын деп ордуман тура бергенимде: «Мүмкүнбү жаныңызга отурууга?» – деп бир жаш жигит колуна эки кружка пиво көтөрүп келип калды. Жалт карай салып тааныдым: Жаңы жылдын алдында, 31-декабрь күнү бизге тийиштик кылган жигиттин өзү. Ал дагы дароо тааный коюп, бир азга сестейе түштү. Экөөбүздүн кимибиз биринчи болуп сөз баштообуз керек экенин бул жерде талдап отуруунун да кажети жок эле. Би-

рок ички каршылаш, уйгу-туйгу сезим куч алып турганы менен, сыр бербөө керектигин экөөбүз тең түшүнүп турдук.

– А-а, сенби? – дедим биринчи сөз катып. – Отур, жай бош!

– Саламатсыңбы? – дей тиги эпилдеп. – Мени тааныдыңызбы?

«Эми биз мушташат окшойбуз?» – деп ойлодум ичимен. Азыр мага ушул эле жетишпей аткансып, жолум болбой, ушуга окшогон икир-чикир, көңүлсүз, күтүлбөгөн окуяларга кездеше бергениме наараазы боло түштүм.

– Таанбай анан... – Бир топко үн катпадык. Тиги жигит бир кружка пивону дем албай жутуп жиберди. «Кана, күтүп турайын, кандай сөз чыгар экен?» – деп күттүм. Ал менден жашыраак көрүндү. Эгерде муштапсак, мен деле бош келбейм.

Бирок мүмкүн болушунча сылык-сыпаа мамиле жасап, жаңжал чыгарбоого аракет жасаш керектигин түшүнүп турамын, ансыз деле иштерим чаташып жатат. «Гүл кармаган кызга тийиштик кылган жигит сен белең?» – дедим мыйыгыман саал жылмая берип. «Дал өзү!» – деп тиги да бош келбей жооп берди. «Ал менин сүйгөн кызым эле. Ошол күнү үйлөнмөк болчубуз».

– Үйлөндүңөрбү анан?

– Ооба.

– Куттуктайм!

– Ырахмат!

– Мен ошондо бир аз... жо-ок бир аз эмес, жакшы эле кызуу элем. Кечирип коюңуз, байке! «Түзүк жигит окшойт? Бекерден оройдой бербейин» – деп этияттап мамиле жасадым: «Эч нерсе эмес, иним!»

– Жүздөн аталы, байке?

– Мен жанатан бери ичип отурдум эле, болду!

– Антпеңиз, жарашкандыгыбыз үчүн алып коёлу аз-аздан. Менин атым Артур. Политехникалык институттун 3-курсунда окуймун, көлдүк болом.

– Менин атым Малик. Эт комбинатында жүк ташуучу болуп иштейм.

– Мына байке, жакшы болду. Таанышып алдык. Мен азыр...

Артур тез кайра жетип келди.

– Кана алып жиберели! Жылда жаңы жетишкендиктерге ээ бололу!

Алдык. Ич кызыгандан кызый берди. Үстөлдүн үстүндө кургатылган балыктан башка эч нерсе жок. Сөзүбүз да тим эле бир бирине коошуп, көптөн бери көрүшпөй сагынышып калган эски достой боло түштүк.

– Эмне капасыз, байке? Капалуу кишидей көрүнөсүз да?

– Ажыраштык!

– Ажыраштык? Кантип? Бир ай өтпөй элеби?

– Ошондой болду!

– Жакшы кызга окшоп көрүндү эле?

– Айып кызда эмес. Жашың канчада иним?

– 21де.

– О, менден кичүү турбайсыңбы? Мен 23төмүн.

– Байке, дагы бирди алып келейин?

– Жо-ок иним болду, жетишет!

– Ушуга чейин ысмыбызды сурап-билип албапбыз?

– Фамилиям... Мырзалиев, атым... Малик!

– Менин фамилиям Жаныбеков, атымды билесиз.

– Мына, таанышып да алдык! Эми кайтышалы, үй-үйүбүзгө кетели, иним!

– Өзүңүз кете аласызбы?

– Кете алам! – Темтеңдеп, бутту араң шилтеп, караңгы көчө менен бараттым.

* * *

Кайнагамдын куттуу үйүнө эртеси дагы бардым. Марипаны көрөр менен кубаныч, сүйүнүч денеме нур, шоола чачкансып, толкундап кеттим. Жумгалга алып кеттиби деп сар-санаа тарттым эле. Марипа да башын ийкеп, ууртунан жашынакай жылмайып, жүрөгүмө

от жагып, алоолонтуп, жандырып, күйдүрүп жиберди! Бул кереметтүү көз караш мени чулгап, ороп, кайырмакка салып алды! Кыз кезиндеги сүйүүм сүйүү болуп калыптырбы?! Андан ашып түштү! Андан күчтүүлүк кылды! Азыр анын тулку бою басканы, көз карашы, кыймыл-аракеттери кереметтүү, касиеттүү көрүнүп, мен мындай асылзатка кантип, кандай жол менен жеткенимди билбей, ага акыл жүгүртө албай ошонун баарын түшүмдө көргөнсүп, же анысын, же мунусун ажырата албай, аңги-даңги болуп турдум!

– Ий, күйөө бала, ке-ел! Кир үйгө! – деди жеңем. – Эмне эле аңырайып, биздин үйдү, биздин үй-бүлөнү эми көргөнсүп, уялгансып босогодо турасың?

Каалганы акырын ачып, акырын жаап, өзүмдү этияттап ичкери кирдим. Сый тамакты жеп, чай ичилип бүткөн соң, байкем сөз баштады:

– Эми үй-бүлө маселесине келсек, мен каршы эмесмин. Жакшы жашасаңар эле болду. Тиги жеңелериңди, энеңди туура, түшүн, баатыр. Ишенбей жатпайбы! Жакшылап угуп тур, биз минтип сүйлөштүк: Марипанын үстүндө баягы эле үйдө кийип жүргөн кийимдери экен...

– Байке, мен аларды алып берем!

– Коё тур шашылбай, сөзгө кезек бер. Биздикинде жашап турсун, кийим-кече кылып берели. Сен ишинден калба, окууга өтүү жагын кийин көрө жатарбыз. Кайсы факультетке өтөйүн деген оюң бар?

– Журналист.

– Жазасыңарбы бир деме?

– Чиймелеп жүрөм.

– Гезиттерге чыгып атабы?

– Айылда жүргөндө райондук, облустук, атүгүл республикалык гезиттерге үзбөй жазчумун, жарыяланып, гонорары барып турчу. Шаарга келгенден бери жөн жүрбөй, жазып жатам.

– А-аа, анда түзүк экенсиң! Даярдана бер, көрөбүз!

– Мен ыр дагы жазам, прозага да шыгым бар!

– Ошо жазагандарыңды топтоп жүргүн. Кабыл алуу комиссиясында керети тийет. Аны көргөндө, жөндөмү бар бала экен дешип жардам беришет. Эгер балл жетпей калса, ошо чыгармачылыгыңды эсепке алышат. Бирок, бир нерсени эске тут, баатыр: мага ишенбегин! «Кайнагам университетте мугалим болуп иштейт деп бирөөгө да айтпагын, мактанбагын, мага таянбагын!

Макул эми, ошент. Быйылча жакшылап ошо айыл чарба куруучу заводдо иштеп, жакшы мүнөздөмө жаздырып алгын! Ичпе, чекпе! Жетим экенсиң! Ойло!

– Ырахмат, байке, мага ишениңиз. Турмуштун өйдө-ылдыйын азыраак билип, ачуу тузун татып калгамын! Өз жолумду билем!

– Ошент, баатыр! Өз жолуңду билип жүр! Адашпа, жамандарга кошулба! Азгырылба! Үй-бүлөлүү болуп калдың эми ошону ойло!

– Билем, байке!

Биз кош айтыштык. Бирок кетким келбей жатты. Ыңыранып, кыйылып, бутум алга жылгысы келбеди. «Туура кылат буттарың!» – дегенсип, жүрөгүм да аны коштоду. Бирок бул узакка созула турган айрылуу болбосо да, мен үчүн кылымга татыр бир күн болуп жатпайбы! Сүйүү жибек тор, алтын кайырмак, алдамчы, азгырык, тайгак, чытырман токой, агымы күч дайра, толкуну күч деңиз! Анан... анын жыргалы да бар, дегинкиси бардыгы бар!

Албетте, ыкка көнбөсөм болбойт эле. Ыкка көнбөскө айлам да жок эле. Көпөлөктү да чуркап жүрүп тутасың, гүлдү да издеп жүрүп искейсиң. Чүрөк суу жээгине өзү келбейт, аккуу колуңа өзү конуп бербейт! Туйгунду үйрөтөсүн, тулпарды таптайсын, күлүктү күүгө келтиресиң! Баардык нерсенин өз ыгы, өз ыкмасы, жол-жобосу, тартиби бар. Ошого карап иш тут!

Сыртка чыгып баратып, Марипаны бир көрүп алайын деген ниет менен, артымды жалт карадым. Ал мен жакты телмире тиктеп, жалдырап, жакшына-

кай болуп күлүп-жайнап, жүзүнөн нур тамылжып турган экен!

Жолго чыктым. Мас адамдай тентиреп барам! Бул сүйүнүчтүн илеби!

«Марипам, Марипам! Сени үч күндөн бери көрбөй сагындым! Дагы күтөт экенмин да? Ушул үч күн, үч жылдай болуп кетти! Таң атпай, күн кечкирбей койду! Саат да жылбайт өчөшкөнсүп! Аялсыз үй курсун! Ээн, аңгырайт! Көркөмсүз, көрксүз!»

Чоң көчөгө чыктым. Кубаныч бешиги мени терметип баратты. Жол четиндеги бак-дарактар менин кубанычыма шериктеш болгонсуп:

«Малик, куттуктайбыз!» – дегенсип шактарын ийет, ызаат кылат. Ана, алды жагымда ак кайың көккө карай боюн керип, менменсинет. Аппак карга чагылып, аппак көйнөк кийип, ак жоолук салынып, ажарын ачкан асылкеч байбичеге окшойт! Ал мени өзүнө чакыргансыйт:

Кучактачы, бекем кысчы? Жылуу илебиңди тийгизчи, үшүп кеттим! Мен азыр адамдын мээримин каалап, эңсеп, кусадар болуп турам! Күн-түн дебей, күндөрүмдү үзбөй, сени күттүм! О, Адам, сен улуусуң! Сен ыйыксың! Мени чырпыктай кезимен бапестеп багып, ушул курагыма жеткиздиң! Мына, мен бойго жеттим! Ырахмат! Бул жакшылыгың үчүн сени эркелетейиң! Менин да сага карата жылуу мамилем, мээримим боорукерлигим бар!» – дегенсип кучагын керет. Анан ага минттим:

«О, ак кайың! Сенин аппак денеңдей болуп, биздин Марипа экөөбүздүн өмүр жолубузду, бекем кармашкан колубузду, туп-тунук оюбуз аппак бойдон калсын! Батаңды бер, сенчилеп узун өмүр сүрөлү!»

Аны менен коштошор кезде, Ааламга нурун чачып Ай чыга келди.

«Карап көрчү, кимибиз сулуубуз, Марипабы, менби? – деди ал. – Ырас, мен алыс жактамын, ант-

кени менен, Ааламга жарык чачып турамын. А Марипачы, менчелик жарык бере алабы?»

«Сенчелик Ааламга жарык бере албайт, бирок бир үйгө жарык берет! Анын дагы бир артыкчылыгы бар: ал айдай кыз, алтындай уул төрөп берет!

Бирок бул кубанычтарымдын баары текке кетти, бөөдө эле сүйүнүптүрмүн. Эртеси эртең менен Марипадан кабар алайын деп алардыкына барсам, энемдер эми гана короодон чыгып келатыптыр. «Марипаны энем өзү үйгө алып бараткан экен го?» – деп ойлоп, ошо оюм мени азыраак убакытка болсо да ичимди жылытып, жүзүмө нур тамылжытып, үмүттүн отун тутандырды. Жок, андай болбой, эле башыман ылдый муздак сууну куюп салгандай ичиркенип кеттим. Эне-бала Жумгалга жөнөп жатыптыр! Асман кулап, жер титиреп, айлана алай-дүлөй болуп, дүңгүрөгөн добуш кулагыма угулуп, уюлгуган бороон-чапкын, кар тулаңы бетке уруп, көздү ачырбай жатты! Эми мен бош келбей, бул тоодой тоскоолдукка туруштук беришим керек, көөдөнүмдү керип көкүрөгүмдү тосуп турушум керек!

–Эне, бул эмне кылганыңар? Кечөө эле байкем менен жакшылап сүйлөштүк эле го? Өзүңүз угуп отурдуңуз баарын. А эмне үчүн ошондо ачык айтпадыңыз?

–Бала меники, алардыкы эмес, өзүм билем эмне коюшту! – деп, Марипанын колунан жанагыдан да бекем кармап, көчө бойлоп жетелеп жөнөдү. Эми кантем? Каршылык көрсөтүүгө күч жагынан да, моралдык жагынан да укугум жок. Өтө эле жалынып-жалбарып жиберүүгө барбадым, менин да өзүмө жараша ар-намысым, уятым бар да!

Ана, эне-бала ээрчишип баратат. Алардын артынан акмалап, көрүнүп-көрүнбөй, кээде бак-дарактарга бекине калып, кай бир учурда арт жакта калып, иши кылып баратамын таштарга, чөп-чарга, үңкүрчуңкурга урунуп-беринип. Марипам, менин мээримдүү Марипам, түш көргөндөй болуп, түшүмдү жоoруп, ойлоно берип, ооруп кала береминби?

Марипа арт жагын жал-жал карап коёт. Мага көңүлү бар, бирок ата-энесин кыя албай жатат. Туура, алардын чийиминен чыгуу кыз үчүн кыйын нерсе! Шаардын чет жагындагы автобекетке да жетишти. Өчөшкөнсүп автобус даяр туруптур. Ополу ичкериге энем кетти. Марипа кылчактап, жерге бир нерсе түшүрүп жибергенсип, улам жал-жал этип мен жакты карап коюп бир топ турду. Чуркап баргым келди. Кучактап, алып качкым келди! Эмне кылып алмак эле? Көп болсо, дагы эле баягыдай артынан кууп келишет. Мотор от алды! Менин жүрөгүм да дал ошол мотордой от алып, тигинин мотору бүт темир тетиктерин ишке киргизсе, менин жүрөгүм менин денемдеги өпкө-боорду, мээмди, буту-колумду жандандырып, жалындатып жиберди! Автобуска карай чуркадым! Марипа тепкичке бутун койду. Менин бaратканымды билбеди, сезбеди окшойт?

– Марипа-аа! – дедим бар үнүм менен. – Марипа-аа! Автобус ордунан козголбой туруп барышым керек эле! Кокустук кылдым! Таалайды талашууга келгенде чабалдык кылдым! Давандан дадил ашууга даай албай делдейип, тартынып тура берүүнүн аянычтуу акыбети мына ушундай жыйынтык менен аяктады!

Автобус кеткен жакты телмире тиктеп, канча турганымды билбейм. Башымды чеңгелдеп, жол четиндеги цементке отура кеттим. Бироокумда бирөө келип, жонуман түрттү. Кайрай салсам, милиция экен. Мени мас деп ойлоптур. Ал-абалымды айткан соң, коё берди. Үшкүрүнүп, үйгө карай бет алдым!

Бул, баш дегениң, ушунчалык да оор болобу, капырай?! Анын мынчалык салмактуу экенин сезбептирмин! Зыпылдап чыкты! Үйгө жете алар бекем? Жүрөгүм өксүп, өңгүрөп жатканын бир гана өзүм билип бараттым. Денемди бирөө эзип, жанчып уруп салгандай! Менин терим бышып калган болчу го? Менин жүрөгүм катып, боорукерлигим жоголуп, мээримдүү-

лүгүм да менден безип кеткен болчу го? Азыр анын бардыгы кайра ойгонду! Өзүмдүн жерим Сакалды селосундагы пахта пункутунда жүк ташуучу болуп иштегенимде, бийик-бийик пахта үймөктөрүнө кап-кап пахталарды көтөрүп чыгып да белим мертинген эмес! Кечке кериле кетмен чапканда да, буудай орулуп жаткан кезде, анын саманын чогултуп, ысыкта денем кытышып, жонум күйүп, күнү-түнү тынбай иштегенде да чарчоо эмне экенин билген эмесмин! Кабагымкашым деген эмесмин! Азыр чарчап, кабагым карыш салынып, азапка малынып отурамын! Жанчылып жумуш кылганга караганда, жандүйнөңдүн жапа тартканын көтөрүү миң эсе кыйын экен!

Үйгө келип, шалпак эте кроватка бойду таштадым. Өрт менен жалын болуп ичегим күйүп жатты! Чын, өксүп, өксүп ыйладым! Үнүмдү чыгарбай өкүрдүм!

Эртеси ишке бардым. Көңүлсүз болуп, колуң ишке анча барбай, өзүңдү-өзүң мажбурлоо менен ийгиликке жетише албайсың. Коленвалды (коленчатый-валды) шлифовать этүү өтө сактыкты, тактыкты талап кылат. Сантиметрден эмес, миллиметрден жаңылыштык кетирсем эле болду, иштин ойрондолгону ошол! Ушундан көрөкчө келбей эле койсом болмок экен. Азыркы шлифовать эткен коленвалды бузуп алдым. Өлчөгүч менен өлчөп көрсөм, тап-такыр эле туура эмес. Станокту токтоттум. Боло турган эмес, иштей алгыдай эмесмин, мастерим Иван Иванович Коноваловду чакырып келип, ошол эле замат каталыгымды мойнума алдым. «Мырзалиев, сенин ден соолугуң начарлап турганын эртең менен эле байкаганмын. Эгер ооруп калсаң, жооп берейин деп айткыча, башка иштер менен алаксып кетип, эсимен чыгып калыптырсың! Бар, бара бер үйүңө! Доктурга көрүн! Эми бул бузулган коленвалга акты жазабыз, инженер менен сүйлөшүп туруп. Түшүндүрүп айтам мен ага! Кабатыр болбо! Бар жакшы болуп, анан келгин ишке!» – деди.

Январь айы аяктап, февралдын жарымы болуп, күн бир аз жылып бараткан. Бирок калың жааган кар али толук кете элек болчу. Суук деле эртели-кеч өз күчүнөн тайгысы келбей жаткан.

Короого кире бергенимде, эки адамдын изин кардагы изден билдим.

«Ким болду экен? Кантип эле Марипалар келип калсын?» – деген сар-санаа саамга өкүм сүрдү. Үйдүн ачкычы менде болгондуктан, чөнтөгүмдү чукулап ачкычты алып чыкканда, каалгада кара кулптун жоктугун байкай калып, бир даар чочудум ууру келиптир да деп, шашыла ача салдым. Кызык, таң калдым! Көргөн көзүмө ишенбедим. Марипа менен энем отурат үйдө. Ачкычтын бирөө Марипада экенин эми эстедим. Кечөө булар Жумгалга кетишкенин дагы эстедим! Балким бул көргөндөрүм ысытмам күчөп, көздөрүм тунарып, башым айланып бараткандан улам, алдамчы эмес болуп жаткандыр?

«Башым! Башым!» – дегенимди бир билем...

Көзүмдү ачсам, ооруканада жатыпмын. Кирпиктерим өтө оорлошуп, аны ирмөөнүн өзү да кыйынга турду. Кайра жумдум. Эриндеримди кыймылдатайын деген аракетим текке кетти. «Тынч жат, кыймылдаба!» – деди бирөө. Бул үн аялдыкыбы, эркектикиби, аны ажырата албадым. Кантсе да шыбышты туйдум, уктум. Демек, тирүү экениме акыл-эсиме жетти! Маңдайымда кимдир бирөөнүн алаканы тийди. Эркектин же аялдын алаканы экенин ажырата албадым. Анан ошол эле кол колдорумду, буттарымды укалап, кармалап жатканын да жүрөгүм мээме кабарлап, шыбырап турду. О, акыл-эс! Көз көргөндүн да, көрбөгөндүн да баары биринчи эле жолу сага келет! Сен талдайсың, ажыратасың, кыйналасың! Иштин оору жүрөк экөөндө! «Бизчи? Бизди неге эске албайсың?» – деп таарынбагыла, өпкө-боорум! Баарыңар бирсиңер, бир адамсыңар! Кечээги, Марипаны алып бараткан автобустун бир тетиги кемисе, ошентип менин жүрөгүмдү

сыздатып, сыздатканы менен иши жок, жорголоп, жүрүп, жүгүн көтөрүп кете алабы? О, автобус, сен ошондо чеки иш кылдың! Биз сенин татаал тетиктериңди терип, жыйнап, улаштырып унаа кылып, минтип жүрүүгө жарактуу кылып койдук, туурабы? Ал эми сен, адамды аябай, кайгы-муңуна карабай кете берсин, ичибиздин иригени менен ишиң жок сенин!

Аста-аста акыл-эс өзүнө келе баштады. Жанымдагы Марипа экенин тааныдым. Ак халат жаманып алыптыр. Жанагы маңдайыма тийген жылуу, жумшак алакан Марипаныкы экен! Колу-бутумду укалаган да Марипанын колу экен! Мунун баарын эми билдим! Демек, оңоло баштаганым ошол! Ооруканада көпкө жатпадым. Он күндөн кийин айыгып чыктым. Бирок айыкканым менен кан басымым көтөрүлүп, улам-улам жатып калмай адат болуп калды. Жаштык күчкө салып, тоготпой жүрүп, ал ырбай берди. Анын үстүнө дал ошол жылы ойлогонум оңунан келип, окууга өтүп калдым да, үй-бүлө, жумуш, окуу маселеси көбөйүп отуруп, ооруга да анча көңүл бөлүнбөй, баш отум менен тиричиликке, илим-билим алууга киришип кеттим!

Кайын энем Кенжегүл, менин жакшы болуп чыккандан кийин бизге ак батасын берип коюп, Жумгалга жөнөп кетти. Марипа экөөбүз узатып койдук. Баягы эле көзүмө жаман көрүнгөн автобекет, азыр анча өөн учурабай калды. Марипа муну сезди, мени карап күлүп койду да: «Ошо кезди ойлоп жатасыңбы? Биз жолдон кайтканбыз. Барбайм деп, апамды араң ийге келтиргемин!» – деди. Мен үн катпадым. Өткөн иш өттү. Эмкиси жакшы болсун!

Автобус кеткен жакты карап селейип катып калыпмын. Апам алима эсиме түшүп кетти. Эгер ал тирүү болгондо, аны да дал ушул ушунтип кубанып, сүйүнтүп, ызаат кылып, урматтап-сыйлап узатып коёр элек! Марипа колдон тартканда гана көзүм ачыла түштү. Марипа мага мындай деди:

– Малик, сен ушу ойлоно бергениңди токтотчу! – Сага минтип жүрүүгө жарабайт! Өзүң билесиң, эстүү-баштуу жансың! Ташта бул адатты!

Эл аралап баратсак, алдыбыздан Артур жолугуп калса болобу!

– А-аа, Малик байке, саламатсыңбы? – деди ал кучагын жайып.

– Саламатчылык, иним, баары жакшы, ырахмат!

– О, жакшы экени көрүнүп турат! Гүл кармаган жеңем ушубу?

– Ооба, ушул!

– Азыр колунда гүл жок го? – деди да, – мен азыр, кетпей тургула! – деп коюп, кайдадыр тызылдап чуркап кетти. Заматта кайра жетип келди, гүл десте кармап алыптыр.

– Жеңе, ушул гүлдү сизге кош колдоп сунамын! Алып коюңуз! Менден кетсе, кечирип коюңуз!

– Э-ээ, бул баягы бейбаш бала го? – деп Марипа күлүп жиберди. – Ырахмат! Мындан башка кеп-сөзгө келбедик. Артур шашылыш жумуш менен жүргөнүн айтты да, ак тилегин бизге билдирип:

– Бактылуу болуп, балалуу болушуңарга тилектешмин! – деп коюп, дароо көздөн кайым болду.

– Эй, Артур! Сен дагы гүл кармаган сулуу кызга жолуккун! – деди анын артынан үн чыгарып, кол булгап.

– Ырахмат, байке! Айтканыңыз келсин! – деген үн бизге үзүл-кезил угулду. Экөөбүз кол кармашып, эл аралап, жүзүбүздөн нур тамылжып, арымыбызды кенен арыштап кубанычка, сүйүнүчкө, ырахатка батып келаттык. Элдин баары кош данектей окшошуп, жарашып, жарпыбыз жазылып баратканыбызга таңданып, суктанып карашкандай сезилди. Гүл кармаган келишимдүү, сулуу келин менен, орто боюна чак келген, өңүнө жарашып турган плащтын жакасын өйдө көтөрүп, мойнуна кызыл түстөгү шарфты ороп, кара шляпа кийген ак саргыл жигит, көкүрөгүн көтөрүп алга арыш таштайт!

## ЖУРНАЛИСТ

Жогорку окуу жайына өтсөм деп эчен жыл эңсеген мезгил да жетти. Жумуштан бошоп кетүүгө көзүм кыйбай, кечки же сырттан окуу бөлүмүнө которулуп алсамбы деп ойлодум. Бул жөнүндө байкемдер менен, Марипа менен кеңешип, алар дагы олку-солку ойлорун айтып, бир чечимге келе албай, акыры маселени өзүм чечүүгө туура келди, жумуштан бошодум да күндүзгү бөлүмүнө өтүп алдым.

Буга чейин: «Окусам, үйлөнсөм жашоо жеңил болот» – деп ойлочу элем. Кайдан, кайра көбөйдү көр оокаттын көйгөйү. Үй-бүлөлүк түйшүк, билим алуу, чыгармачылык толгонуу кээде мени шаштырып жатты. Анткеним менен көнүп, чыйралып, ал түгүл кызыгып, берилип, баш-отум менен бардыгына жетишип, эс алууга да убакыт таптым. Баарыдан мурда да акчага муктаж болууну өзү чыгармачылыкка чындап киришүүгө мажбурлады. Бул бир жагынан түйшүктөн алаксытты, экинчиден, эс-акылымды өстүрдү, эмгекке үйрөттү. Үйрүлүп үйдөн чыкпай, лекциядан келер замат газета-журналдарга макала жазам. А дебей, «Ала-Тоо» журналына «Коммунист» деген көлөмдүү портрет-очерким жарыяланды. Андан көп өтпөй, «Ак карлуу тоонун арасы» деген радио-очерким обондон жарым саат окулду.

Мунун биринчиси пахта, экинчиси алдынкы чабан жөнүндө эле. Мурда иштеп акча таап келсем, эми гонорар менен үй-бүлөмдү камсыз кылып, оокат-тиричилигин өксүтпөй турган болдум. Марипа декретте көпкө отуруп алган жок, төрт айдан кийин эле жумушуна чыкты. «Сенин 18 сомдук стипендияңа, бирде болуп, бирде болбой калган гонорарыңа карап отурамынбы, иштеймин! – деди ал. Иштей баштады! «Чолпон» бут-кийим тигүүчү фабрикасындагылар эмки сменада иштешчү. Мына ушул жагы бизди кыйнап койду.

Айбекти да төрт айлыгында яслиге тапшырдык. Кимибиздин колубуз бош болсо, ошонубуз апарабыз. Марипа түнкү сменада саат 1де чыгат. Баланы уктатып коюп, Марипаны күтүп алганы фабрикага карай жөнөйм. Экөөбүз ээрчишип келебиз. Анан эртеңки лекцияга даярданам, макала жазам, суткасына 4 саат гана уктайм, кээде лекцияда отуруп үргүлөп кетем. Кеч калган күндөрүм да болот. Саар туруп, баланы кийинтип, яслиге апарып, аерде чечинтип, кайра яслинин кийимдерин кийгизип бүткөнчө убакыт өтүп кетет. Канчалык чуркап, чымын-куюн болуп күйүгүп келсең деле, лекция башталып калган болот. Каалганы каккылап, ичкери баш багам, уруксат сурайм.

– Мырзалиев, – дейт лекция окуп жаткан профессор, – окууну бүткөнчө үйлөнбөй турсаң болмок! – Балдар дуу күлүп жиберишет.

Бир жылдан кийин Айгүл аттуу кыздуу болдум. Иш андан бетер көбөйдү. Эки баланын жалаяктарын жууп, тойгузуп, ойнотуп, сооротуп, деги, дагы-дагы машакаттардын көпчүлүгү менин мойнумда эле. Марипанын да өзүнө жараша жумуштары толуп жатат. Ага оордук келтирбейин жардам кылайын деймин. Дайыма тамак жасап жүрчү көк кастурулубуз бар эле. Аны примуска коюп, тапкан-тутканыбызды бышырабыз. Керосин түгөйт, аны издеп жөнөйм, бузулат, ийнеси сынат, устага апарам. О, ошондогу оор жумуш, жеңил жумуш үйдөгү, талаадагы жумуш, андан тышкары да кошумча жумуш!

Эки баламды эки колума көтөрөм да, кышта жазда, жайында бала бакчага карай бет алам. Жолдун орто ченине барып, өзүм эчак белгилеп койгон жашыл жалбырактуу дарактын түбүнө барып эс алам, колум талып кетет. Ушул жерде туруп, ылхамым келе түшүп, ыр токудум, кечинде Марипага да окуп бердим. Бирге отуруп күлдүк! Күлкү деген кандай сонун! Күлөлүчү,

жаным Марипа! Жадырап-жайнап жүрөлүчү, алтыным Марипа!

Туура! «Көрүнгөн тоонун ыраагы жок». «Кыбырасаң – кыр ашасың», «Жаштын тилегин кудай берет». Ата-бабаларыбыздын айткан акыл-накыл сөздөрүнүн бардыгы туура экендигин турмушуман билип, башыман өткөрүп келатам! Мына эми мен дагы бир тоону аштым! Университетти бүттүм! Жумуштун да дайыны болду!

– Окууңду ийгиликтүү аякташың менен! – деп Марипанын алып берген ак көйнөгүн кийип, гүлдүү галстугун тагып, жакшылап үтүктөлгөн кара шымды булгап албайын деп этияттап басып, жалтырата майлаган ботинкамдын чаңдарын кез-кез сүртүп коюп, шаңдуу, шайыр мүнөзүмдү, сүйүнгөнүмдү жашыра албай, токунданып, толуп-ташып баратамын жумушума! Кыргыз радио-телеберүү Комитетине бөлүнгөмүн!

– Ана, Кыргыз Илимдер академиясынын заңкайган чоң имараты, «Россия» кинотеатры, финансы техникумунун имараты, андан ары мен барчу жер – Кыргыз теле-радио Комитети! Мен келечегимди, бактымды, ырыс-кешигимди, атүгүл керек болсо, ошол тилекке жетсем, атак-даңкты, ызаат-баркты дал ушул ыйык жерден табам! Кудай колдо! Жакшы иштеп, журт алдында жүзүм жарык болсун! Бул зор жетишкендик экенин билип, түшүнүп, анын жооптуулугун, кооптуулугун да эске алып баратамын. Минтип ойлогого менин толук акым бар эле. Анткени мен көп жолу мүдүрүлдүм, чалындым, жыгылдым! Кайра турганым менен кайсы бир каталыктарга жол бердим. Асфальтталган, айнектелген, жалтырап, жаркырап турган даңгыр жол жок экен! Алдыда дагы эле ошондой тоскоолдуктар боло бермек, болбойт деп буга эч бир даанышман кепил боло албайт! Альберт Энштейндин сөзү эсиме келе түштү: «Есть только два способа прожит свою жизь: Первый – так будто никаких чудес не бывает.

Второй – так, будто все на свете – Чудо!». Буга кошумча түшүнүк берүүнүн кажети жоктур?

Айлана жашыл тонун жамынып, дегеле кооз, көрктүү, жагымдуу көрүнөт. Күзгү керимсел жел лепleп согот, саамай сылайт, эркелетет! Наристе биринчи ирет күлгөндө, биринчи ирет бут шилтеп басканда, ата-энеси кандай сүйүнсө, кандай бакытка балкыса, мен дагы дал ошондой абалга туш келип, териме батпай, кыял алып учуп, дегдеп баратамын! Журналисттик дипломум чөнтөгүмдө. Жогорку билимдүү, жогорку маалыматтуу адаммын. Мен дал ушул күндөргө жетүү үчүн канчалаган азап-тозокторду баштан кечирбедим! Ойлодум, эңседим, тиледим, эмгектендим, мээнеттендим! Ач калып, ток калып, көзүмөн жаш түгүл, кан акканга чейин китеп бетин тикчийип карадым! Тоону томкоруу деген ушул! Тоскоолдукту жеңүү деген ушул! Дарыяны кечип, чөлдөрдөн өтүп, бороон-чапкындарга бет келип, жүрөксүнүп, жүзмө-жүз тике кароо деген ушул! Бул үчүн болоттой эрк, ар-намыс, адамдык асыл сапат сарпталарын мен башыман өткөндөрдөн улам жакшы билип, туюп турам!

«Баарын жеңдиң! Азаматсың! Максатыңа, ойлогон оюңа жеттик!» – деген киши болбосо да, мен өзүмө-өзүм ушуларды шыбырап айттым. Денем жыргап, өзүмдү бактылуу, таалайлуу кишидей санап, ошого сүйүндүм жана андан эбегейсиз зор күч-кубат алдым!

Кабыл алуу каанамына баш багарым менен:

– А-а, келдиңизби? – деп ордунан тура калып күтүп алды машинистка кыз. – Сизди азыр эле сураган болчу келдиби деп, кириңиз!

Кыргыз радио уктуруу жана телекөрсөтүү комитетинин төрагасы менен кош колдоп көрүштүм. Адегенде ал менин ал-ахвалымды, ден соолугумду сурап, жогорку окуу жайын ийгиликтүү бүтүшүм менен чын жүрөктөн куттуктады, анан иш тууралуу сүйлөшүүгө да кезек келди:

– «Жаштардын үнү» радиостанциясын жаңыдан гана уюштурдук, – деп ал киши жай сүйлөй баштады. – Ага силерге окшогон жаш, билимдүү, өз кесибин жакшы, тыкан журналисттер керек болуп жатат. Сен жөнүндө мурда угуп, билип жүргөн элем. Гезиттерден жазгандарыңды окугамын. Атайын сени сурандык. Бизге да бир нече очерк, аңгемелерди алып келгенсиң, аны пайдаланганбыз.

– Билем. Ал жөнүндө жакшы пикирлер айтылып жүрөт.

Дипломдук ишимди да очерк жанрын изилдеп жазганмын.

– Демек, теория жактан да, практика жагынан да тажрыйбаң бар экен. Эми жакшылап иште. Ишенични акта. Сендей ылайыктуу жаш кадрларга муктажбыз. Үй-бүлө барбы?

– Бар, бирок үй маселеси кыйнап жатат. Эки балам бар...

– Эми ал жагын дагы караштырып көрөбүз. Иштеп тур. Үй маселесин чечүү оңой эмес. Он-он беш жылдан бери кезекте турса да алалбай жаткандар бар.

– Түшүнөм!

– Бар эми, бүгүндөн баштап «Жаштардын үнү» радиостанциясына редактор болуп иштей бересиң. Кемчилик болсо, мага келип тартынбай айтып тур, колдон келишинче жардам беребиз.

Кош айтышып чыгып кеттим. Катчы кыздан буйрукту алып, иш бөлмөмө келдим. Кире бериш жердеги үстөлдө кагазга үңүлө тиктеп, бир жигит отуруптур. Дароо эле билдим, жашы менден бир топ эле кичүү экенин. Тааныштык. Масиров Муслим деген жаңы эле келип иштеп жаткан, тээ алыскы Алай тараптан келген жигит экен.

– Кандай үке, кыйналбай иштеп жатасыңбы? Мени ушул редакцияга редакторлук кызматка дайындады. Эми мындан ары бирге иштейбиз, – дедим. Мен ушин-

тип кээде үке, кээде иним деп аралаштырып сүйлөй берчүмүн. Аны уккандар анча деле өөн көрүшчү эмес, болгону:

– Оштуксуңбу, ыя? – деп күлүп калышчу.

– Кыбырап иштеп жатабыз, аке, – деди Муслим да бош келбей. – Кыйналсам эмне кылат элем? Келген каттар оголе көп, анын баарын обого кетирүү мүмкүн эмес, жаштарга ылайыктуусу да, ылайыктуу эместери да бар. Башынан аягына чейин бүтүндөй оңдоп чыга тургандары да толуп жатыр. Өзү бар болгону жарым сааттык берүүгө булардын баары кайдан батат дейсиз? Анан калса, он-он беш минутасы музыкага кетет, – деп кейип-кепчип үстөл үстүндөгү кагаздарды ары-бери жылдырды.

– Эч нерсе эмес, мына мен келип калдым го, экөөбүзгө жеңил болот. Кана, ошол каттардын баарын мага берчи, карап чыгайын.

– Көп каттардын убактысы да өтүп кетиптир. Жооп жазсамбы?

– Жоопту коё тур, анын баарын чогултуп, иретке келтирип, иштеп чыгып, жалпы обзорго пайдаланабыз. Ар бир каттын ээси бар, эмне болор экен деп, күндө кулак түрүп, радиону тыңшап жатышкандыр алар?

– Ал жагы го туура деңизчи.

Мына ошентип, алгачкы иш күнүм бүттү. Бүгүнкү күн өттү.

* * *

Үйгө келсем, Марипа кечки тамакты даярдап, мени күтүп отурган экен. Айбек менен Айгүл чуркап келишип, мойнума асылып, эркелешип, өөп-жыттапшып, дегеле көп күн көрбөй калгансып, сагынышканы таркабайт.

–Папа, бүгүн эмне бизди алганы барбадың?

–Иштен колум бошободу. Эртең сөзсүз барам, алып келем!

– А эртең менен өзүң алып барасыңбы бакчага?

– Ооба, өзүм алып барам!

– Малик, – деди анан Марипа, – кандай эми, бүгүнкү, алгачкы иш күнүң жакшы өттүбү? Кыйналбадыңбы? Ишиң өзүңө жактыбы? Кандай кабыл алды?

– Жакшы, баары жакшы! Ишим жакпаганда эмес, жагат да. Атайын журналист болом деп кичинемен бери арзуу кылып, ушул кезге келгенден кийин, эми ага жетип алып, анан кантип жакпай калсың? Мен мына ушуга, мына ушул бүгүнкү күнүмө кубанып, төбөм көккө көтөрүлүп сүйүнүп жатпаймынбы! Кудайга миң мерте шүгүр! Эмгегим, мээнетим кайтты! Төрагабыз абдан жакшы адам экен. Мени менен аябай сылык-сыпаа сүйлөшүп, ал-ахвалымды, үй-бүлөмдү сурап, жакшылап иштей бергин деди. Көңүлүм көтөрүлүп калды. Мындай адамдар менен иштөө жеңил. Калганын дагы көрө жатарбыз.

– Дароо эле сынап, жакшы же жаман деп жыйынтык чыгууга болбойт. Өзүн журналистсин, ары жазуучусуң, билесиң баарын. Ызылдабай нары тургулачы деги! Кеп кооштурбайт буларың! Аркы бөлмөгө барып ойногула!

– Айбек, Айгүл, апаңардын сөзүн уккула! Шоктук кылбагыла!

– Буларды кийинтип коёюнчу, сыртка чыгып ойношсун!

– Өзүбүз эле кийинебиз, апа! – деди Айгүл.

– Ооба, апа, өзүбүз эле кийинип алабыз! – деди Айбек.

– О, азаматтар! Ошенткиле! Силер эми чоңоюп калдыңар! Ыя, Марипа, бу балдарды орусча сүйлөтүп, таза эле өз эне тилдерин билбей калышты го? Үйдө кыргызча сүйлөтүп жүрөлүчү.

– Болбой атпайбы ошого деле. Бакчада орусча сүйлөп, жедеп ошого көңүл калышыптыр.

– Азыр деле кеч эмес, булар али жаш, тили ката элек. Эсте тутуу жөндөмдүүлүгү улам артып, күчөп келаткан учуру. Аракет кылалы.

Марипа буга үн катпады да, ордунан шарт тура калып, бир нерсени эстей койгонсуп, ашкана тарапка шыпылдап басты. Чоң чыны толо кымыз алып келди:

– Малик чаңкагандырсың? – деди.

– О, кымызың дагы эле түгөй элекпи?

– Бир аз калган экен, жана эле балдарга берип, калганын сага сактап койдум эле. Этибиз да аз калды. Май, туз түгөп баратат.

– Сага ишенем, Марипа, сен үнөмдүү, ишенимдүү жансың! Эптеп жеткиз!

Кымызды жутуп жиберген соң жаным жай алып, салкындай түштүм.

– Марипа, – дедим анан, – мына, сентябрь айы келип, Кыргыз драм театрдын сезону ачылды. Эртең «Атанын тагдыры» драмасы болот экен, баралы.

– Балдарды эмне кылабыз?

– Ала барабыз. Уктап калышса, тизебизде жата беришет.

– Мейли. Билети канчадан экен? Акчаны этият кылалы, сенин айлыгын тийгенче качан? Менин отпускам али бүтө элек.

– «Калап жаксаң – кар күйөт» – дейт. Үнөмдөсөк жетет баары! – Ушул сөздү айттым да ойлоп калдым. Акамдар Соң-Көлдөн кайтаар маалда, куржундун көзүн толтуруп эт-аш, кымыз берип, тыйын-тырпындан да куру койгон эмес. Ошону бир топ убакытка чейин жеткирген Марипага ичим жылып, оокат-тиричиликке бышыктыгына ыраазы болуп отурдум. Бала бакчага, квартирага, светке, мусорго төлөш керек, автобуска бекер түшүрбөйт, мен жумушка барганда түшкү тамакка кетет. Оңойбу? Ойлонуп иш тутпасак кор болобуз, зарыгабыз, кыйналабыз!

Мына ушундай уйгу-туйгу ойлор менен алпурушуп, драм театрга баруу же барбай калуу жөнүндөгү маселенин аягына чыга электе, Марипа жакшы жаңылыкты айта салды:

– А-аа, ий, эсимен чыгып кете жаздаптыр, сага гезиттен акча келди, 21 сом экен, мына кагазы!

Сүйүнүп кеттим! Соң-Көлгө жөнөөр маалда, «Уядан учкандар», «Устанын уулу» деген макалаларды жазып, «Ленинчил жаш» гезитине таштап кеттим эле. Ошонун гонорары экен. Кыйналып-кысталып, эмне кылар айласын таппай жаткан мезгилде, бул чоң байлык болчу!

Кубанычыбыз көпкө узабады. Каалганы каккылап, уруксат сурап койбой эле үй ээси кирип келди. Кабагы салыңкы, ачуулуу, айбаттуу!

– Квартиранын акчасын төлөгүлө! Болбосо чыгарып жиберем! – деди орой, одоно сүйлөп. – Үй издегендер толуп жатат көчөдө, ошолорго берем!

– Мейли, мейли, төлөйбүз, төлөйбүз! – дедим мен ордуман шарт тура калып. – Кабатыр болбой туруңуз, бүгүн түштөн кийин апкелип берем!

– Давай, а тоо... – деп коюп, дулдуюп чыгып кетти.

– Ойлоп сүйлөдүңбү азыр? – деди Марипа. Кайсы акчаңды бересиң?

– Гонарар келиптир го, ошону беребиз да!

– Жарап бүттүм! – деди ал ары карай басып. – Калбадан качан кутулабыз?

– Марипа, сабыр кылалы, чыдайлы!

– Качанга чейин чыдай беребиз? Чеги болуш керек го деги?

– Колубуздан эмне келет? Беш жылдан бери чыдап келатабыз, дагы чыдайбыз! Үй алуу кезегине мен деле, сен деле туруп, күтүп жатабыз, акыры болор?

– Мен үй сурагандардын 12чиси экенмин! – деди Марипа үйдөн түңүлгөнсүп. – 5 жылда 1 адамга берилет экен, эсептеп көрө бер эми!

– Пенсияга чыкканда үйлүү болсоң да шүгүрчүлүк келтирер элем!

– Күтүп отура бер анда пенсияны!

– Пенсия маалында деле үй керек да! Азыр жашбыз, жашап кетебиз, а пенсия маалында азыркыдай жашоодон кудай сактасын!

– Сен эмне болуп баратасың. Малик? Карыган кезди ойлобой, азыркыны ойлосоңчу! Адегенде ошо мезгилге жетели, анан кудайдын айтканы болор?

– Жазуучулар мээсинен эрте айрылат! – деп күлдүм. – Тарс эткендин баары тамаша. Жүрөктү кыспа, көкүрөктү кең карма, үмүт үзбө! Баары жакшы болот!

Ошентип, драм театрга да барбай калдык. Гонорардын кагазын алтын кармагандай аздектеп, чекеси булганбасын, жыртылбасын деп өтө этияттап, дикилдеп, койнума кубаныч батпай, канаттуу куштай учуп бараттым почтага! Жаш жазуучулардын кайсы бир жыйналышында аксакал асыл адам Түгөлбай Сыдыкбековдун айтканы эсиме түштү: «Бакыт, бул – сымап! Аны бекем чеңгелдеп, катуу кармап албасаң, түшүп кетет! Силер али жашсыңар, акчага кызыкпагыла, жакшы, мыкты чыгармаларды жаратууга умтулгула! Ошондо акча өзү эле келе берет! «Ушул нарктуу, барктуу, баалуу акыл-насаатты азыр эле эмес, кийин да өзүмө медер, көмөк, жөлөк катары санап, ошол сөздү бел тутуп, кайрат-күчкө ээ болуп жүрдүм!

Байланыш бөлүмүндөгү дайыма мага гонорар келгенде, жолдон жолугуп калганда айтып турчу тааныш келин: «Сизге дагы акча бар!» – деп кубанычка бөлөп салды! 50 сом экен! «Жаш ленинчи» журналы, «Кайрадан көрүшөөр бекенбиз?» деген повестиңиз үчүн! – деп жазылып турат. Жүрөк алып учат! Териме батпайм! Түгөлбай абамдын асыл сөзү дагы түштү! «Карынын сөзүн – капка сал!» – дейт эмеспи.

Үй ичи тим эле той өткөрүп жаткансып, дасторконубуз мөмө-чөмө, түрдүү-түркүн тамак-ашка толуп кетти! Эбекейим эзилип турду ушул көрүнүшкө!

Эртеси жумушка дене-боюм жеңилдеп, көңүлүм ачылып, ишке болгон кызыгуум күчөп, жөндөмдүүлүгүм артып: «Жанагы жумушумду бүтүп коёюн, барып эле ошого отурайын!» – деп бараттым. Алган айлыгым азбы, көпбү, аны менен ишим жок, болгон чакта деле эмне кылмакмын? Кагазга жазылган 100 сом, колго тийери 90 сом. Аны да «аванса», «получка» деп эки жолу бөлүп берет. Биринчисинде 40 сом, экинчисинде 50 сом алам. Кээде профсоюз уюму ар нерселерди айтып 15–20 сомду кармап калат. Эптейм деп жүрүп эсиң кетет, өлбөгөн жанга ошо да жетет!

Жолдон Жолдубай жолугуп калса болобу! «Ай, ушу!..» – деп кейип кеттим. – Мындан кийин башка жактан өтпөсөм болбой калды. Кайра-кайра эле тыйын сурагандан уялбайсыңбы?»

– Досум, баш чатак! – деди ал. – Кечээки алган гонорардан үйгө бир тыйын да барбаптыр, баарын түгөт кылыпмын! Жаным ачып турат! Бир деме дебесең өлгөнү турам!» – Чөнтөгүмдү чукулап 20 тыйын узаттым: «Ыраазы бол!» – дедим.

– Болот ушул, болот! – деп сүйүнүп кетти. – Бир кружка пиво кетет буга! Анан, андан аркысы табыла берет, улана белет. Сатира-юморлордон дагы бар, алып барайын, ободон кетирип тур! Эми ичпей калайын! – деп кошумчалады.

Кантип: «Алып барба!» – деймин? Укугум жок антүүгө. Жакшы жазылса, пайдалана берем, акчасын өзү билет. Бирок мени кейиткен бул жагдай эмес, Жолдубай жолдон жолугуп сураса эле кармата берип, жаман үйрөтүп алганым чекилик болду. Эми, жаңылыштык боло берет тура жашоодо. Түз жол жок!

Жумушка келдим. Муслим менен саламдаштым. Өз ордума барып, түзүкчөлөп отурбай эле телефондун

шыңгырап калганын уктум, ала койдум. Шаардагы обройлуу гезитте иштеген тааныштарымдын бирөө экен. Өткөндө ал менин макаламды жарыялап, жарыялагандыгы үчүн мага телефон чалып: «Бөлүм башчысы менен талашып-тартышып жүрүп, тезирээк чыгууга аракеттендим!» – деп айткан болчу. Эми эмне дээр экен? Адегенде, менин жакшы жерге ишке орношконумду куттуктап койду. Минтип мурда эле айткан эле да, эсинен чыгып калса керек? Журналист иши чачтан көп, баарын эске тутуп отурат беле? Айыбы жок анын. Менде деле болот ушундай учурлар, ар кимде боло берет! Бирөөгө сынтагуу, айыбын ачып, кыйынсынып күлүү – бул чоң кемчилик!

Ал сөзүнүн аягында өзүнүн жаштар жөнүндөгү бир макаласын мага берип жибергендигин айтып сөзүн бүттү. Анын бул куттуктоосуна ыракмат дедим да, жиберген материалын сөзсүз пайдалана тургандыгымды айтып, аны да үмүттөндүрүп койдум. Арадан анча деле убакыт өтпөй, телефон дагы шыңгырады. Журналда иштеген дагы бир таанышым куттуктоо айтып, сөзүнүн аягында ыр берип жибергенин учкай кыстырып өттү, макул дедим. Бул жумадагы берүүлөрдү мен даярдашым керек болчу, ошондуктан убакыт өтө тар эле, толгон-токой чийки материалдарды иштеп, аларды машинкага бастырып, коюшум керек эле. Бир күн мурда башкы редактордун колуна тапшырып, тасмага жазылганды ага угузуп, студияга апарып койбосом болбойт эле. Мына ушуларды жарым-жартылай аяктап, эми түшкү тамакка чыгар маалда телефон дагы шыңгырап калды. Ала койдум. «Билим» коомунда иштеген жолдошум чалыптыр. Ал деле куттуктоо сөздөрүн айтып келип, аягында сатира-юморлорун берип жибергенин эскерте кетти.

Жолдоштун, тааныштардын көбү жакшы дечи. Мен мындай жакшы адамдардын ишенимине ээ болгонума кубанам, ушул деңгээлге жеткениме сүйүнөм.

Кимдир бирөөнүн керегине жарап берсең, көңүлүн көтөрсөң, ичин жылытып, материалдык жактан аз да болсо көмөкчү болсоң, мындай жакшылыктарга не жетсин. Менин мурдатан калыптанган мүнөзүм, тилегим, ой-пикирим деле ушундай болчу. Мына эми ошондой мезгил келди. Жолдош-жоро ашырайын деп аракет кылам, ошого умтулам. Бирок мен адамды ылгай билүүнү, алардын сырт жагы менен ички кыял-жоруктары менен такыр ишим болгон эмес экен. Бардыгын тең, бирдей көрүп жүрө бериптирмин, ишенипмин. Көрсө, турмушта андай болбойт тура? Күлүп, жанакеленип турган менен, ич күптүлүк, көрө албастык, кастык жана ушуга окшогон жаман ой-пикирлер болот экен арасында.

Аны эми айтып-айтпай кереги не. Ниетим туура, ак көңүлмүн, оюмда жамандык жок. Туура жүрөм, туура иштейм, бирөөлөрдүн артынан ушак-айың айтпайм, дайыма өзүм менен өзүммүн. Бирок ашкере ишенчээктик да болбойт экен. Сызга отургузуп коёт тура. Мен мындайдын далайын ошо иштеп жүргөн мезгилде өз башыман көп өткөрдүм.

– Муслим, – дедим түшкү тамактан келгенден кийин. – Мага азыр 10 минуталык материал керек болуп турат, өзүңкү болсо кайра жакшы, карап көрчү.

– Кандай керек? Аңгемеби, ырбы же макалабы?

– Мейли кандай болсо да, иши кылып 10 минутага жетсе болду. Бир беттеги материалды дикторлор 2 минута окуйбу?

– Ооба.

– Андай болсо, беш беттик материал керек экен. Колдогу материалдар толуп жатат, бирок жаштарга ылайыктуусу табылбай атпайбы. Азыркы жаштардын турмушуна үндөш болсун. Тарбиялык таасири күчтүү болсун, угумдуу, жагымдуу болсун. Мына бул менин колумдагылардын бардыгы эле пахта, тамеки, кызылча, мал чарбачылыгы жөнүндө экен. Эми бул өңдүүлөрдү бизден башка айыл чарба, өнөр жай бөлүмдөрү кетирсе болот.

Муслим алдындагы суурмасын ачты да:

– Менде бир аңгеме бар эле, байке, карап көрүңүз. Билбейм, сизге жагабы, жакпай калабы? Аны дагы жакшылап иштеп чыгайын деп жүрдүм эле.

– Кана, берчи? – дедим да ошол эле замат окуп чыктым. Жакты.

– Мээ, үке, машинага бастырып кел. Анча-мынча жерлерине гана кол тийгиздим, жалпысынан алганда жакшы жазылыптыр. Таланттардын бар экени даана байкалып туру, талыкпай эмгектенсең сенден чыгат бир нерсе.

Муслим үн катпай, уялгансып жер карап, менин колуман өз чыгармасын алды да, машинкага бастырып келүү үчүн сыртка чыгып кетти. Мен өзүм жалгыз калган соң, азыркы эле окуп чыккан «Айылды эңсейм» деген аңгеменин окуясын көз алдыма келтирип, ошону менен бирге өзүмдүн айылым – Тулганы ойлоп, ага окшоштуруп, айылды сагынуу сезими козголуп кетти. Жүрөгүм катуу сокту. Башымды чеңгелдеп, көзүмдү жумуп, тунжурай түштүм. Айыл тарапка көптөн бери бара элекмин. Илим-билим, турмуш көйгөйү, жумуш дагы башка көртиричиликтер менен алпурушуп жүрүп, туулган жеримди унута жаздапмын. Бул кечиримсиз!

Муслимдин аңгемесиндеги окуяга оюмду бурууга аракеттендим, ошентсем жеңилденип калар бекемин деп үмүттөндүм. Ана, шаарга окууга келген өспүрүм бала айылын аябай сагыныптыр. Жатакананын балконуна чыгып алып, дандырга жапкан нанды эңсептир. Апасын, атасын бир көрсөм деп дегдеп, талканды айранга чайып жеп отурган кичинекей карындашы Лираны көз алдына келтириптир. Анан орто мектепти бирге бүткөн кыз Розаны, экөө жарышып чуркап ойногон талаа гүлүн, тээ ары жакта жайылып жүргөн кой-эчкилерин, алардын маарап-чаараган үндөрүн эстептир. Беш беттен ашпаган бул чакан чыгарманын мазмуну ушул. Жүрөк жылытат!

Ооба, келерки берүүлөрдүн материалдарына албетте бул аңгемени коштум. Аны диктор дагы жакшы,

көркөмдүүлүгүн келиштире окуптур. Ара-арасына музыкасын да кошуп, мазмунуна ылайыктап ырлардан да тандап киргизип койдум. Башкы редакторум мен даярдаган теманы угуп отуруп, чынын жашырбай айтыш керек, тим эле өзүнчө жыргап, моокуму канып, башын улам-улам чайкап коюп, маашыркана угуп отурду. Анын жүзүнөн мен өз жаш кезин кыялданып, кыялына келтирип, терең ойго берилип жатканын байкадым. Биринчи жолу өз алдымча берүүлөрдү даярдап, биринчи жолу аны обого чыгарып жаткандыктан, мен үчүн бул сыноо эле. Өтө тынчсызданып жаттым. Өйдө-төмөн ойлор келе берди. Чынында жоопкерчиликти сезүү канчалык оор! Журналисттик жөндөмдүүлүгүм, талантым мына ушул биринчи эмгегимен билинет эмеспи! «Эмне дээр экен? Кандай болор экен?» – деп оюм онго бөлүнөт.

Мына, азыр мага башкы редактор өз оюн айтат. Ал мага бир карап алды да, көпкө үн катпай турду, анан минтип сөз баштады:

– Жакшы! Музыкалык жасалгалооң да, материалдын маанилүүлүгү да жаштарга ылайыктуу түзүлгөн. Бирок Зейнеп Шакеевадан башка ырчылар жок бекен? – деп мыйыгынан күлүп койду. – Аны жакшы көрөсүң го?

– Үнү өтө жагымдуу! Созолонтуп, шашылбай, түшүнүктүү кылып, абдан уккулуктуу ырдайт! Мага айрыкча «18 жаш», «Күн чыгышым», «Чагылган» деген ырлары жагат!

– Ооба, үнүнө жараша өзү татынакай! – деп мага теңтушундай мамиле жасаганына ичим жылый түштү. Бирок бул жашынакай мамилебиз тез эле тетирисинен кетти. Авторлорго коюлган акчаларды чекеден кыскарта баштады. Анын себебин сурасам, үн катпады да, сыртка чыга беремде токтотуп алып, мына буларды айтты:

– Сен али жашсың, ишке жаңы эле келдиң. Студенттик кез башка. Романтикага, фантазияга бай келесиңер. Турмуштун өзү такыр башка. Акчаны көп

коюп салыпсың, жигит. Жолдош-жоролоруңа жан тартсан мейли дечи, бирок акча маселесине келгенде этият бол. Бул казынанын мүлкү, чектелүү. Бул биринчи эскертүү, экинчиси, сен уктуруунун аягына өз фамилияң атыңды айттырбагын. Мынчалык деңгээлге сен али жете элексиң. Бара-бара, элге эмгегин сиңгенде, он-он беш жылдан кийин гана атак-даңкка умтулсаң жарашат!

– Менде андай ой жок. Башка редакциялардын редакторлору өз фамилияларын, аттарын айтып эле жүрүшпөйбү?

– Ай, сени десе! Аларга теңелбегин! Алар көп жыл бою иштеп, эмгеги сиңип, дасыгып калган ардагер журналисттер. Аларга теңелбе!

– Макул байке, эсте болсун мындан ары!

– Анан, дагы айтамын, акча коюуга келгенде көп эле берешендик кылбагын, баатыр!

– Билем, ар бир жанрдын өз нормасы бар. Аны карап туруп койдум.

Мына ошентип, бул күн да бүттү. Күндөр өтө берет, өтө берет. Айлар айланып, жылдар жыла берет. Өмүр да өтө берет. Баары өтөт! Мына, айткандай эле иштегениме бир жылдан ашык убакыт болуптур. Ошо алгачкы күндөрүм эми эске түшөт аргасыздан. Биринчи айлыгым, сентябрь айынын манаясын алганда: «Биринчи эмгек акым!» – деп туруп, эски болсо да базардан «Рекорд» радиоприемнигин сатып алган болчумун. Мына азыр ошол бакылдап сүйлөп, дүйнөнүн төрт тарабынан жаңылыктарды угуп жатам. Өзүм редактор болуп иштеген «Жаштардын үнү» радиостанциясынын берүүлөрүн да угам, угам да өзүмчө ыракаттанып калам. Менин жүзүмдөгү жылуулукту сезген Марипа да мени менен кошо сүйүнөт, кубанат. Зейнеп Шакееванын созолонткон обонун угамын. Ал чыгармачылыгыма дем-күч берет, шыктантат. Анан балдарымды жетелеп көчөгө чыгам, ары-бери басам. Акча болуп калган учурларда куурчак театрына алып барам.

## ЖЕҢЕ

Түштүктүн пахтасы бажырайып ачылып, аны терип-жыюу учуру кызып турган чакта, мени Жалал-Абадка бир айлык командировкага жөнөтүштү. Сузак, Ленин, Базар-Коргон райондорун кыдырып, алдыңкы теримчилерди, жылдык планын толтурган пахта бригадирлеринин үндөрүн тасмага жазып, радиого тез арада жөнөтөм. Эң зарыл болгон кабарларды телефон же телеграмма аркылуу да билдирип турам. Түштүктүн ысыгы-ай! Сентябрь айы аяктап бараткаиына карабай, аба үп, күн жазырап, тик төбөдөн ийип турат, тим эле демиң кысылат. Талаалар, көчөлөр, деги бардык жер чаң. Пахта ташыган тракторлор прицептерин сүйрөп, машиналар брезент менен жабылган пакталарын шаардагы пахта жыйноочу пунктка карай кым-куут каттайт. Алар жаныңан өткөндө, бут үстү-башың чаңга буланат, арган жок, кагынып коюп, андан ары жолуңду улап кете бересиң. Кирпигиңе чейин бозоруп, чарчап-чаалыгып, пахта кырманына араң жетемин, суу сураймын. Талдын көлөкөсүнө барып дем алам. Жаным жай алып, дароо уйкум келе түшөт. Уйкудан өткөн күчтүү, уйкудан өткөн таттуу нерсе барбы? Талга сүйөнүп чырм этип алууга да үлгүрөм. Аңгыча, түш болуп калган окшойт, келин-кыздар пахталарын көтөрүшүп келе башташат убап-чубап. Таразакеч буга даяр. Ашпозчу Айша эже түшкү тамакты эчак даярдап койгонбу, тал түбүнө катар коюлган сөөрүгө көчүк басып, жайма-жай чай ичип отурат. Ага ишенсе болот. Демек, менин азыркы ач курсагым тоёруна шек санабайм! «Эй, кабарчы бала! Кел, чай ичип ал! Талаа-түздө сага да кыйын болду да шордуу! Үстү-башыңды карачы, кирдеп бүтүптүр! Борбордук гезиттин кабарчысы деген сендей болобу? Керилип-чоюлуп машине менен жүрбөйбү! Бул көрүнүшүң менен сени бирөө тоготпойт, ботом!» – дейт. Күлүп коюп үн катпайм. Чындык да, тамаша да кошулуп айтылган бул сөздөр мага ар күнү, ар жерден, ар ким-

ден угулат. Ага арданбайм, кемсинбейм, өзүмдү паска чаппайм! Ар бир кесиптин оору да, жеңили да, таттуусу да, катуусу да болот.

Мына, мен Жалал-Абат шаарынын автовокзалында турам. Азыр гана чогулткан жаңы кабарларды баарын аэропортко барып, аерден самолёт аркылуу Фрунзеге, радиокомитетке жөнөтүп жибергемин, көңүлүм тынч бул ишим аткарылып койгонума курсантмын. Эми кайда барсам өз ыктыярым. Маңдай жагымда токтоп турган «Жалал-Абат – Орто-Азия» деген жазуусу бар бир көгүш түстүү автобуска түшүп, жеңем Алакүчүк кызы Аккыз жашаган айылга кете берсем болот. Мени эч ким кой-ай дебейт. Көктө сабалап учкан бүркүт сыяктуу жалындаган жаш жүрөгүм ошол жакка карай жүткүнөт. Жыл айланып, он эки ай эл аягы тынбаган мына ушул автовокзалда, күндө эртең мененден кеч киргенге чейин эл кымкуут. Мурда бул жер какыраган ээн, таштактуу жер эле. Сай-сайлап аккан ылай, кир суулар али көз алдымда турат. Эми көрсөң таанылгыс болуп, минтип өзгөрүп, айланасы дүпүйгөн бак-дарактарга оронгон чагы. Аэропорт тарапта «Спутник» шаарчасы пайда болду.

Асыл жеңем! Алтын жеңем! Билем мен сиздин кайда экениңизди! Териштирип, сураштырып жүрүп, акыры таптым дайыныңызды. Көрсө, Көк-Жаңгак шаарында экенсиз. Өмүрлүк жолдошуңуз Эргеш шахтер, өзүңүз азык-түлүк дүкөнүндө сатуучу болуп иштеп жатканыңызды да уктум, билдим. Айланайын ардактуу, урматтуу жеңем! Сиз менин бала чагымды элестетесиз! Ошо бала чактагы жүрөккө толгон мээримиңиз мелт-калт бойдон бир тамчысы да коробой, дале болсо күнү бүгүнкүдөй көөдөнүмдө турат! Ал эч качан өчпөйт, унутулбайт. Ооба, сиздин кайсы калаада жашап жүргөнүңүздү анык билсем да, барбай жүргөнүмдүн себеби бар. Анткени сиздин ошол кездеги келишимдүү тулку боюңузду, ажардуу жамалыңызды, түтөгөн кара каштарыңызды, балбылдап жанган көздөрүңүздү ошо кездеги бойдон өзгөрүүсүз жүрөктө сак-

тап калайын деген ойдомун. Анткени сиз андан бери көп азап-тозокту баштан өткөрдүңүз, алдан-күчтөн тайдыңыз, бирок мен үчүн өзгөргөн жоксуз!

Билем жеңе, саябан арабага түшүп, бизге келин болуп келген жылы согуш башталды. Арадан бир ай да өтпөй, Абдымомун акем майданга жөнөп кетти. Сиз күттүңүз! Беш жыл күттүңүз, он жыл күттүңүз! Акем келбеди. Биздин Тулга айылынын келин-кыздарынын арасындагы сулуу, акылдуу аялдарынын бири сиз элеңиз, жеңе! О, андан бери арадан көп жылдар өттү. Баары бир сизди көргүм келет, сизди сагындым! Бала чагым менен бетме-бет келип, сүйлөшүп, баарлашкым келет, жаным жеңе!

Сиз анан... күйөөгө чыктыңыз!

Автовокзалда дале турам далдайып: «Барсамбы? Автобуска чыга берсемби?» – деймин арасат ойго чөмүлүп. Кыргыз жергемин түндүгү менен түштүгүнө самолетко түшүп көп эле жолу каттадым. Ошо ар бир каттам сайын, самолёт абага көтөрүлгөндө айнегинен төмөн жакты карай берем. Сиз туулуп өскөн кыштакты издейм көз каректерим кадалып. Кичинекей түйүнчөктү мыжый кармап, ээн талаа, эрме чөлдө бараткан жалгыз караан көрүнөт. Аны сизге окшотом. Анткени сиз дагы акеми күтүп-күтүп, акыры кан майдандан келбей турганына көз жеткен соң, атам менен апамын уруксаатын, ыраазычылыгын алып, анан гана үйдөн чыккансыз. Мен артыңыздан ээрчип ыйлагам. Эт-бетимен жерге жыгылып, жер чапкылап чаңыргам. Сиз мени өйдө тургузуп, чаңымды каккылап, маңдайыман сүйүп, эркелетип, көздөрүңүздөн мончок-мончок жылуу жашты агызгансыз, жаным жеңе! Бооруңузга кысып, көпкө дейре солкулдап, бетиңизди жууп бараткан туздуу жашты буулуга-буулуга жуткансыз! Сиз мен үчүн нурун чачкан күн элеңиз! Мүрөк суу элеңиз! Дымыксам жан киргизер таза аба элеңиз!

Ана, самолёт Шыбак-Бек ашуусунун үстүнөн өтүп баратат. Адыр ашып бараткан жалгыз караан көрү-

нөт. Кызыл жоолук, ак көйнөкчөн. О, жеңе, сизди мен жомоктордогу периштелерге окшоштурам! Ушунчалык шайыр, шаңдуу, ачык-айрым, ай жүздүү келин элеңиз, чиркин! Бүт Тулга айылы, а түгүл коңшу айыл-ападагылар да сизге суктанышчу, таң калышчу! «Келин деген ушундай болсо!» – дешип, жаштар түгүл, айыл аксакалдары деле угуза айтышчу.

1944-жылдын жаз айлары. Анда мен он-он бирлерге барып калсам керек эле. Ошого чейин мектеп босогосун аттаган жок элем. Ата-энем өлүп, көрүнгөндүн колунда жүргөмүн. «Жалал-Абат шаарында балдар үйү бар имиш!» – деген жаңылыкты уккандан кийин, ошол жакка жөнөп калдым. «Жеңемди көрүп, учурашып кетейинчи» – дедим.

Жеңем сыртта короо тазалап жүрүптүр. Аны дароо тааныдым.

«Жеңе! О, жеңе!» – деп чаңырып барып, ташка чалындым да жыгылып түштүм. Тиги боюн түздөдү да, мен жакты бир карап алып, шыпыргысың ары ыргытып жиберди:

– Айланайын кичине бала! Кайдан келип калдыңыз биерге!? – деп чуркап келип, мени ордуман тургузуп, бек кучактап өпкүлөп-өпкүлөп жиберди.

– Үйдөн келатам! – дедим үстү-башымды кагынып. – Шаарга, балдар үйүнө барамын!

– О, айланайын кудай-ай! Бул эмне дегениңиз? Апамдарчы, атамдарчы, эжеңиз Лайличи? Алар кайда?

– Өлгөн! – Жеңем өңгүрөп жиберди. Жанагыдан бетер мени катуу кучактап, үнүмдү бирөө угуп койбосун дегенсип, бетин менин чаң, тытылган жаман чапанымдын арасына ката коюп катуу ыйлады. Бул көпкө созулду. А мен шаарга шашып жатам. Күн кечтеп баратат. Жеңемдин үйүнө кирүүгө болбостугун жакшы билемин, күйөөсү, кайын ата, кайын энеси бар, бүт колу-коншулары сынап, карап, таң калып турат. Жүр дегенде да мен ага көнмөк эмесмин. Жеңем деле антип айтмак эмес. Демек, бири-бирибизден таарынбайбыз. Мына жолуктук, көңүл аз болсо да тынчыды, бирок

жаман жери өткөнкү күндөр козголду: атам менен апамдын, Лайли эжемдин өлгөнүн угуп, жеңем кайгыга малынды.

– Эй, кичине бала, акеңизден кат барбы? – деди жеңем көз жашын сүртүп жатып. Мен баш чайкадым. Биз жол четине чыктык. Жеңем бир демелерди шыбырап, өлгөндөрдүн арбагына арнап куран окуган болду. Бата окулду.

– Кичине бала, коё туруңузчу! Мен азыр! – деп жеңем үйүнө чуркап кирип кетти. Тез эле нан алып чыкты. Колтугума катты:

– Жолдо жеп кетиңиз! Башка эмне дейин эми? Өзүңүз баарын түшүнүп турасыз. Чоң жигит болуп калыпсыз, азамат! Акеңизге куюп койгондой оп-окшош экенсиз, кичине бала! Дал эле өзү, тооба-аа! Азыр мен акеңиздин өзүн көргөндөй, дидарына тойгондой болуп турам! Атайын учурашып кетейин деп, ушул жолго салыпсыз, ырахмат, кичине бала! – деп жеңем эпилдеп-жепилдеп.

Шаарга ире-шире түшкөндө кирип бардым. Чайханада жаттым. Эртеси бир милиционердин жардамы менен балдар үйүнө кабыл алындым. Мени менен кошо Люба деген орус кызы да базардан кармалып, балдар үйүнө барды. Ал өтө жүдөө, өтө арык эле. Бутунда ботуй, үстүндө жыртык, жалаң көйнөк. Үшүгөндөнбү же ачкалыктанбы, эриндери көгөрүп кеткен, көздөрү ары кирип турат, нуру өчүп бараткандай.

Люба экөөбүздүн жашыбыз бир экен. Ошондуктан, окуган классыбыз да, иштеген жерибиз да бир болуп калды. Ал маалда жаш-кары кичине-чоң киши дебей жапа тырмак ишке чыкчубуз, жан үрөп иштер элек. Колубуздан келгенин аябай эмгектенер элек. Чоңдор менен тең туруп, тең жүрүп, тең сүйлөшүп, тең оокаттанып, азапты да тең тартар элек. Ар бирибиздин жаш курагыбызга жараша жумуш табылчу. Мен адегенде инструменталдык цехте токардык кесипке үйрөнчүк болуп жүрдүм. Сабактан келер менен заводко карай жөнөйбүз. Ар бирибизге бөлүнгөн иш

бизди күтүп турат. Тыныгуу, дем алуу дегенди билбейбиз. Кээде цехтин өзүндө уктап калабыз. Станоктун жанына кыйшая калып, кичине ирмеп алган болобуз да, кайрадан иштей баштайбыз. Цехтин ичи суук, үстүбүздөгү бушлат, фуфайканы чечинбей, апталап, жумалап жүрүп калабыз, мончого түшүүгө чоло тийбей калчу.

Бир күнү биздин заводдун клубунда «Эки жоокер» деген кино болуп калды. Ага бардыгыбыз чогуу бардык. Көрдүк. Аябагандай жакшы, кызыктуу кино экен. Айрыкча биз өңдүү балдарга зор таасир калтырды. Али эсимде. Башкы каармандын ролун ойногон артист Марк Бернестин өлбөй тирүү калышы бизди чексиз кубандырды. Мындан да кызык жери – кинонун музыкасы болду. Ал бизге өтө жагып калды. Көпчүлүк балдар кинодон чыгар менен эле музыкасын кайталап, көчө жаңыртып, обондорун созуп киришти. Бирок ырдап текстин билишпейт эле. Мен Марк Бернестин кинодо ырдаган ырын ошол эле замат жаттап алган болчумун. Эртеси мектепке, андан ишке келип, өзүмчө ичимен күңкүлдөп ырдап жүрдүм. Балдардын арасынан кимдир бирөө муну угуп, дароо башкаларга айтып жибериптир. Ошондон кийин ырдап берүүмдү сурана башташты. Мен макул болдум. Күнүгө ырдап жүрдүм. Ошентип, бара-бара, инструменталдык цехтин «сүйүктүү ырчысы» катары «таанылып» кеттим. Мен цехтеги жумушчулардын ичинен эң кичүүсү элем. Үстүмдөгү бушлаттын этеги тиземен ылдый түшүп, сүйрөлүп жүрчү. Жеңим узун келип, аны түрүп алсам деле, улам жазыла берип, жүдөтүп да жиберчү.

Мен цехтин орто ченине табуретка коюп, анын үстүнө тыпыйып чыгып алчумун да, үнүмдү катуу, уккулуктуу чыгарууга аракеттенип ырдай берчүмүн:

«Темная ночь, только пули свистять по степи...»

Обонун ушунчалык келиштирип, окшоштуруп айткандыгыма өзүм да ыраазы болуп кетер элем. Кары жумушчулар көздөрүнө жаш алып жиберчү. Люба, жанымдагы цехте иштеп жаткан, мени жал-жал карап

коюп, башын чайкап, «жараайсың ишке» дегенсип, көз карашы менен ыраазы экенин билдирип турчу. Ал эми мени менен бир бөлмөдө, катар кроватта жатчу Валерий деген жолдошум ар убак мен ырдап бүткөндөн кийин жаныма келип, желкеме колун артып, кадимки эле чоң адамдарча улутунуп коёр эле:

– Жарайсың ишке, досум! Сен ырдап жатканда ушунчалык эргийм дейсиң, тим элечи, согушка баргым келип кетет. Эх, Марк Бернес, Марк Бернес! Сен кандай түшүнөсүң, бирок мен бул ыр, бул музыка адамдын жаңы дүйнөсүн ойготкон керемет деп баалаймын! – деп коюп, анан дулдуюп ары басып кетчү. Мына ушундан кийин мени: «Биздин цехтин кичинекей Марк Бернеси» деп атап калышты.

Ал күндөр артта калды. Орто мектепти бүттүм. Жогорку окуу жайына жөнөтүштү. Аны бүттүм. Мына эми журналистмин! Журналист – эл жарчысы! Эртең Көк-Жаңгак шаарына жөнөш керек. Редакциядан берилген тапшырма ушундай. Фрунзеден белгилүү жазуучу-акындар келишип, шахтёрлор менен жолугушуу өткөрүшөт экен. Мен да алар менен бирге болушум, жолугушуунун жүрүшүнөн репортаж алышым керек экен. Редактор бүгүн эрте менен телефон чалып, мага катуу буйрук берди. Бирок бир жагынан жакшы болгону менен, экинчи жагынан алып караганда, ал жакта жеңем жашарын ойлоп: «Кокусунан ага жолугуп калсам эмне болот, кандай абалда калам?» – деген ой менин тынчымды ала берди. Күйөөсү шахтёр эмеспи, ээрчишип келет да.

Ушундай уйгу-туйгу ойлор менен алпурушуп жатып, таңды атырдым. Эртең мененки саат сегиздерде биринчи рейс менен борбордон келишкен жазуучу-акындарды тосуп алуу үчүн аэропортко жетип бардым. Жалгыз эмесмин албетте, шаардын өкүлдөрү, жетекчилери да бар арабызда.

Түш ченде атайын бөлүнгөн автобус менен Көк-Жаңгак шаарына карай жол тарттык. Жүрөк дүкдүк согот! Оюман жеңем кетпейт:

«Айланайын кичине бала! Кайда жүрөсүң? Кантип келип калдың биерге? Жүдөп бүтүпсүң го шордуум! Айланайын кичине бала-ай! Колуман эмне келет? Эмне кыла алам мен!? Акеңизден кат-кабар барбы?» – жеңемдин ушул сөздөрү кулагыма жаңырып, угулуп турат. – Сиз акеңизге аябай окшошсуз. Тим элеби, куюп койгондой окшошсуз, кичине бала!»

Ким билет, балким окшош болсом окшоштурмун. Мен акемин өңү-түсүн жакшы элестете албайм. Чоңойгондо өзгөрүп да кеткендирмин. Баары бир тааныса керек? Анда күмөн жок. Мен буга ишенем!

Залда эл толо. Аба үп. Жолугушуу убактысы жарымдап калганда мага сөз беришти. Трибунага чыктым. Сөздү ортолой бергенде элдин арасынан акем Абдымомундун атын айтып чакырган аялдын катуу, ачуу үнү залды жаңыртып жиберди:

«Келдиңби? Аман-эсен барсыңбы? – деди ал кош колун алга сунуп.

– Мен мындамын, тирүүмүн! Күттүм сени, көп жыл күттүм!»

Жеңем экенин жазбай тааныдым. Ооба, бул жеңем! Мындай болорун күн мурунтан билгем! Жүрөк сезген! Сөзүмдү токтотуп, шалдайып туруп калдым! Мындай чакта эмне кылуу керек? Бул аялдын аянычтуу, ый аралаш үнү биердегилердин баарын ойго салып, таң калтырып койду. Эл ичи күбүр-шыбыр болду.

– Ай, Аккыз, кайда баратасың? – деди бирөө. – Сен эмне соосуңбу? Акылыңдан адаштыңбы? – Аял буга кулак салбады. Мени утурлай басып келе берди. Шашып калдым. Трибунадан ылдый түшүп, жеңемдин алдынан тосо чуркагым да келди. Айбыктым. Бир чечимге келе албай, жүрөгүм туйлайт дүкүлдөп! «Эмне кылсам? Өзүмдү тааныткамбы? Же тек эле койсомбу?» – Ал аңгыча жеңем залдын орто ченине келип калды да, анан эле бою теңселе түшүп жыгылды! Жанындагылар тура калышып, башын көтөрдү, эл аны ороп калды, дүрбөлөң түштү.

– Абага! Абага алып чыккыла! Суу сепкиле! – дешти тургандар. Мына ушул көз ачып жумганчалык убакытта болуп өткөн окуяга эч ким түшүнбөй, калды. Муну экөөбүз гана билебиз! Туурабы? Экөөбүз гана...

– Кызык! – деп таң калышты жазуучу-акындар да бир-бирин карашып. – «Бул кандай болуп кетти? Ким өзү бул аял? Эмне үчүн эси ооп жыгылды? Бир сыр бар мында?

Менин мындан кийинки сөзүм анча деле коошподу. Сүйлөп жаттым, бирок эси-дартым жеңемде эле. «Эмне кылсам? Жеңем экөөбүздүн баштан өткөргөн оор турмушубузду ушул отурган көпчүлүккө айтып берсемби?» – деген ойго оодум да акыры ушул пикиримди туура деп таптым. Дагы кошумча убакыт сурадым. Жок дешпеди. Залдагы эл угуп отурушту. Канчалык мааниде кызыктуу кылып, жеткирип, түшүндүрүп айтып бере алганымды билбейм, бирок ошол күнкү жолугушуунун эң кызыгы болду деп айтышты кийин мага жазуучулар.

– Анан, кийинкиси эмне болду? Жеңен менен жолгуштуңарбы? – деп сурашат көпчүлүк менден. Жок, андай учур болбоду.

–Эмне үчүн?

–Каалабадым. Жеңемин жүрөгүн эзбейин дедим. Өзүмдү да кыйнабаганым жакшы деп эсептедим. Мындай жыйынтык туурабы, жокпу, ким билсин?

Ошол күнкү жазуучуларга жарыялап, баян этип берген аңгемемди азыр силерге да айтып бербесем болбостур, боорукер окуучум, окугулачы!

Чынында, Аккыз жеңем, Аккыз дегенчелик эле бар болучу, сулуу эле, сулуунун да ак жуумалынан келген сулуулардын сулуусу эле. Ушундай жеңем бар болгондугу үчүн сыймыктанар элем, өз ичимен башка балдарга мактанар элем. Алардын ушундай, жоогазындай, мөл булактай мөлтүрөгөн жеңелери барбы? Жок! Жүзүнөн нур тамылжып, көздөрү оттой жанып, кундуздай кара коюу чачтары такымга түшүп, жалтырап турчу. Көчөдө суйсала басса, кериле адым таштаса,

жашы-карылардын баары суктанышып, күбүр-шыбыр этишип, таң кала карап калышар эле. Анын адамгерчилиги, жибектей созулган муңайым, майын мүнөзү баарыбызга жакчу. Шайырдыгы, шаңдуу күлүп-жайнап жүргөнүн көрүп, биздин да ажарыбыз ачыла түшчү. Азыр деле күнү бүгүнкүдөй көз алдыма даана тартылып турат. Жазгы жамгырда бажырайып ачылган жапайы гүлдүн өзү эле. Жеңем менин жоогазыным! Жеңем менин өмүр азыгым! Жеңем менин алтын казыгым!

Айылыбыздан анча эмес Тентек-Сайдан жайыкышы үзүлбөй таза суу агып турчу. Жеңем бакан менен эки чака сууну көтөрүп, ийреле басып, сай менен айылдын ортосундагы ээн талаадагы кызгалдактарды, сыя гүлдөрдү аралап, аярлай адым таштап келатканын азыр да, ушул учурда да элестетем, айыл четине чыгып, аны суктана карап, кээде чуркап алдынан тосуп чыккан сары бала мен элем. Ошол мен болгонума сыймыктанам.

«Кичине бала, келдиңизби? – деп боюн саал пастатып, ийилип, эки чаканы жерге койчу да, баканды мындай коё коюп: «Кана, кичине бала, мага жетип алыңызчы!» – деп гүл аралап чуркап калчу. Куушуп ойной баштоочубуз. Жеңем акыры чарчаганда, гүлдүн калың жерине жата калып, көктү тиктеп, бироокумга үн-сөзсүз жатчу.

Бир күнү жеңем: «Ай, кичине бала, бери келиңизчи! – деп мени өзүнө чакырып алып, оболу бооруна кысып эркелетти, бетимен өөп, анан бир колу менен арт жагына бекитип турган казандын көөсүн кашыма сыйпап, боору катканча каткырып, ары басып, бери басып, санын чаап күлө берди. Уктап жаткан кезимде да ошентчү. Саар менен уйду саап келатып, чакадагы толо сүттү көтөрүп турган бойдон көө сыйпалган кашымды карап алып күлө берчү. Кээде апам арага түшүп: «Койсоңчу, Аккыз! Менин сары баламды антип кыйнабачы!» – дечү.

## ЛЮБА

Журналисттик жумуш татаал жооптуу, кооптуу жана ардактуу деп эсептейм. Көпчүлүк менен бир болосуң, жолугасың, сүйлөшөсүң, алардын тагдырлары менен таанышасың. Ал эми адамдын жашоосу ар кырдуу, ар түрдүү.

Бир айлык командировкам бүтө жаздап, октябрь айынын баш ченинде үйгө кетемин деп үмүттөнүп, даярданып турган кезде редакторуман дагы бир жаңы буйрук келип калды. Базар-Коргон районуна тез аранын ичинде жетишим керек экен. Ошол жакка жөнөп калдым. Газета-журнал сатчу киосканын жанынан өтүп баратып, анын жанындагы аккан сууга карай бастым. Суусаган элем. Аба үп болуп, жазырап ысып, күз күнүнө моюн бербей жаткансыйт. Сууга эңкейе бергенде:

– Жаш жигит, коё туруңуз! – Бул үндү угуп, сууга сунган колумду кайра тартып алдым да, арт жагымды жалт карай салдым. Арыктын жээгинде узун бойлуу, арык чырай, көгүш түстөгү көйнөк кийген ак жүздүү келин турат. Буюмду түзөдүм да, аны кунт коё карап калдым. Келин күлүмсүрөп, эки чакасын шашылбай акырын жерге койду. Анан челектин ичинен көк сырдуу кружканы алып чыкты да аны мага сунду:

– Муну менен тундуруп ичиңиз! Бул түтүкчөдөн агып келген же кудуктагы таза суу эмес да!

– Ырас айтасыз, ырахмат! – деген сөзүмдү аягына чейин угуп-укпай:

– Эгер мен жаңылбасам... сен биздин инструменталдык цехтин «сүйүктүү ырчысы» катары «таанылган» Марк Бернест эмессиңби? – деди.

– Дал өзүмүн! – деп мен бош келбедим. Анан минтип кошумчаладым:

– Сен балдар үйүндө бирге тарбияланган Люба Лаврова эмессиңби?

– Дал өзүмүн! Эми тааныдыңбы? Мен айтпаганда, таанылбай кете бермек экенсиң, ээ? Кайдан келип калдың биерге? Кайда, ким болуп иштеп жүрөсүң?

– Журналистмин. Командировкадамын. Фрунзе шаарында жашаймын.

– Э-э, мына эми билдим. Сенин көптөгөн макалаларыңды, аңгеме, очерктериңди, ырларыңды газета-журналдардан окуп, радиодон угуп жүрчү элем. Бирок атың, фамилияң окшош болсо керек деп, сен экениңди билген эмесмин. Демек, журналист, жазуучу, акын экенсиң да? Белгилүү инсан болуп калыпсың, азамат! Сен ошо кезде эле кыйын элең, максатына жетипсиң! Ырахмат!

– А сенчи? Каерде, ким болуп иштеп жатасың? Үй-бүлөң барбы?

– Эки балам бар, мектепте мугалиммин. Мурдагы, ошо биз тарбиялап жүргөн балдар үйү азыр орто мектеп болуп калган. Ошол жерде иштейм. Күйөөм да мугалим. Орус тили, адабиятынан сабак беребиз. А сенчи?

– Мен да үйлөнгөм, эки балам бар. Университеттин журналистика бөлүмүн бүтүп, радиокомитетте иштеп калдым.

– Азамат! Сени менен бир бөлмөдө жатчу Валерий Вакуленко азыр кайда? Ал жөнүндө кабар барбы? Жакшы бала эле, кичи пейил, мээнеткеч эле.

– Ал политехникалык институтту бүтүп, өз элине, Украинага кетип калган, кат алышып турабыз. Эмки катта сени таап алгандыгым жөнүндө айтайын ага, сүйүнүп калсын. Жолуккан сайын сени сурай берчү.

Люба үн катпады. Мен да үн катпай, бир топко турдук. Ажырашкыбыз, кеткибиз келбей ыңыранып, бир-бирибизге ылымсанап тура бердик.

– Мен эми барайын, – деди анан Люба. – Сабакка барар маал болуп калды. Сен биерде көпкө турбасыңбы? Убактың болсо, биздикине бар, сүйлөшөбүз, мейман болосуң! Мени мектептен табасың, эки сменада иштеймин, мугалимдер жетишпейт. Балким биздин турмуштан алып, бир нерсе жазып да кетерсиң?!

– Сөзсүз, сөзсүз барамын! Чолом тийсе эле барууга аракеттенем!

– Макул эми, көрүшкөнчө кош бол, биздин инструменталдык цехтин «сүйүктүү, мыкты ырчысы Марк Бернес». – Люба Лаврова эки чака сууну көтөрүп, арт жагын жал-жал карап коюп, жылмая күлүп, көптөн бери издеген ардактуу асыл затты таап алганына аябай сүйүнгөн адамдай жүзү албырып бара жатты. Менин кубанычым да андан кем эмес эле! Анын арт жагынан тунжурап, ээнсиреп, эң жакшы адамыман алыстап бараткансыдым.

Ушунча аракет кылсам деле болбоду, Любага жолуга албадым. Редакция: «Тез арада келгин!» – деп чакырып калгандыктан, шашылыш түрдө Фрунзеге карай жөнөп кеттим. Келсем... биз жашап турган үй жок! Түп-тамырынан бери жок! Дубалы гана калыптыр. Аңырайып, чатыры алынып, көзгө суук көрүнүп, ээн турат. Көрүп турган көзүмө ишенбедим, түшүмбү деп да ойлодум. Эс-учумду жыя албай бир топко турдум. Эмне болуп кетти? Үй-бүлөм кана? Мага эми ушул жетишпей жатты эле! Жер титиредиби? Зилзала болдубу? Же бирөө чаап кеттиби? Эмне үчүн мен мындан кабарсызмын? «Тез келгин!» – деген телеграмма же ушундан улам жөнөтүлгөндүр? О, кудай, качан тынчыраак жашаймын? Канча жакшы тилектериме, ой-максаттарыма жетемин? Же ушинтип эле кайгы үстүнө кайгы, азап үстүнө азап тартып жүрө беремин би? Менин эмне жазыгым бар анткидей?»

Жүрөгүм катуу сокту, башым кеңгиреди, денем титиреди, тизелерим калтырады, мээм лукулдап чыкты, капкагын жарып, оргуп чыгып кете жаздады! Ушул кезде үй ээси ары жактан көрүнө калды. Менден озунуп:

– Миша, үй-бүлөн Ленинград көчөсүнө көчүп кетишкен, – деди жай гана, эч бир кабатырланбастан туруп. – Биз өзүбүз үйдү бузуп салдык. Архитекторлор келишип: «Бузгула, эскирип, жарактан чыгып

калыптыр, адам жашоого болбойт. Эгер бир кырсык болсо, силер жооп бересиңер» – деп бизди мажбурлады. Анан айласыздан бузуп салууга туура келди. Али дагы эки айлыгын төлөй элексиңер. Азыр аны берип кеткин. Аялынаң сурасам, сени төлөйт деген.

Уккан кулагыма ишенбейм турдум. Эмне дешим керек эми бул кемпирге? Ачуумду бастым. Дагы жакшы үй-бүлөм тынч экен. Ошого тынч экен. Ошого шүгүрчүлүк кылайын. Бирок ошентсе да, өзүмдүн ички бугумду, ойлогон ой-пикирлеримди айтып калышым керекпи? Же: «Мейли, болуптур!» деп коюп кете беришим керекпи?

– Калп! – дедим тиштерим кычырап, бирок үнүмдү катуу чыгарбоого аракет кылып. Анткени мен маданияттуу, билимдүү адаммын, журналистмин. Ошол жакты эске алдым. – Эне, бул айткандарыңыздын баары жалган! Көрүнүп, билинип эле турбайбы, архитекторлор келген эмес, бул өзүңүздүн жеке оюңуз, алдап жатканыңыз. Эмне үчүн мен барда келбейт? Эмне үчүн бул кабарды сиз буга чейин айткан эмессиз? Башка үй таап алат элем го, мурда айтсаңар!

– Миша, көп кажылдабай, акчаны төлө! – деп кайра мага үстөмдүк кыла баштады. – А то...

– Эмне «атто...?» Дагы бир деме кыла турган оюңар барбы?

– Эч нерсе кылбайбыз, коркпо! Квартиранын акысын төлөсөң эле болду! Андан башка чатагыбыз жок! Негизсиз кыжыңдаша бербей, бол, төлө!

– Мен корккон жерим жок! Коркуп-үркүп бүткөн жанмын!

– Акырын сүйлө, коңшулар угат!

– А-а, коңшулар угабы? Анчалык экен, уят-сыйытыңар бар экен, эмне үчүн бала-чакамды кыйнап, аларды тозутуп, көчөгө айдап жибердиңер? Ушундай кылууга кантип жүрөгүңөр даады? Бооруңар таш экен, адамгерчилик жок экен силерде!

Мен мындан башка дагы көп сөздөрдү айтат элем. Бирок, өзүмдү-өзүм кармадым. Эми чатакташуудан пайда чыкпайт, болор иш болуптур. Жашадымбы, акысын төлөшүм керек, анысы чын. Анткени менен, үйдү бузуп салганы кыжырга тийет, бул чектен чыккан өзүм билемдикке баруу эле! Айла канча!

Эки айлык карызымды ошо замат төлөдүм. Үй ээси лам дебей ары басты. Ичим куйкаланып кетти! Кекиртекке бир нерсе тыгыла түшкөндөй, дем кысталды. Оор үшкүрдүм. Жерге көчүк бастым. Өрөпкүп, өксүп, өксүп ыйлагым келди. Ушинткенимде жеңилденип калармын балким?

«Журналист имишмин дагы! – дедим башымды катуу чеңгелдеп. – Жазуучу имишмин дагы! Иштеген жерим обройлуу, ызаат-барктуу имиш дагы!»

Ичимен кан кете жаздады! Өкүрдүм! Эч кимге угулбаган ички жан дүйнөм өкүрдү чырылдап! Безилдеп, титиреп, калтырап турду денем! Ушундай да болобу? О, жашоо азабы?! О, турмуш казабы! Неге мага күлөсүң? Сен өзү кайда, эмне кылып жүрөсүң? Адаштыңбы? Мени таанибай, таанигың келбей, четтеп, чиренип, керилип-чоюлуп, бой көтөрүп, теңиңе албай жатасыңбы? Эмне үчүн элге окшоп жашай албайм? Эмнем кем? Эмне үчүн тиги көрүнүп турган заңкайган бийик-бийик, кооз, сулуу, жарашыктуу, бардык шарттары бар, жылуу, таза, кызыл кирпичтен курулган үйлөрдө жашай албайм? Укугум жокпу ага? Качан эми мен дагы ошолорго окшоп, үй ичиндеги жылуу сууга киринип, жылуу, таза бөлмөдө отуруп жыргап жашаймын! О, дүйнө! Бири кем дүйнө! Өмүр бою күрөшүп бирине жетсем, эми экинчисине кемип отурбайбы!

Желкемен бирөө секин түрткөндөй болду. Карай салсам Марипа экен. Ордуман туруп, жанатан берки кайгы-муңумду ага билдирбөөгө аракеттендим. Бирок баары бир билинип, сезилип эле турду.

– Малик, келип калдыңбы? – деди ал адатынча жаркылдап күлүп. – Эмне мынча кайгырасың? Ба-

шынды көтөр! Чыдамдуу бололу деп өзүң айтчу элең го мага? Кудай бар! Кудайга салып кой! Акыры биз дагы адам болорбуз? Тилеген жакшы тилектерибизге жетербиз? Иштин баары аманчылыкта, аман-эсен бололу! Балдарыбыз барбы, алар ойноп-күлүп чоңоюшуп жатабы, демек биз бактылуубуз! Ал эми калганы секин-секин болор?

– Анан кантип ызаланбайм, Марипа? Ушу да адамгерчиликпи? Ой, тообо-оо, адам деген ушунчалык да пастыкка барабы?

– Койчу эми ар нерсени ойлой бербей! Бас үйгө. Балдарың сени сагынып, атам качан деп жол карашып, күндө менден сурай берет. Качан келдиң эле? Жүдөп бүтүпсүң го таза эле!

– Азыр эле келдим. Келсем, ушул абал! Таң калдым!

– Өзүн журналистсиң, жазуучусун, жазбайсыңбы ушуларды? – деди да, анан кайра шашыла минтип кошумчалап жиберди:

– Кой, жазба, кереги жок! Тынч жүрөлү!

– Марипа, бул жерге эмнеге келдиң? Буюм-терimдериң калды беле?

– Жо-ок, эч нерсе деле калган эмес. Түндө түшүмдө сени көрдүм. Ушул үйдүн жанына келип, капа болуп отурупсуң. Анан бүгүн келип калат окшойт деп бастым эле бул жакка.

– Жакшы кылыпсың, силерди издеп таза убара болот элем. Өзүң жалгыз кантип көчтүң, балдарың жаш болсо?

– Байкемдер келип жардам беришти.

Экөөбүз колтукташып, бир-бирибизге жөлөк-таяк болуп бараттык.

Ушул окуядан кийин күндөн-күнгө көңүлүм чөгө берди. Ишке да анча колум барбай, чыгармачылыгым да өксүп бараткансыды. Анын үстүнө балдарыбыз жалаң орусча сүйлөп баратышат. Бирок баары бир ойлонуп иш тутуш керек. Байкемдер менен кеңешип көрсөк жаман болбойт. Китептеримди жарыкка

чыгарууну айылда деле ишке ашырса болот. Анан, айылдан үй табылабы? Эми ушул жагдай ойго салды. Марипа экөөбүз бул тууралуу, бирге отурап калганыбызда эле сүйлөшө беребиз, жыйынтык жок, сөз жүзүндө кала берет.

Бир күнү жумуштан чыгып келатып, университетти бирге бүткөн курусташым Кулуев Курманбекке жолугуп калдым. Ага да айттым оюмду. Ал болсо, менден ушул сөздү далайдан бери күтүп жаткансып, оозуман чыгып-чыкпай эле: «Эң туура ойлопсуң!» – дей салды. Ал райондун музыкалык редакциясында иштөөчү, студент кезибизден тартып ынак элек.

– Туура! – деди ал дагы кайталап. – Мен дагы сага ушул сунушумду айтып көрөйүн деп, бирок капа болуп калабы деп тартынып жүргөмүн. Сен таланттуу жигитсиң! Билим жагынан эч кимден кем эмесбиз, турмуштук тажрыйбага такшалып деле калдың. Майда жаштан өттүк. 28 жаш, бул – акылдын, күчтүн жөндөмдүүлүктүн толуп-ташып турган кези! Чыныгы каармандар айылда!

–Ооба, айылда! – дедим анын сөзүн кубаттап.

–Ана, билет экенсиң го? Сен балдар темасына көбүрөөк кайрылып жүрөсүң, демек аны өркүндөтүш үчүн мектепке иштегин! Сендей аң-сезими ар тараптуу, адабияттын данегин чаккан чыныгы илимдүү-билимдүү интелигенттер абадай, суудай керек болуп турат айылдык балдарга! Татыктуу тарбия-таалимге мукташ алар! Макул эми, кетеринде мага кабарлап койгун. Ушерде иштеп жатышкан курсташтарыбызды топтоймун, жакшылап узатып коёбуз!

–Ыракмат, дос! Көп жакшы кеңештерди айттың! Эсте болот!

–Капа болбо мага, – деди ал коштошор маалда. – Мен Кыргыз радио уктуруу телекөрсөтүү комитетине төрага болуп калганымда, сени чакыртып аламын, өзүмө орун басар болуп иштей бересиң! – Бул тамашалуу сөзгө экөөбүз тең ыраазы болуп, кыраан-кат-

кыра күлүп калдык, черибиз жазылып, кубанып, жеңилденип калдык. Жолдоштук азил студенттик кезде өтө көп болор эле. Мына азыр ошолордун бири да. Тирүү болсок, дагы далай күлөбүз!

Айылга кетерге бир жума калганда, өзүнүн үйлөнүү тоюна чакырып, баягы Артур деген жаш жигит келиптир мени атайын издеп. Ал политехникалык институтту бүткөндөн кийин Ленин атындагы заводдо инженер болуп иштеп жаткан. Экөөбүз кез-кез телефон аркылуу сүйлөшүп, ал-ахвал сурашып, ага-инидей болуп калганбыз. Көчөдөн жолугуп калсак, жакын ортодогу ашканага кире коюп, даам татып турчу элек. Анын үйлөнүү тоюна барып, жакшы иш кылдым. Марипа экөөбүз тең жаштарга кошулуп бийледик, ырдадык. Иштен биротоло бошоп алгандыктан, өзүмдү көктө көкөлөп учкан эркин куштай сездим.

Үйгө кеч кайтып, эртең менен кеч турдум. Самолётко белет алып койгонмун. Бүгүн Жалал-Абатка учуш керек. Жөнөө убактысы 11,5. Дагы бир саат бар экен. Жетишем. Мени узатканы Марипа эки баласы менен бармак. Мына ошентип шаар менен, шаар турмушу менен коштошом. Ооба, менин чыныгы иш ордум айылда. Мен өзүмдүн бак-таалайымды айылдан табам. Буга толук ишенем. Бул үмүтүм сөзсүз жүзөгө ашат. Мага айыл турмушу жагат, айыл жакшы. Айылга бара турган даңгыр жолум ачык болсун!

Алга, арабам! Айылга карай: «Чо-оо!» – дегин. Аргымагым арыбасын! Кыдыр бабам колдоп, кудай өзү жалгасын! Ой-пикирлерим, жан дүйнөм, тилегимдитим жаман жолго барбасын! Чо-оо, арабам, дөңгөлөгүң сынбасын! Күрдөөлдүү иштеп, күлкү менен, шаттык менен күч-кубатың чыңдалсын! Жер айдап, эгин эгип, пахта өстүрүп, суу сугарып, чөп чаап, аны жыйнап жүргөн күндөрдү сагындым! Мектепти сагындым! Мугалим болуп иштөөнү сагындым!

Чамда арабам, айылга!

## АЙЫЛДАН ЖАЗГАН САЛАМ КАТТАР

*«О, асыл айылым! Сени көрөр күнүм бар бекен?»*

*Гораций.*

### Биринчи кат

«Мээрбаным Марипа! Асылым, ардактуум Марипа! Амансыңбы? Ушул катты жазып жатып, сага бир суроо бергим келет? Анын жообун сен оңой эле таба аласын. Адамды өзүнүн адамдык сапатын, касиетин, ар-намысын, абийирин кукумүнө чейин жеп-жутуп койгонго мажбурлоочу күч барбы? Барбы ушундай күч дүйнөдө? Барбы? Мындай баш катырган суроону сен гана чече аласың, жаным! Бул сапарды окуп, мыйыгынан күлүп, бир даар ичин туз куйгандай ачышып, а балким ачууланып: «Бар мындай күч! Ал табылат!» – деп, чечкиндүү чечимге келериң чын. Жаңылуунун жазасы эртеби-кечпи болот! Сен дайыма туура сүйлөп жүргөнүңдөй эле, азыр дагы, ушул катты окуп жатып дагы, жыйынтык чыгаруу жагдайынан жаңылбайсың Туура, көкөйгө көк талкандай тийген мындай күч бар экенине эми ишенип отурам! Адамдын өмүрү арманга толгон. Ал каталыктарга кээде өзүн жол бересиң, өзүн себепкер болосуң. Албетте, кай бир учурда, сырттан, айталы, жумуш жагынан же жолдош-жоролор тарабынан болушу ыктымал. Баары бир, кандай болгон чакта да негизги кемчилик өзүңдө!

Менин жалгыздан жалгыз жароокерим, таянарым, үмүтүм, ак тилегим, ишенген тоом – сенсин Марипа! Эми ошол күчтүү бул жерде терип-тепчип, майдачүйдөсүнө чейин айтып, жазып бере албаймын. Бул темага арнап атайын өзүнчө чоң чыгарма, «Жазгы жамгырдагы жапайы гүлдөр» деген роман жазып жатамын. Анын башкы каарманы – Ошо! Сени, мени

кыйнаган, сени калаага калтырып, мени әлетке жетелеген – Ошо! Эч нерсе эмес! Экөөбүз бир болсок, ал күчтүн ташын талкан кылабыз! Мени кейишке кириптер кылган – менин ишенчээктигим, ак көңүлдүүлүгүм, жамандыкты ойлобой, жүр деген жагына жалтактабай бара бергендигим, куру мактоолорго аңкоо, алдоо сөздөргө өпкөмдү колтуктап, өзүмдү-өзүм кармай албай калгандыгым! Эми эмне кылуу керек?

Бул баткактан кантип, канткенде чыгуу керек? Мен эми мына ушуну ойлошум, анын жолун табышым керек! Мени азгырган жоро-жолдошторум убактынча кумары канып, күлүп, шылдыңдап тура беришсин! Мен аларга көрүнөмүн! Күчүм, талантым, ар-намысым жетишет! Кош, саламат бол. Сенин Малигиң!».

## МАРИПАНЫН КАТЫ

«Малик! Жазган каттарыңдын баарын алып, окуп жатам. Биз тынчбыз. Кабатыр болбо! Өзүңдү ойло, бир нерселерди жазамын деп ооруп калба. Жеңемдин 7-класста окуп жаткан кызы Айгерим биз менен жашап, окуп жүрөт. Балдарды бакчага алып барып, алып келип, үй-тиричилигине да кол кабыш кылып, мага чоң жардам берип жатканына сүйүнүп жүрөм.

Малик! Сенин каттарың барган сайын кызыктай жазылып, мени кээде ойлонтуп, кээде ачуулантып жатат. Көп эле жаза бербесеңчи, аны-муну ойлой бербесеңчи. Оокат-аштан кыйналган жокпуз. Балдар тынч, ойноп жүрүшөт. Анан эмнеге эле кабатыр боло бересиң? Акыркы катыңдагы сөздөрүңө таң каламын:

«Сени кор кылып коёмбу деп корком! Ишеничиңди актай албадым, сага тең эмесмин, кечир!» – деп жазыпсың. Анткидей, экөөбүздүн арабыздан аркы-терки сөз өтпөсө же? Өткөндө деле минтип айтышың керек болчу. Бул сенин китепти көп окуп, көп жазып чарчагандыгың деп түшүнөм. Жалгыз жүрүп, ого бетер керексиз жараксыз кыялдарга берилип жаткан турбайсыңбы?

Анда, келе бер, биерден деле иш табылат. Өзүң кааладың, өзүң кеттиң. Эмне дейин?

Малик! Эми мен сага бул жердеги болгон бир жаңылыкты айтып берейин. Кечээ жакында сен иштеген Кыргыз радио-телеберүүлөрүнүн төрагасы мени чакырып калды. Бардым. Ал киши мени жакшы тосуп алды:

– Кел, кызым, отур мындай! – деди өтө кичи пейилдүүлүк менен. – Жашоо турмушуңар кандай? Малик кайда?

– Ал айылга кеткен, мугалим болуп иштеп жүрөт.

– Чакырган себебим мындай, кызым. Малик мен жокто иштен бошоп кетиптир. Мен ал кезде Москвада элем. Таланттуу, жөндөмдүү жигит катары баалап, аны мен өзүм чакыртып алган элем. Бизге дал ошондой кадрлар керек. Чакырсак кайра келер бекен?

– Билбейм?

– Айтып көргүн, макул тапса, тартынбай келе берсин! Иш даяр!

– Ырахмат! Айтайын. Бирок келиши күмөн. Ошентсе да айтып көрөйүн!

Сөзүбүз ушуну менен бүттү. Кош айтышып чыгып кеттим. Буга эмне дейсиң? Жооп күтөм? Сагынычтуу салам катты жазган, сенин Марипаң!»

## МЕНИН КАТЫМ

«Аруукем! Акмөөрүм! Мөлмөлүм! Өзгөлөрдөн өйдө көргөн өзгөчөм! Жан биргем! Катыңды алдым, окуп чыгып, сага болгон сүйүүм ого бетер күчөдү, алоолонуп күйүп-жанды! Акылым ойгонуп, көзүм ачылды! Эки балалуу болуп калганымды эстен чыгарып, али үйлөнө элек боз уландай сезип жүрөм азыр өзүмдү. Сен кадимки эле баягы, мындан 6–7 жыл мурдагы суу түтүкчөдөн суу алып жаткан кыз бураксың. Кызыл жекте кийип, олоң чачыңды артка таштап коюп, эки чака сууну бурула басып көтөрүп бараткан кезиң али

да болсо көз алдымдан кетпейт! Мен сени дале ошол кездей сүйүп, күйүп, жалындап, артынан акмалап, армандуу күндөрдү өткөрүп жүрөм. Кумарлануу күн сайын артып, толуп-ташып, оргуп, кайнап барат! Бул, сен жогуңдан ойгонгон сокур сезим эмес, бул кумарлануу түбөлүккө, суубуз түгөнгүчө уланып кете бере турган туруктуу, өзгөрүлгүс, жаңылгыс, жылдыздай жаркырап жарык берген ыйык ыйман! Аны дал мына ушул мен айткандай таза, тунук сактап жүрүү жагдайы экөөбүзгө гана байланыштуу экенин менчелик сен деле түшүнөсүң да, жаным!

Сенин мага жазган катың көзүмдү умаштай ачып, көкүрөк черин жазды, акылга-акыл, демиме-дем кошту, көзүмдү тумандаткан ак челди алып салгандай болду. Жүрөктөгү дарттан арылгансыдым. «Эмне эле кыжаалат боло берем? Эмне жетишпейт?» – деп анын түйүнүн таба албай жүрчү элем. Көрсө, иштин баары биякта тура? Өзүмдүн ким экенимди билбей жүрүшүм бул менин чоң кемчилигим, кечирилгис катам! Мындай экенимди сенин катыңды окугандан кийин билдим. Башымды чеңгелдеп, оор дем алып, бүткүл өткөн өмүрүмдү көз алдыман бир сыйра өткөрүп чыктым!

Мен бутаксыз теректин учуна тырмышып жүрүп араңдан зорго чыгып, алып, анан кайра анын астынан аралатып жаткан акмак адамга теңелериме аз калган элем. Муну сен, Марипа, өз маалында токтоттуң! Бул жакшылыгың үчүн өмүр өткөнчө сага таазим этип, башымды ийип, кулуң болуп өтүүгө мен даярмын, жаным! Арабаны бир адам тарта албайт, жалгыздык жаман, жаңылууларга жол бересиң, кыйналасың. Эгер мен мурдагыдай жүрө бергенимде, душмандарымдын чырагына май тамып, аларга кудай берип калмак экен. Чыйралышым керек!

Ырас. Өзүмдүн өжөрлүгүм менен өзүмдүн тели-теңтуштарымын арасынан суурулуп чыктым, бул биринчи тепкич эле. Эми мен: «Катардагы жазуучу болуп калбоонун аракетин жасашым керек: « Бул экинчи

тепкич. Кийинки максатым чоң жазуучу болууга, үчүнчү тепкичке чыгууга умтулушум зарыл. Ушуга жетсем деп эки көзүм төрт, жүрөгүм өрт!

Баш-аягымды кагынып, бир жеңилденип алдым, акылыма келдим. Бирок, даңкка жараша, анын жүгү да оор болот. Аны көтөрүп жүрүү ар кимдин эле колунан келе бербейт, кыйналганда, жаны кейигенде, таштап жибериши мүмкүн. Ал өтө жоопту, ары ардактуу! Оңой оокат жок! Чыдаган жеңет! Эрки бош тор жеңилет!

Сүйүктүүм Марипа! Силерди көчүрүп келүүгө да аз убакыт калды. Мага жакында үй бергени жатышат. Эгер алсам, аны актап, кем-карчып жасап, оңдоп-түзөп дегендей, арадан бир топ күн өтөт. Уулубуз Айбек быйыл 1-класска, кызыбыз Айгүл бала бакчалардагы даярдоо группасына барат. Алардын да келечегин ойлойм. Мектеп ачыларына бир ай калды. Биз азыр мектеп окуучулары менен бирге алыскы тоо арасында, чөп чабыкта жүрөбүз. Окуу башталары менен эле пахта теримге айдайт. Суук түшкөндө келебиз мектепке. Каерде жүрсөм да колуман калем-кагаз түшпөй, романымды аяктап алайын деп аракеттенип жатам. Эмгегибиздин үзүрүн көрөр мезгил келип калаар? Кудайдан жакшылыкты, аманчылыкты тилейли! Андан үмүт үзбөйлү. Бакыт деген бул үйрөтүлгөн куш эмес, каалаган убакта колуңа келип конуп берчдей! Аны изде, тап!

Жаным Марипа, кош эми көрүшкөнчө! Сен менин көпөлөгүмсүң! Тайгалансам таянарым сенсиң! Сенден келечектеги бак-таалайды, үйдүн кутун көрүп турам, секетим! Бүгүн түшүмдө айга кол серпип жатыптырмын. Анын нуру адегенде манжаларымды жылытып, ал бара-бара денеме тарап, жанымды жыргатып, мемиретип салды, тим элечи, тим эле мени бирөө бешикке бөлөп, терметип, алдейлеп, эркелетип жаткандай туюлду. Албетте бул жакшылыктын жышааны! Келечек мага кеңири койнун ачып, кел берилип чакырып жаткандыгы деп билемин. Ойгонор менен сүйүнгөнүмдөн

улам көздөрүмө жаш алдым. Жакамды кармап, кудайды миң мерте дилиме, тилиме алып, чын ыкласым менен Алла Таалама сыйындым:

«О, Жаратканым, жетимдин жүзүн жарык кылгын! Ишим ийгиликтүү жүрсүн! Чыгармачылык ылхам келе берсин! Китептерим жарыкка чыксын! Элге жаксын! Элге жаксын, жаштарды тарбияласын, жүрөгүнө уяласын! Ушундан таасирленип, таалим-тарбия алып, ак жолго түшүшсүн, эл-жерине керектүү, пайдалуу адамдардан болушсун! Элиме, жериме тынчтык бергин, Кудай?!» – дедим.

Марипа, жаным, секет кетейин Марипам! Айга менин колум жетти! Бул демек, таалай, бакыт, дөөлөт! Атак-даңк менен байлыктын даңазасы, добулбасы! Үзүлбөгөн үмүттүн шооласы! Кереметтүү келечектин келе жатканы! Аман болсок мунун баарын көрөбүз. Сени терең урматтап, кадырлап-сыйлап, бакыт издеп жүргөн, жаны тынбаган салсаяк сары Малигиң!

## ӨЧ

Бригадир Бакир аке, айылга келгенимде жолугуп калып, мени кучактап, көзүнөн жаш кылгыртып ыйлап жиберди:

– Айланайын үкөм, мени кечирип кой! – Ал шолоктоп, ушул сөзүн кайталай берди. Жаш баладай өпкөсүн токтото албай жатты. Мен эми ага эмне демечимин? Сакалына ак кирип калган кишиге акыл-насаат айтамбы? Калп эле көңүл жубатуу колдон келбейт. Жүрөк муздаган! Ошентсе да бир деме деш керек:

– Коюңуз, Бакир аке! Эч нерсе эмес, өткөн өттү, кеткен кетти! Ойлобоңуз! Ал кезде заман ошондой эле. Ар кимибиз өз милдетибизди аткардык!

– Мен алиге чейин өзүмдү-өзүм жемелеп келем, үкөм! Кызуулук кылдым!

Анан тез эле жашын сүртүп, күлүп минтти:

– О, карачы, зыңкыйган жигит болупсуң! Билгеним, сезгеним ошондо эле! Мен унчукпадым. Кош айтышып басып кеттим. Басып кеткеним менен, жан дүйнөмдөгү кыйналуу кайра козголуп, ичим уйгу-туйгу болуп, өңгүрө-өңгүрөп, сары зилге толгон өпкөмдү жеңилдетип алгым келди! Эгер азыр ээн талаада жүргөн болсом ошентет элем! Айылдаштар менен саламдашпай коюга абийир жол бербейт экен! Антүүгө кудуретим жетпейт, акым да жок. «Деги мен азыр киммин? Тап-такыр башка адаммын! Өзгөргөнмүн, өскөнмүн, жаңыдан жаралганмын! Ушинтип айтууга акым барбы? Чын эле ошондоймунбу? Мен буга, бул жетишкендикке сыймыктанышым керек! Адамдык сапат, кадыр-барк, аброй оңой эле келе койбойт! Аны жоготуп салуу оп-оңой! Мен жаш кезимен бери ушундай болууну тилегемин! Бийиктикке белиң сыздап, ыйлап-сыктап жетесиң! Туура, мен алды-артыман алактаткан ачуу турмуштан, ызалыктан, желкемди жерге матыра жетелеген жетимдиктен өч алдым! Кордукту бир эле Бакир акеден эмес, андан башка да көп эле адамдардан көргөмүн. Ал эми теңтуш балдарчы, суйсалган сулуу кыздарчы? Алардан кемсинтүүнү көрдүм го далай ирет! Ошол куздеги күндөлүгүмө минтип жазыпмын:

«Бул сүйүү – сөөгүмдү сууга салган кандай ээип салды!» – Муну окуп, чеке таянып, оор үшкүрдүм. Көз алдыма – Кундуз, Гүлай, Тамара, Клара аттуу кыздар келе түштү! Алар мени теңине алган эмес, жанына жолоткон эмес! Сүйлөсөм кагып-силкип турчу. Күндөлүгүмдү дагы барактадым: «Мен эмне, бул дүйнөгө ашыкча жаралып калган окшоймун?» – Бул сөздү өзүм жазып, өзүм араң зорго окудум. Анткени тамгалары өтө эле ойду-келди чиймеленип жазылыптыр. Чамамды, ызаланып, буулуп отуруп жазсам керек? Андан ары көз жүгүрттүм: «Менин ички дүйнөмдү эч кимиси түшүнүшпөйт. Бул дүйнөдөн белгисиз өтүп кетүү кандай кордук, кандай ызалык! Мен мындай болгум келбейт! Артыма из калтырышым керек.

Күрөшөм! Күрөшөм! Адам баарынан күчтүү, демек мен күчтүүмүн! Жеңемин! Жеңилбеймин!»

О, жаңырык! Жарпымды жаз күнүндөй жазган жакшылык, жаңылык! Жаркыраган кең келечегим! Мени чакырып жатасыңбы? Таңкы шоола нур чачып, жылдыздар жымыңдашып, мага боор берип, болочокто боло турган, көрө турган тагдырымды чечмелеп, чет жакасын көрсөтүп: «Өксүбө жетим, өргө карай чамда, оку, иште, сабырдуу бол, эрктүү бол!» – деп жатасың, аны билем, сезем!

Мен окуган китептер, кереметтүү кетменим, талаа – ыракмат силерге! Чырпык элем, чынар кылып өстүрдүңөр! Бошошкон болпок бала элем – аны бышырдыңар, ийледиңер, болоттой бекем чыңадыңар! Турмушту таанып-билүүмө бир гана силер себепкер болдуңар! Ар убак таянып, жөлөнүп келген жан шеригим, жан жолдошум, айрылгыс досум – силер болдуңар!

Кыздарчы: Өзүнүн өзөктү өрттөгөн кылык-жоругу менен отко салышкан! Силерге да ыракмат! Силер ошентип, ойкуштанып, оюн салып, мага сыр көрсөткөнүңөр жакшы болду, пайдага чечилди! Бирөөңөргө алданып, адашып, азгырылып кетсем эмне болмок? Кыялым кыйрамак! Тилегим, ниетим, үмүтүм үзүлмөк! Жалын өчмөк, максатым таштай катып, теңине албаган теңтуштарыман өйдө боло алмак эмесмин! Шүгүрчүлүк!

Ошо кыздардын арасынан баарынан өзгөчө айырмаланып, Кундуз алиге эстен кетпейт. Мына эми аны да айылдан жолуктурдум. Оболу жөн эле жолдон жолугуп калса, баш ийкешип саламдашып жүрдүк, анан сөзгө өттүк, ал-ахвал сураштык. Анан бир күнү эле кат жазып, менин колумда 3-класста окуган уулунан берип жибериптир. Мааниси бул: «Келип чай ичип кетиңиз. Бой жүрүп, жүдөп-какап, ысык-суруктан кыйналып да калгандырсыз? Кир-когуңузду жууп берүүгө кол кабыш кылайын. Өткөн күндөрдү унуталы. Жаш кезде жаңылыштык боло берет. Ооба, түшүнбөстүктөр, каталыктар болду. Калганын келгениңизде

жай отуруп сүйлөшөлү!». Каттын аягын: «Сиздин Кундузуңуз!» – деп коюптур. О, Кундуз, «Сиздин Кундузуңуз!» – деп кантип айттың? Кантип ошого оозуң барды экен? Сен ошо кезде мени теңиңе алган эмессиң, ондогон каттарыма жооп болбой, күнү-түнү азап чеккемин, үшкүргөмүн, артыңан акмалап жүргөмүн. Ошондо сен мен үчүн Ай элең, Күн элең! Теңдеши жок гүл, асылзат, аба, суу, өмүр, жашоом элең! Сен болсо сыртыңды салдың! Бир гана жолу кат алдым. Мына ал, күндөлүгүм менен бирге сакталуу турат: «Сен менин теңим эмессиң! Жолуңду таап жүр! Менин сүйгөн жигитим бар, кыпчылбагын! Кимсиң өзүң? Байкушум!» – Мындан башка да көптөгөн ызалуу сөздөрдү мен бул жерге келтирбедим. Кундуз, университетке өткөндөн кийин, күйөөгө чыгып кеткениңди уктум. 4-круска барганымда сенден кат алдым. Күйөөңдүн ичкич боуп кеткенин, анын айынан азап чегип жатканыңды жазыпсың. Эмне үчүн? Эмне үчүн анттиң? Буга менин тиешем жок да! Жооп жазбай-ак койсом болмок, бирок көңүлү калсын, экинчи кат жазбасын деген ниетте, үйлөнүп алганымды, 2 балалуу болгонумду айтып жооп жаздым. Ырас гана болду, ошондон кийин кат келбей калды. Мына эми айылга айланып келгенимде дагы сенден кат алып отурамын. Ыракмат, эстеп жүргөндүгүң үчүн! Бирок кеч, өтө кеч! Эстеп эмне кыласың! Күйөөңдөн ажырашып, 2 балаң менен жашап жатасың. Аман бол Кундуз! Жүрөктөрдөгү тактарды кантип кетиребиз? Жөн эле сыйлашып жүрөлү! Ушундай маанидеги катты жазып берип жибердим. Үйүнө барбадым. Ошо бойдон арабызда эч кандай кеп-сөз болбоду. Убакыт зымырап өтө берди. Мугалимдик жумуш – түгөбөс жумуш! Билинбеген майда жумуш. Ал жаштык күчүңдү, акыл-эсиңди жейт, ден соолуктан тез ажыратат! Ага карабай, жаш кезде кызуулук менен кызмат кыла бересиң! Ушинтип жүрүп Кундуз жөнүндө унутуп да кетипмин!

Аттиң, кантсе да сүйүүнүн күчү теңдешсиз белем, чиркин! Мойнума алам, баш ийем, таазим кылам алгачкы сүйүүгө! Орду жүрөктө жүрөт! Өчпөйт, өзөктү өрттөйт! Балким, армандуу дүйнө ушудур? Пахта талаасы, катар-катар тизилип, пахта терип жүрүшкөн мектеп окуучулары, анын жан-жака белинде кызыл-тазыл кийинишип, көздү кызартышып пахта теришип жаткан кылыктуу кыз-келиндер, анын арасында жүргөн Кундуз, четтеги пахта кырман, эки ат чегилген, пахта ташыган шатылуу араба азыр да көз алдымда!

Эрк, жүрөк акыл-эске баш ийет. Романымды жазып жаттым эле. Бүткүл дитим мына ошондо. Ачкалыкка карабай жазып жатам. Кечке мектепте жүрүп, сабактан кийин катышып, үйгө кеч кайткамын, күндөгү каткан наным да калбаптыр. Бирок мен кечке романым жөнүндө гана ойлой бергендиктен, бүгүн ишти бир аз алга жылдырып коёюн деген ниет менен дароо эле жазууга отурган кезим болчу.

Каалга тыкылдап калды. Оюм бөлүнүп кетти. Жактырбаган түр менен, өзүмчө нааразы болуп, ыңыранып ордуман турдум да, эшикти ачтым. Кундуздун уулу туруптур сыртта. Кат сунду. Анан өзү чуркаган бойдон кетип калды. Катты ачып окусам, үйүнө дагы чакырыптыр. Сөздөрү өтө эле жашынакай. Көздөрү бакырайган, өзү татынакай ажары ай сымал асылзаттын элеси көз алдыма тартылды. Кантсе да бирге өскөнбүз, көпөлөк кууп ойногонбуз, бир мектепте окуганбыз. Болбостур! Барбасам болбостур! Адамгерчиликке жатпастыр! «Чай ичип кетиңиз!» – дегендин эмнеси жаман? Адамдагы аң-сезим ар түрдүү болот. Анын үстүнө мен жогорку маалыматтуу жигитмин, жазуучумун, акынмын, демек маданияттуу, сылык-сыпаа жүргөн адаммын! Нелер өтпөйт баштан, эмнелерди көрбөйт турмуштан! Муна мен эң жакшы билемин!

Бардым. Жакшы кабыл алды. Төргө төшөк салып, арт жагыма пар жаздык коюп, сүйлөп да, ары-бери басып үй-тиричилиги менен алек болуп да, көңүлүмдү көтөрүп, күлүп-жайнап, мени зериктирбөөгө, менин

да көңүлүмдү көтөрүүгө ушунчалык аракет кылып жатканына ыраазы болуп отурдум! Оболу чай ичип, жаңы эле дандырга жапкан ысык нандан жеп отурдук. Демделген палоонун жыты келип турду. Аз өтпөй, алдыбызга коюлду. Тооктун эти сатылган палоонун буусу дымакты жарып, табитимди ачып, тамактын түбү көрүнгөнчө жедим. Жакшы көргөн адамың менен жарпың жазылып отурат эмессиңби! Кабагың да, ичтейин да ачылат! Бүткөн боюң жеңилденет, жаның жай алып калат! Дасторкон жыйылбады. Таттуу-маттуусун жаңылап коюп, менден ылдыйраак отуруп, ширин, кып-кызыл демделген чайды мага узатып отурду.

– Жагообуз ушул, – деп сөз баштады Кундуз. – Жайын-кышын пахта менен алекбиз. Сенин өз айылыңа кайра келгениң жакшы болду! Шаарда эмне бар?

Кундуз дасторконду кармалап, саамга үн катпай туруп калды.

– Жашоо шартың жаман эмес экен, жакшы! – дедим бөлмө ичине көз жүгүртүп.

– Шүгүрчүлүк! Колдон келишинче, эл-журттан калбай тырмаланып жатабыз! Кайран гана жаштык кез! Өттү кетти! Эми минтип, «куржунду моюнга илип» отурабыз. Ошолорду көөөп эстейм! Балалык, жаштык экен! Көп нерсени билбейт экенбиз! А убакыт өтө берет тура! Эми ал кемчиликтерди оңдоого болобу? – деген сөздөрдү аягына кошуп кетти.

Мен эмне жаңылык айта алам? Ой уйгу-туйгу! Айта турган сөз көп! О, өткөн өкүнүчтүү күндөр! Айлуу түн, саамай сылаган салкын жел, айыл чети! Чакан көлмө, анын четиндеги өскүлөң камыштардын шуудураганы, бакалардын чардаганы – мына ушулардын бардыгы али күнкүдөй эсимде! Мен мына ушундай маанидеги кеп-сөздү козгогонумда, Кундуздун жүзү албырып, али күйөөгө чыга элек кыз баладай болуп уялып, жерди карап, дасторкон четин кармалай берди. Оор улутунуп, ордунан турду: «Чай алып келейин!» – деген шылтоону айтты да сыртка бет алды. О, айыл аялдары!

Кыштактын кызыл жүздүү, кылыктанган келиндери! Силер турмушка чыксаңар дагы, 2–3 балалуу болуп калсаңар дагы, ыйманыңарды сактап, ыйбаа кылып, тартынып, аялдын алтындай сапатын сактап жүрөсүңөр! Бали! Мен дал мына ушундай жүрүш-турушуңарга ыраазымын!

Кундуз күлүп-жайнап, бир чайнек жаңы кайнатылган чайды көтөрүп тез эле кайра кирип келди. Чамамда, сыртка чыгып, өзүнчө күлүп же ыйлап же дагы бир башка аялдын гана мүнөзүнө таандык болгон жашыруун сырлары менен өзүн-өзү сооротуп, бой-башын, ички дүйнөсүн эпке келтирип алган өңдүү!

– Ооба, биз анда эч нерсени билбептирбиз! – деп сүйлөп жатып чай узатты мага. – Ал кезде мезгил да башка окшойт? Азыркыдай эмес...

– Кана эми ошол мезгил кайра келсе?!

– Эгер кайра келсе, экөөбүз башкача сүйлөшөт элек! – деп айтып коюп, Кундуз, жүзүн тетири буруп, жоолугун оңдоп салынды. Азыр ичи кайнап жатканын баамдоо анча деле кыйын эмес болчу.

– Эгер кайра келсе, көнөр белең? – дедим учурдан пайдаланып.

– Ооба! – деди Кундуз токтолбой туруп. – Мен ошондо чекилик кылгамын! Кечир! Бир үйдүн эркеси элем! Өзүң билесиң: атам башкарма болуп турган, каалаганды кийип, ичип-жеп, тайраңдап жүрө бергемин. Армандуу дүйнө-ай!

Кыйла жылдан бери кыйнап, жүрөк ыйлап жүргөн жүйөөлүү сөздүн айта турган мезгили эми келди шекилдүү? Таарынса таарына берсин! Айтам!

– Кундуз! Сен мени ошондо чангансың! Теңиңе албагансың! Тетири карап кеткенсиң! Мени кыйнагансың! Жалынткансың! Жалдыраткансың! Күйгүзгөнсүң!

– Ошенткеним кайра жакшы болду сага. Ушуну түшүнөт го деп ойлоп жүрдүм эле. Эгер баш кошуп калсак, сен окубай калат элең, мынчалык даражага жетпейт элең! Тиги Тилекматка окшоп, катардагы

колхозчу же тракторист болуп жүрмөксүң кара-торала болуп!

– Э-ээ! Ошондойбу оюң? Кечирип кой, Кундуз! Антип, таза сүйүү менен, кайдагы бир турмуштун икирчикир майда-барат жумуштары менен салыштырбагын! Антип сен жакшылык кылдым деп ойлобо! О, демек сен, тап-такыр туура эмес ой жүгүртөт экенсиң! Менин окууга өтүшүмө, жогорку маалыматтуу адам болушума сенин мага текебердик кылганың себеп болгон жок! Такыр андай эмес! Бул даңктуу даражага жетишим менин жеке эмгегим, тагдырдын мага берген чоң үлүшү! Ак мээнетим! Чыдамдуулугум, эркимдин күчтүүлүгү, көрө билгендигим! Ооба, ичимди муздаткансың, сыздаткансың, артыңан ээрчип акмалагамын, жүрөгүм сыздаган, боор-этим эзилген, андан алаксуу үчүн ичип да жүрдүм! Сен булардын бирөөн да этибарга албадың, көңүлүңө илбедиң! Ырайым кылбадың! Сени ошол камыштуу көлчөнүн жанынан тосуп алып, кучактагым келген, ак бетиңен аймалап өпкүм келген! Күн батып бараткан кезде да күткөмүн, таңга жуук да келип күткөмүн! Сени пахта талаасынан да күткөмүн! Пахта кырманынан да күткөмүн! Түнкүсүн пахтага суу коюп жүргөндө да сени эстегемин, сагынгамын! Жол карагамын! О, ошолорду ойлосом, бакырып-бакырып, бугумду чыгарып, жаш балача өңгүрөп-өңгүрөп ыйлагым келет! Сен мага нелерди гана кылбадың, Кундуз! Жолдо күтүп турсам, атлас көйнөгүңдү шуудуратып, тетири бурулуп кеткен күндөрдү кантип унутам? Ойлочу!

– Болду! Болду! Жетишет! – деп Кундуз кулагын, анан бетин басып чаңырып жиберди. – Малик! Малик! Сен неге мынчалык эзесиң? Чакырбай эле койбой, неге чакырдым экен сени үйгө? Мен дайыма ушунтип жаңылып жүрө беремин! Мен акмакмын, итмин, келесоомун! Мага убал жок! Жазала тагдыр! Жазала дагы!

Мен сөзүмдү уланта бердим. Кезеги келгенде кепти токтотпоо керек!

– Кундуз! Сен менин Күнүм, Айым, ичер суум, өмүрүм элең! Сен менин байлыгым, бак-дөөлөтүм элең! Ичип келип, өксүп-өксүп, шолоктоп, жер ургулап, жерге көмкөрөмөн жатып алып, боор этим бүлкүлдөп ыйлаганымды азыр да эстесем, ичим туз куйгандай ачышат, мээм лукулдап чыгат! Сөөктөрүм кызып, денем ысып, кан басымым көтөрүлүп кетет! Балким айып мендедир? Сүйүүгө мынчалык катуу берилүүгө болбой турганын мен анда билген эмесмин! Ушул дагы каталык болсо керек?

– Эми билдим! Түшүндүм! – деди Кундуз сөзүмдү бөлүп. Эми мен ошол каталарымды кайталабас элем! Кадырлап-барктайт элем!

– Кеч! Кеч! Өтө кеч! Жаным Кундуз! Менин башыман эмнелер өтпөдү дейсиң! Окууну өтө кыйынчылык менен бүттүм. Темир жол бекетинде вагон-вагон көмүр түшүрүп, акча таптым. Дүкөндөргө жалданып караолчулук кылдым. Базарларга барып, жүк ташыдым, пияз, сабиз саттым, арак саттым! Ошентип бүттүм окууну!

– Малик! Малик! Жаным Малик! Айланайын Малигим, белегим, керегим! Мен азыр кетем! Үйдөн чыгып кетем! Тентип кетем! Жинди болуп, тилемчилик кылам! Ошондо кечиресиңби мени?

– Жок! Кечиргенден иш өзгөрбөйт! Сенин 2 балаң бар, менин 2 балам бар! Жибектей созулган, акыл-эси мол, кайраттуу, кара каштуу, бото көздүү аялым бар! Бир-бирибизди кыйбайбыз, сыйлайбыз!

Кундуздан үн-сөз жок, тунжурайт. Бөлмө ичи тыптынч боло түштү.

– Эми мен кайтайын! – дедим мен башка кеп-сөз калбагандыктан. – Эртеңки сабактарга даярданышым керек. Китебимди да жазышым керек!

– Малик... капа болбо, кечир! Сыйлашып жүрө берели!

–Ооба, арабыз алыстабай, айылдашпыз, теңтушубуз, классташбыз!

–Ыракмат! – деди Кундуз.

– Катуу кетсем да мени кечирип кой, Кундуз! Сүйүү өлбөйт! Ар канча арадан жаман-жакшы сөз өтсө деле сүйүү деген аны жылытып, эритип, жамандыкты ары кууп салат, жакшылыкты жылуулукту алып келет, көңүл көтөрөт!

– Ошондой болсо экен ылайым! – деп Кундуз ууртунан бир жашынакай жылмайып койду! Жүрөгүм козголгондой, акылым адашкандай түргө келе түштүм!

Ордуман турдум. Кундуз сыртка узатып чыкты. Караңгылык каптап, айлана көзгө сайса көрүнгүс түн. Эмнегедир буттарым оорлошуп, алга баскысы келбей туруп алды. Кундузду ушу бойдон таштап кетүүгө көңүлүм даабады. Кантсе да алгачкы сүйгөнүм эмеспи!

–Кундуз! – дедим караңгыда анын боюн издеп. – Кайдасың?

– Мен мындамын! – деди ал жаныма келе калып.

– Мындамын, жанындамын!

–Кундуз!

–Ий, эмне дейсиң? Малик, бир деме дегиң барбы? Айта бер, тартынба! Мен аны секин өзүмө тарттым. О, кош жүрөк! Дүкүлдөп сокконун карачы! Эмне булар сүйүнүп жатышабы? Кусадар болуп, кылым карыткан жүрөктөр! Акыл-эс, кайдасың? Кайда жүрөсүң? Кел, буларды азгырыктан кутулткун! Денедеги бардык мүчөлөр акыл-эске баш ийет! Акыл-эс, кел жардамга!

Эрктин күчтүүлүгү, адамдын сабырдуулугу кыйынкыстоодо гана эмес, мына ушундай урунуктуу учурларда да абдан керек! Ошондо өзүңдү токтотуп калсаң, эрдиктин эрдиги деп ошону айтат! Ал эми бул бардык эле аял-эркектин колунан келе бербейт!

Кундуздун жылуу жашы көкүрөгүмө тамчылады. Бүйүрү бүлкүлдөп жатканын сездим. Эки колун акырын мойнума артты.

– Ыйлаба! – дедим, – армансыз дүйнө болбойт! Азыр кеч, өтө кеч болуп калды! Насипке алданбайлы! Шайтанга азгырылбайлы! Ал азыр желкебизде турат.

«Бол! Бол!» – деп шаштырып турат. Адам күчтүү, ал баарынан күчтүү!

– Билем! – деди Кундуз. – Мен өзүмдүн күйөөмөн башка эч ким менен кучакташкан эмесмин! Азыр сен гана кучагымда турасың, жаным!

Ушинтип тура берсек, бир-бирибизге белгилүү ышкысы күчөй бермек! Кундузду акырын гана кучагыман бошоттум. Жашын сүрттүм. Сооротттум. Анан эки бетинен өөп-өөп алып, караңгылыкка шумгуп кирип кеттим!

Ошол бойдон Кундузду бир ай көрбөдүм. Бир күнү уулунан кат берип жибериптир, ачсам эки гана сөз жазылыптыр: «Малик, мен турмушка чыкканы жатам. Жакында мени өз айылына алып кетет. Буга оюң кандай? Эгер көрүшө албасак, кош бол, жаным!»

## СУУ ПЕРИСИ

Абышка таягын кумга сайып коюп, Нарын дарыясынын жээгинде отурат. Тунжурайт, мелтирейт. Ою, кыялы Аалам кыдырат, тоо-таштарды, кумдуу чөлдөрдү кезет. Анын мынчалык абалга келишине эмне себеп? Купуя сыр, түгөнбөс ыр. Ал адам алгач ким эле? Азыр ким болду? Мурда да эч ким эмес эле, азыр да эч ким эмес. Ооба, эч ким болалбай кала берди. Белгисиз бечара, жетим бала болчу, аягында да белгисиз бечара чал болду. Анын алдыга койгон асыл максаты аттын башындай эмес беле? «Атагым Ала-Тоону аралап, андан ары Аалам кезип жүрсө!» – деп кыялданчу. Ошондой болдубу? Жок! Ала-тоо эмес, айылдан алыс кетпедим. Эмгеги чачылып, эңсегенге ээ боло албай, арасатта, ара жолдо калды, кайгыга батты, ичи күйүп, өрттөнүп, мээси лукулдап, мазесин кетирип жатты.

Таскагын таш каптап, азыр аны өлүм жарга такап турган кези!

Турмуштун эки жагы болот: материалдык жана моралдык жагдайың жайында, өз ордунда болсо, жан дүйнөң жай алып калары чын. Бирок адамда андан башка да үмүт, максат, ак тилек, умтулуу деген аракеттер бар. Бул абышканын мына ушул талаптары ишке ашпады, ал ошого наараазы! Эмесе, анын жашоо тиричилигинде кемчилик, жетишпегендик жок, баары өз жайында, өз нугунда. Ошо өз жайында болуш үчүн жаштайынан жан талашып иштеди, демек бул жагынан жаны тынч. Ал эми моралдык жагынан жарытылуу жакшылыкты көрбөдү. Ал чыгармачыл киши эле, көркөм ой жүгүртүүнүн устаты эле, ошол көркөм ой жүгүртүүнү тил байлыгы менен жүрөккө жеткире билчү. Ошону менен бирге ал журналист, педагог да эле. Ушул үч багытта иштеп жүрүп 75 жашка чыкты, 20 адабий-көркөм китептин ээси болду. Фельетон, сатира, юморлорду жазды, публицистикалык макалалардын санын эсептеген да жок. Майнап чыктыбы? Жок! Анан кантип ызаланбайт!

Ырас, бул дүйнөнүн оопатсыз экенин, армандуу, азаптуу экенин ал жакшы билет: турмуш тажрыйбасы мол, илим-билимге ээ. Балким ошондой болуп калгандыгы үчүн, жан дүйнөсү бардык жагынан калыптанып калгандыгы үчүн оома-төкмө кызыгына, ачуу-таттуусуна, сүйүү суусунуна канбай жаткандыр!? Ооба, майда-чүйдөнү ойлоп, ага аралашып, акыс-текис айтышып ачуулана берүүгө да болбойт деңизчи. Шүгүрчүлүк келтирип, пендечилик ушул экен деп жүрө берсе да болот. Бирок бул абышка анте албайт: мээнетке туулган, баштаган ишине баш-оту менен киришип, анын аягына чыкмайын, майын чыгара иштемейин күрөшкөн, алышканы алышкан! Чаалыкпас чал! «Акылыма, күчүмө эми толуп, жетилип келатамын!» – деп ойлор эле ал.

Дымып аккан Нарын дарыясынан көзүн албай мелтиреп тиктеп отурат абышка. Заматта эле жаштык кезинен бир үзүм элес көз алдына тартыла түштү. Анда 18 жашта эле. Орто мектепти бүтүп, Жалал-Абадагы 6 айлык айдоочулук курсту аяктап, өзү туулуп өскөн райондун борборундагы жаңыдан гана ачылган автобазага ишке орношкон. Ага адегенде эң эски, калдырап-шалдыраган «ЗИС–5» жүк ташуучу машина берилген. Кандай болгон чакта да далдайган бир машинага ээ болуунун өзү жаш өспүрүмгө өзүнчө эле бир зор жетишкендик эле! Кабинага кирип, рулду кармап, ары-бери бурагылап, сүйүнүчү койнуна батпай толкундана берди. Ал бүгүн аябай бактылуу эле! Алгачкы айдоочулук иши ушинтип башталган. Аны эртеси күнү эле Таш-Көмүр шаарынан көмүр тартып келүүгө жөнөттү. Буга чейин бул тарапка келе элек болучу.

Күн ысып турат. Жол узак. Машина таштактуу жолго чыкты. Кузобу же башка бөлүктөрбү, айтоор, машина калдырап-шалдырап эле бaратат. А балким жолдун жамандыгынандыр? Аны менен иши жок: машина жүрүп баратабы, жаш айдоочу ошого курсант. Жол жарымдай бергенде, радиатордун суусу шарактап кайнап кетти. Токтотту, жол четиндеги арыктан суу алып келип куйду. Капкагын ачам деп, колун чала-була күйдүрүп да алды. Кайрадан жөнөдү. Бирок суу куйган жерде радиатордун капкагы кала бергенин тээ алыстап кеткенде билди.

Мына, Нарын дарыясына да жетти. Дарыядан паром аркылуу өттү. Сурамжылап жүрүп, «Северный» шахтасын тапты. Эксковатор жер үстүнөн, ачык жерден эле көмүр сүзүп алып, келген машиналарга жүктөп жатыптыр. Кезек жаш айдоочуларга да келди. Бирок машинасын артка бере албай кыйналып, тердеп-бышып жатты. Орто жаштарга барып калган мурутчан,

шыпылдаган экскваторчу ордунан секирип түшө калып, жардамга келди:

– Түш бери! – деди ал колдон тартып. – Эптей албагандан кийин эмне келдиң? Колуңан келген ишти кылбайсыңбы!

Кузовго толтура салынган көмүр тартып, акырын ордунан козголду. Нарын дарыясынын жээгине келип, паромду күттү, ары-бери өтүүчүлөр көп экен. Бир оокумда паромчу алыстан колун булгап:

– Э-эй, эмне аңкыйып турасың? Айда бери! Бол! – деди. Оор жүгү бар машина паромго түшкөндө эки жагына теңселе калды. Аркы жээкке жетти, жеткен менен, машинанын алды жагы курукка чыгып, арт тарабы оор болуп, паромдун чети сууга батып кетти. Мына ушул жерден машинага көп күч келди окшойт, газды катуу басканда корданый валь үзүлүп кетти. Ошентип, алды жагы курукта, арты паромдун четинде калкып туруп калды. Эми эмне кылуу керек? Буксир менен тартпаса болбойт.

– Эй, бала! Троссуң барбы? – деп паромчу, ачуулатып сөгүп-сөгүп алгандан кийин. Элдин баарын кезек күттүрүп, ишти көбөйтүп салдың! Айдоочу имиш! Тросстун бар же жок экенин да билбейт эле бала. Аңгыча ары жактан бир айдоочу троссун көтөрүп келди, улап, өзүнүн машинасы менен тартып чыгарды. Эми корданый валды улаш керек, оңдош керек. Бирок ага керектүү больт, гайка табылбады, жада калса ключу да жок. Жанагы жардамга келген айдоочуга ал-абалын түшүндүрүп айтты. Баланын тажрыйбасыз экенин сезе койгон айдоочу, дароо өзү машинанын астына жата калып, корданый валды тез эле улап берди.

– Айда эми! Жөнө! Рейске чыгаар алдында жакшылап даярданып алуу керек! – деди ключтөрүн жыйнап жатып.

– Ыракмат, аке! – Машина жолго чыкты. Түн жарым болуп калганда, райондун борборуна жетти.

Ашканага, калганын чайканага төгүп, эртең менен иш күнү башталган маалда автобазага кирип барды.

Кеп мында да эмес: эми эң кызыгына келели. Ошол Нарын дарыясынын жээгинде, жаш айдоочунун айласы түгөп турган маалда, тиги жакындан жардам берип жаткан айдоочуну жандап, аны менен бирге басып, бир сулуу кыз жүргөн болчу. Бирок аны берки айдоочу аңдабай, байкабай калгансып, ал кызга деги көңүл бурган да эмес. Кызык, кыз кайыптан пайда болгонбу? Анын чачы такымга түшүп турат. Майдалап өрүлгөн, жалтырайт, эми эле суудан суурулуп чыккансып көрүнөт. Боюна жараша өңү-түсү жалтылдаган узун көйнөгү кызыл ашыгына чейин жетип, сулуулугуна ого бетер сулуулук кошуп суктандырат, суйсала басат, кериле басат. Муну көргөн биздин жаш айдоочубуз оозун ачып, акыл-эстен адашып, аңкайып карап эле туруп калат. Мындай кызды мектептен да, колхозчу кыз-келиндердин арасынан да учураткан эмес. Келишкен келбеттүүлүгүн сүрөттөп айтууга сөз жетпейт. Машина ондолуп, жөнөөгө калганда, жаш айдоочу:

– Карындаш, кетесизби? Жүрүңүз, отуруңуз! – деп ылтымас кылды. Кыз күлүп коюп, үн катпады. «Теңине албай жатат!» – деп ойлоду айдоочу.

– Жакшы калыңыз, сулуу кыз! Эми эсимен такыр чыкпайсыз! – Кыз жанагыдан бетер бажырайып, бир жашынакай күлүп койду. Ошол жылмаюу алигиче анын көз карегине кадалып, кетпей ээрчип жүрөт!

«Бул суу периси болуу керек? – деп ойлоп баратты жаш айдоочу. Анан чоң энесинин жомогун эстеди. Ал кишинин айтымында, бүтүндөй Фергана өрөөнү мурда «Пери-кана. Перилер өлкөсү. Перилер мекени!» – деп аталчу экен. Мындайча айтканда: «Сулуулар дүйнөсү!» – аталып жүргөн. Анан заман өтүп, сөз жаңырып, Фергана делип калган экен. Мунун чын-төгүнүн ыйык Жер-Энебиз, Нарын дарыябыз билет деп ой жүгүртсөк

да, баары бир чындыкка жакындап келет. Фергана-Перикана! Сулуулар дүйнөсү! О, кудай касиеттүү улуу сөз! Айтса айтпаса төгүнбү, азыр заманыбызда деле аппак алкым, ай жүздүү келин-кыздарыбыз чекеден табылат! Периге окшогон пейли кең асылзат аялдарыбыз менен сыймыктанабыз да даңктанабыз!

Абышка мына ушуларды ойлоп, мыйыгынан бир аз жылмайган болду. Ушул жылмаюну күткөнсүп, суу ичинен суу периси көрүндү. О, 18 жашында жолуккан суу периси! Ал ошол бойдон, эч өзгөрбөптүр. Сулуулугунда чек жок! Ал эми абышканын абалы болсо бул. Башын ийкеди. Суу периси да дал ошентип жооп берди. Бул саламдашуу адамдын ичин жылытты. Жаштык кезди, оттуу кезекти элестетти. Адам буга да алымсынбай, ордунан туруп, боюн ийип, ызаат көрсөттү. Пери да ошентти. Экөө тиктешип көпкө дейре былк этпеди.

Кеч болуп, караңгы түшүп калгандыктан, кабатырланган уулу аны издеп чыккан. Ал атасын дайыма ушул жерден табат.

– Ата-аа! – деди уулу жакын келип. – Жүр үйгө, апам тынчсызданып жатат! Абышка бул үндү угуп, селт эте артка бурулду. Ал катуу ойлогон кезде, жазып отурган убакта, бирөө каалганы ача койсо ушинтип чочуп, ойлору бөлүнүп кетчү, кабагын чытып, башын чеңгелдеп калчу. Азыр да ошентти.

– Ата-аа! – деди уулу кайталап. Колдон алды, жетеледи. Абышка Нарын дарыясына кылчактап карай берди. Суу периси заматта көздөн кайым болду.

– Үфф! – деп абышка терең дем алды.

–Эмне антесиң, ата? – деди уулу. – Жөн басчы!

–Азыр паром жок, жок ал! – деди чал өзүнчө шыбырап. Анын ордуна көпүрө салынды. Азыр эми жашыл көпүрө да жок. Плотина салынды, ГЭС курулду! Баары өзгөрдү, адамдар да, аба ырайы да, жер кыртышы да, суулар да өзгөрдү!

– Өзгөрсө өзгөрө берсин, ага сиздин кандай тиешеңиз бар? – деди уулу. Атасы азыр өз уулуна көөп нерсени айткысы келди. Бирок караңгыда калтаңдап араң баратат. Анын да кезеги келип калар?

О, эмгекчил элеттик жазуучу! Кара жанды карч уруп, кеч жатып, эрте туруп, 15 жашынан баштап жаштык күчүңдү, ден соолугуңду аябай, көз нурун коротуп чыгармачылык иш менен алектенип келатасың! Жанын сабап иштеген иштерманым! Сен жөнүндө ким ойлоп койду? Эми кимге керегиң бар? Эч кимге! Кызык, чыгармачыл кишилерге таң каласың! Өз жанын кыйнап эмне азап экен? Берилип жазып жатып, кан басымың көтөрүлүп, эчен жолу өлүмдөн аман калдың! Билдиби бирөө ушуну? Сыйладыбы?

Ата-бала үйүнө жетти. Адаттагыдай абышка дагы ооруп калды.

«Оптика» деп аталган кичинекей, чакан, кызыл түстөгү машинка чыкылдап жазып жатты. Аны дүкөндөн сатып алганда 30 жашта эле. Буга чейин кол менен, калем учту сыяга малып жазчу. «Ак жол сага, адам!» деген повестин жүз жолу оңдоп көчүргөн, зерикпеген, чарчап-чаалыкпаган. Анан Ош шаарына барып машинкага бастырган. «Жашыл көпүрө» аттуу повестин да мына ушунча ирет оңдоп, түздөп, анан өзүнө жедеп жаккан мезгилде гана Фрунзе шаарына алып барган, редакцияда иштеген машинисткаларга акча берип бастырган. Айта берсе, мындай учурлар көп эле жолу болгон. Союз мезгилинде жарык көргөн 7 китеби тең эң кеминде 10 же 20 ирет оңдоп-түздөп, айылда же өзүндө машинка болбогондуктан, ар жерге кыдырып жүрүп бастырууга туура келген. Бирок алардын басмалардан чыгышы өтө кыйын болгон. 5–10 жылдап зарыктырып туруп калар эле. «Баарыбыз бала болгонбуз» деген алгачкы повести гана кудай жалгап 2 жылда чыккан. Азыр эми ал 15 китептин автору. СССР жазуучулар Союзуна мүчө. СССР журна-

листтер Союзуна да мүчө. Мунун баары оңой-олтоң келе койгон жок. Баары бир бул жетишкендик аны канааттандырбады. «Жетишкендик! – деп да эсептебеди. Бул жылт эткен учкун эле ал үчүн. Алоолонгон от али алдыда экенин ал түшүнүп, билип, умтулуп турган!

«Оптика» машинасы өтө сапаттуу, ыңгайлуу, жарашыктуу жасалыптыр. Ага ыраазы болуу менен, ызааттап-барктоо менен мамиле жасайт ал. Экөө 40 жылдан бери сырдаш. Эзиле сүйлөшүп отурушканда, экөө тең өздөрүн эң бактылуу сезет. Тим эле кобурашып, кеп-сөзү бир-бирине коошуп, сары майдай жагып, жаны жыргап калат. Бир жактарга жумуш менен 2–3 күн жүрүп калса сагынат. Анан ал жактан келер менен эң оболу аны менен жылуу-жумшак учурашат:

– Саламатсыңбы, сырдашым, курдашым! Сен менин замандашымсың, каламдашымсың, жан биргемсиң! Сырларымды сага гана айтам. Сен аларды бекем сактайсың. Мындан артык жан дос болобу?!

– Ыракмат! – дейт машинкасы маашыркана сүйүнүп. – Ыракмат! Мен дагы сени, сен сыйлагандай сыйлайм, жок болсоң ыйлайм! Карачы, келериң менен чаңдарымды сүрттүң, тетиктеримди майладың сага, кызмат кылам!

Дал мына ушинтип толкунданып, оргуп-ташып жазып жатканда кемпири кирип келет. Чаңкоосу кана элек туруп, суусу толо чөйчөктү зордуктап тартып алгандай, кемпиринин келе калганын жактырбайт. Ой чачылат, ачууланат.

– Сен эмне, кандай адамсың өзүң? Бир жумадан бери баш көтөрбөй ооруп жатып, эми кичине түзүк боло калганыңда, кайрадан жазууга киришипсиң да?

Абышка үн катпайт. Ордунан кыйылып жатып араң турат. Чайга чакырып жатса барбай коюуга да болбойт. Машинкасынын капкагын жабат. Жазгандарын иреттейт. Анан, кемпиринин астына түшүп алып, тарбия-таалим алган тил алчаак жаш балача

жүр деген жагына бет алат. Бирге отуруп чай ичишет. Дасторкондо дандыргa жаңы эле бышырылган аппак, жумшак нан, айран, каймак, сары май, наават жайылып турат. Чал чөнтөктөрүн кармалап, чукуланып калат.

– Ий, дагы эмне болуп кетти? Эмнени ойлоп койдуң? – дейт кемпири. Ал азыр келем, кагаз издеп жаткан. Аларды табалбады. Кабагын чытып, наразы болгондой, иш бөлмөсүнө бет алды. Ар дайым ушундай. Ал түгүл түнкүсүн уктап жатып да тынч албайт, шыбырап-күбүрөп ордунан тура калат. Буттун учу менен басып, бөлмөсүнө келет. Кемпири муну билип-туюп, өзүнчө күңк-мыңк этет. Бир жагына ооп, оңдонуп жатат. Чыгармачыл адамдын өмүрлүк жары болуу кандай кыйын, кандай азап! Анын кыял-жоругу, кулк-мүнөзү ар кыл, тез өзгөрүп турат: бирде албууттанат, кыял тутат, ачууланат, анан тез күлүп-жайнап, шайыр, шаңдуу боло түшөт. Анын мындай мунайым, жумшак, бала кыял экенин билген үй-бүлөсү ага капаланышпайт!

Үзүлбөгөн үмүттүн үзүрүн көрөр күн келер бекен? Арийне, бир дүкөн китеп жазса да, андан пайда чыкпастыгы белгилүү болуп калбадыбы! Мээнетинен майнап чыкса, эмдигече чыгат эле го! Абышка аны билип турат. Ошентсе да адамды үмүт алга жетелейт тура! Бирок, үмүт дегениң, дайым эле орундала бербестиги менен армандуу да, кайгылуу да келет эмеспи! Жазуучу муну да түшүнөт! Антип билип, түшүнүп турса да, баары бир үмүт дегениңиз күчтүүлүк кылып жатпайбы! Элүү жыл бою эңсеген багынбас, колу жетпес чокуга деле болсо умтулуп жатат. «Баштаба, баштагандан кийин таштаба!» деген дем-күч берүүчү накыл сөздү көңүлгө түйүп алган. Мейли, умтула берсин, жаза берсин! Балким, ушул романы бийиктикти багынтаар? Үмүт менен Күрөш экөө жуурулушканда,

жандашып, айкашып турганда гана тилек жүзөгө ашат, ой орундалат!

Ана, жүрөктүн согушу, сааттын чыкылдашы машинканын үнү – үчөө аралашканда кулактын кужуру канып, сүйүү суусуну күчөп көңүлү жайланып, жарпы жазылып жаза берди. Анын көз алдында кызыл гүлдөй сулуу, перизаттай парпырап-жаркырап жайнаган пери кыздын элеси келе түштү. Сулуулук жана обон адамга ал-күч, рух тартуулады. Карт денени жумшартып, жүрөгүн жылытты, жашартты. Сырттагы айдын нуру, терезенин жанындагы жаш дарактын жашыл жалбырактардын арасынан даана көрүндү. Адам ага тигилип карап калды. Солкулдаган ноодасы саалчалык жел жүрсө кыймылдап, айдын алтын шооласын чачып жиберип, анан аны кайра тез эле топтоп жатты. Бул кызыктуу көрүнүш, ыйлап жаткан жаш наристени соороткондой, чалды да сооротту, көңүл жубатты, аз убакытка болсо да алаксытты, мээнин чарчаганын таркатып, дене-бойду жеңилдетти!

Көрпендечилик ушундай: бирде өмүр, дүнүйө сонун көрүнөт, жашыл Ааламда жашагың эле келе берет! Кээ бирде... жо-жо-оок, андай эмес! Жашоо бул – поэзия! Сүйүү саптарына жык толгон поэма, ыймандуу инсандардын ыйык ышкы оттору! Сезимди ойготкон обон жана гүл!

Ал бир гана нерсеге ишенет – кандай болгон чакта да бардыгын акыл-эс жеңет! Эмгек менен Күрөш жеңет! Эрк, сабырдуулук жеңет!

Ооба, ал ушинтип өзүн-өзү жоошутат, сооротот, карт көңүлүн тынчытат, жүрөгүн жубутат, анын мындан башка аргасы жок!

Ана, анын көп нерсеге үмүттөндүргөн романы да жарыкка чыкты! Анан эмне болду? Эч нерсе болгон жок! Саталбай жүрөт! Кызык, кылган иши үлгүлүү, көргөн күлкүлүү!

## НОВЕЛЛАЛАР

### *Диана*

Ооба, мен турмуштун түркүн-түмөн түйшүктөрүнө түшүнөм, бирок бир гана нерсеге – аялдарга такыр түшүнбөй койдум. Ушуга акыл жетпей башым маң, алардын кылык-жоруктарына каламын таң. Бирде бозоргон бороондой буркан-шаркан түшөт, бирде жаз күндөй жаркырап-жайнап күлүшөт. Бирде чагылган чарт-чурт эткендей, бирде муңайыңкы, жоош, көңүлгө толуп жеткендей. Кээде аларга жаныңды чаап жибергиң келет, кээ бир учурларда бир жерге токтобой, колго тийбей, шамалдай желет. Убадасы көп, жүзүнөн бири ишке ашабы, ашпайбы, аны ким билет. Айтор, а дейбиз, бу дейбиз, кантсе да аял жакшы! Алар бизди ушул жарыкка алып келди. Багып, чоңойтуп, балакатка жеткирип, андан аркы турмуш жолун көрсөтүп да берди. Ырас, аял болбосо, Аалам кайдан жаралмак, ынсан тукуму жер жүзүнө кайдан таралмак? Бул пикириме менден башкалар деле макул болушса керек? Ошолордун бири катары менен деле өзүмдү кепил тутам. Демек, эмки сөз эмне жөнүндө барарын, ким тууралуу болорун эмитен билип, туюп, аңдап алдыңар го дейм? Эмесе, жолго чыктыбы, токтобой шар кетели. Жолдун жолдой эле болгону жакшы.

Ошентип, бул прозадагы поэмамдын катышуучу каармандары – төрт эле адам. Алардын атынан атасак: Шамбет, Мамбет, Диана, Иона. Фамилияларынын силерге кереги жок. Ал жагын айтпай ак коёлу. Булар тебетей менен бир койсо темтеңдеп жыгылып кете турган кезинен бери бир айылда бирге өскөн. Орто мектепти да бирге бүтүшкөн. Бирок мүнөздөрү жагынан бир-бирине таптакыр окшош эмес эле. Кийин алар жогорку окуу жайына өтүштү. Бүтөр жылы – Шамбет, Дианнага, Мамбет, Ионнага үйлөндү. Турмуш демейдегидей жылып, өз нугун бузбай өтө берди. Жаштык кездеги кумарлануу, сагынуу, дегдөө бир жылга



араң созулду окшойт. Анан эле, анан эле... адамды Шайтан чийден чыгарып, чиеленген чатактарга дуушар кылды. Биз дайыма жаңылсак-жазсак, аны өзүбүздөн көрбөйбүз, Шайтанга шылтап коёбуз. Шоруң кургур Шайтан, шылтоого шынаа болдуң го. Кантип чыдап жүрөсүң, ушунча ушак-айыңдын баарын желкене көтөрүп? Жер жүзүндө канчалаган миллиард адам жашайт, ошонун баары сени күнөөлөшөт. Байкуш Шайтан, боорум да ооруп кетет сага! Чыдамдуу экенсиң. «Айтса айта беришсин, десе дей беришсиң» – деп кулагыңды жапырып, Адам-Ата, Ава-Эне пайда болгондон бери жашап келатасың адамдарды аралап. Жашай бер дагы, эрксиздерди жолдон азгыр! Өзүнө тың, бели бекемдердин алдына албетте жолой албайсың! Адамдардын арасында акылдуулар, чыдамдуулар, Шайтанга ишенбегендер, өзүңө гана ишенгендер бар! Кой эми, коштошолу Шайтан, мени да азгырып, жолдон коюп, жолтоо болуп жүрбө!

Шамбет бир жумага командировкага кеткен болчу. Бирок мөөнөтү бүтпөй эле үйүнө кайтты. Аялы Диана мына ушул жагынан эсептен адашты. Балким бул бешенеге жазылган, баары бир эртеби, кечпи боло турган жаңылуудур? Тагдырың тайып, теспең тетири айланса, ага айла жок. Эртең эмне болорун ким алдың ала биле алат? Мына ушул жагына келгенде адамдын акылы жетпейт, көзү көрбөйт. Аны жалгыз Жараткан өзү билет. Эгер адам баарын көрүп-билип турганда, керектүүсүн камдап албайт беле? Эмнеси болсо да, турмуш дегенин татаал экенин билебиз. Ал дайыма карама-каршылыктарга жык толгон! Балким жашоо дегенин ушунусу менен кызыктуудур? Адам деген адам, ал кайгырат, сүйүнөт, ойлонот, ооруйт, кыскасы бул дүйнөнүн чырдуу жагын да, сырдуу жагын да билүүгө кызыгат, алы жетишинче күрөшөт, жеңет же жыгылат, акыры маалы келгенде а дүйнөгө аттанат. Бул табийгый иш, ата-балардан бери келаткан өзгөрүлгүс жалгыз, жападан жалгыз тете жол!

Шамбет короосуна кирери менен тамдын маңдай тарабындагы мончонун чырагы үлпүлдөп күйүп тургаңын капыстан көзү чалып калды. Оюнда эч жамандык жок Шамбет ошол тарапка эмне үчүн басып барганын сезбеди. Ушул каталыгы үчүн кийин өкүнүп да койду. Бирок болор иш болгон эле. Кол күзгүдөй гана болгон мончонун терезесине орнотулган лампочканын ары жагынан ары-бери кыймылдаган караан көрүндү. Бул бак-дарактын бутагыбы деп да ойлоду. Мончо ажатканага барчу жолдун боюнда болчу. Шамбет алыс жолдо автобуста отуруп, даарат ушатууга мүмкүн болбой калгандыктан, мына эми ашыкпай-шашпай жай отуруп бошонуп алууга жөнөдү. Ал жактан чыгып келатып, мончонун чырагы эмне үчүн күйүп турганын билүү үчүн ошол тарапка басты. Суунун шоокуму угулду. Кимдир бирөө киринип жатканы эми дап-дайын болду. Бирок жалгыз эмес: эки адамдын күбүр-шыбыр, сүйлөшкөнү, кээде, «Ах! Ух!» – деп онтологон аялдын үнү сырт тарапка даана угулуп турду. Шамбеттин денеси дүр эте түштү. «Коңшу-колоңдор келип, түшүп жаткандыр?» – деп ойлоду. Анткени менен, адам өзүн-өзү канчалык жоошутканы менен, баарын жүрөк сезет экен. Жүрөктөн өтөр сезгич, байкагыч, алдын ала билгич жок болсо керек денедеги мүчөлөрдүн ичинен?!

Шамбет мончонун терезесинен карады. Өткөн жолу көк түстөгү сыр менен боёп коёмун деп, чолосу тийбей калган. Эми ушул келишинде ал ишти аткарам деген ою бар эле. Дагы жакшы... (жакшыбы, жаманбы, ал жагын билип болбойт) айнек боёлбоптур. Эгер болбосо, ичкери жакта болуп жаткан азыркы тири укмуш көрүнүштү көрбөй калмак! О, жараткан кудай, бул эмне деген шумдук? Эмне деген шермендечилик? Адам аттуулар ушундай болобу? Шамбет өз көзүнө өзү ишенбеди! Аялы Диана менен досу Мамбет экөө сууга түшүп жатышыптыр! Тизелер калтырады, көздөр ымыр-чымыр болду. Бел ийилип, баш айланды. Ичек-карынга чок түшүп, өпкө-боорду өрттөп жатты. Мунусу дагы эч нерсе эмес, кийинкилери кызы!

Шамбет туура эле кирип барайын деп, кайра өзүн-өзү токтотту. Анын үстүнө каалганын ичинен дембелеп да алышкан экен. Ал үйүн көздөй басты. Бөлмөдөгү жарык жагылуу турат, атарап ээн, эч ким жок. Ичкериге кирди. Айнек парданын бир жак четин сырттан караганда даана көрүнө турган кылып ачып койду. Кайра жүгүрүп сыртка чыкты. Саман салгыч сарайга кирип аңдып отурду. О, бир оокумда Мамбет менен Диана мончодон чыгышты. Кадимки эрди-катындай өздөрүн ээн-эркин сезишти. Коркуу, алактоо, бирөө сезип калбагай эле деген ой, тынчсыздануу деген жок эле азыр аларда. Мынчалык өздөрүнө-өздөрү бекем ишенүүчүлүк кайдан пайда болду? Таң каласың?

Алар үйгө кирип кетишти, бирок жарыкты өчүрбөдү. Анан калса бул жоруктары да акылга сыйбас жорук эле. Анткени демейде ойноп күткөндөрдүн «куйругу кысык болот» дечү. Өздөрүн мынчалык ээн-эркин сезишкендигине караганда, Шамбеттин күтүлбөгөн жерден келип калышын эч ойлогон эмес алар. Шамбет саман сарайдан чыгып, жанагы өзү ачып койгон айнек парданын тушуна тура калды. Адегенде шыбышты тыңшоого, эмне деп сүйлөшүп жатканына кулак төшөдү. Тигилер жатышты. Дароо эле Дианнанын кыңкыстап кылыксынып жатканы, Мамбеттин күшүлдөпбышылдап, бар күчүн ошого жумшап жатканы угулду.

Алды-артыбызды ойлонбогон адамбыз да! Көз ирмемчелик ыракатка азгырылып, бүтүндөй бир чоң күнөөнү, атаң төөдөй айыпты мойнубузга илип алабыз! Анан анын азап-тозогун тартып, эки бирдей үй-бүлөнү тең, өздөрүн, ата-энелерин, тууган-уруктарынан өйдө жер каратып, журт алдында жүзүн көөлөп коёбуз! Кимге пайда, кимге зыян? Ким утту, ким утулду? Ким жыгылды, ким куурады? Иштин бул жагы менен эсептешкен эч ким жок. Адамга күнүмдүк жыргал эле керекпи? Бул тайыз ойлуулук, кем акылдык! Келечекти тебелеп-тепсегендик!

Шамбет кулак түрүп отура берди. Ушунчалык ачуучу келип турса да, уккан-көргөндөрдүн баарын

токтоолук менен жеңип жатты. Диана болсо бөлмөнүн ичин жаңырта эркекке жалынып-жалбарып, жанын чаап, айланып-үргүлүп, ойго келбеген оюндарды көрсөтүп жатты. Буга чейин, экөө баш кошкондон бери, Шамбетке бир да жолу минтип, жан эритер жакшынакай кылыктануусун көрсөткөн эмес эле! Айттым го жогоруда: бу аялдарга такыр түшүнбөдүм, түшүнбөй жүрүп өлөт окшойм?

Мына, ишенсеңиз, мен ойлогон ой Шамбетте да бар экен:

«Мени менен кошулганда такыр минтип кылыктанчу эмес!» – деп Шамбет куйүп-жанып кетти. Диананын ойнош кутүп алганына караганда, анын минтип, кырк түркүн кылыктуусунганы ашып түштү, жанын жеди. Иштин мына ушул жагы жигиттин жүрөгүнө бычак ургандай болду!

«Мага минткен эмес эле го?» – деген ойдон такыр арыла албады. Ушул азгырык ой аны арбап, ансайын жараттарын ырбатып, кайгы-муңга, азап менен тозокко салып, жан-дилин кыйнап жиберди! Азап деп дал ушуну айт! Жоо менен алышканын, ач калганын, буту-колу кесилип мунжу болуп жатканың азап эмес, азыркы көрүнүш азап! Чексиз азап!

Ырас, Диана айтууга арзырлык сулуу, мүчөлөрү келишкен, ажары ачылып, жетилип, толуп турган чагы. Ар кандай эркек ага кызыкпай койчу эмес, а түгүл аялдар да: «Мен да ушундай болсом кана?» – дешип шыпшынып, кызыгып, кээде ич күйдүүлүккө да барып, арага ушак-айыңды аралатып салышчу. Диана алар өңдүүлөргө көңүл буруп койчу эмес. Шарактап күлүп, шайыр жүрүп, жаштыктын, сулуулуктун, ден соолуктун дөөлөтүндө доорон сүрүп жүргөн кези эле. Тагдыр ага мындай күүлүү-күчтүү күндөрдү көпкө ыраа көргөн эмес окшойт? Анткени ал мындан ары баягысындай болуп эл аралап жүрө албайт. Бети чүркө болуп калды. Кантсе да бешенеге жазганын көрө жатар эми? Адам ташка тайгаланып, музга мүдүрүлүп жыгылат, чөпкө чалынат, жаман-жакшы жагы оозго алынат,



күнөөгө малынат, бирөөлөргө жалынат, бир нерсеге зарыгат, ошентип айтоор күн кечирет, өмүр өткөрөт; түз жол бар дейсиңби турмушта. Кай жакты караба ийри-буйру жол, татаал ашуу, тайгак кечүү!

Азыр Шамбеттин кулагына ар түркүн шыбыштар угула баштады: «Көрдүңбү Дианнаны? – деди бирөө. – Ал туура кылат. Ал мына ушул кылыктануусу менен чыныгы аял! Чыныгы аял экендигин билгизип жатат. Аял деген дал мына ушундай жагымдуулугу менен аял! Аял дал мына ушундай кырк түркүн кылыктануусу менен сулуу, ошонусу менен уулу! Эркектин жан-дилин, денесин эриткен да аялдын кылыктануусу!»

«Чын айтасың, – деп аны коштоп кетти экинчи жаңырык, – аял менен эркектин жакындаткан да эки жыныс. Бирок ал кандай деңгээлде жакындашат? Ошол мезгилде бир-бирине жага турган, көңүлүн көккө көтөрө турган сөздөр айтылабы? Кеп башаты мына ушунда! Үй-бүлө, өмүр түгөнгүчө өтө турган турмуш мына беш мүнөттүк рахатка байланыштуу!».

«Эми кантесиң? – деп суроо салды үчүнчү жаңырык. – Эртең кантип бет карашасыңар? Жо-ок, болбойт эми. Ааламда аял арбын, ажырашып тын! Алтын башыңды азапка салба. Али жашсың, жолуңдан калба! Аялга өчөшүп, жаман жолго да барба! – «Ой дегениң кете берет тура ар жакка, аны токтотор тормоз жок, бир жерге топтоюн, алыска баргызбайын десең деле болбойт, ага көнбөйт, заматта ай-ааламды кыдырып кете берет. Бай боло каласың. Астында «Мерседес», үстүндө үч кабаттуу үй. Короо-короо койлор, жылга толгон жылкылар. Анан албетте, керме каштуу, узун чачтуу, көздөрү жалжылдаган, жүздөрү балбылдаган, кымча белдүү кыздар... кызыксыңар кипилер, каалаганча кыялдана бергиле, буга эч ким тыюу салбайт, тоскоол болбойт!

Шамбет кетүүгө камынды. Минтип, тигилердин шыбыштарын тыңшап отура берүүдөн пайда жок. Жол тарткан абзел. «О, Диана, өчүң бар беле менде? – деди ал көчөгө чыгып баратып. – Кайсы кетирген каталыгым үчүн? Кайсы күнөөм үчүн? Сызга отургуздуң таза

мени! Мына эми опол тоодой ойлорум ойрондолду, шурудай тизилген татынакай тилектеримдин тып-тыйпылы чыкты. Кимдир бирөө бир түнкү рахатка батты, а кимдир бирөө жүрөктөн жаракат алды, жаш жаны жапаа тартты, ушу туурабы эми?!»

Ал Мамбеттин үйүн көздөй басты. Убакыт түн жарым болуп калган. Кеч күз. Чыныгы чыкылдаган катуу сууктун келер маалы да жакын. Каалганы такылдатты Шамбет. Дароо жарык күйүп, Иона чыга калды сыртка. Ич көйнөкчөн экен. Бөтөн адам эмес, күйөөм деп ойлосо керек? Шамбетти көрөр менен уялып, тартынып: «Ой, мен азыр!..» – деди да, ичкери кирип, демейде ашканага кийчү кызыл гүлдүү халатын желбегей жамына тез эле кайра сыртка чыкты. «Ой, аяш, эмне болду сизге? Түн жамынып, кайдан бу? Кириңиз! Чечиниңиз, азыр чай коём, үшүп калгансызбы, беттериңизден түк чыгып, эриндериңиз көгөрүп да кетиптир? Ий, эмне болду мынчалык? Көрүнүшүңүз өтө чарчап-чаалыккандай сезилет? Бир жериңиз ооруп турабы?» – Иона эпилдеп-жепилдеп сүйлөп дагы, аяшына орундук даярдап да, тыпылдап ары-бери басып жүрдү. Шамбет үн катпады. Сыр бербөөгө, билгизбөөгө аракет жасады. «Мамбет эртең менен отчет беремин деп районго кеткен болчу, алиге чейин жок го?» – деп Иона чебелектей берди. «Отчету бүтө элек болсо керек?» – деп Шамбет акырын күңк этти. «Эмне болду сизге, аяш?» – деп дагы кайталап сурады Иона – жай салып берейинби? Жылуу жатып аласызбы? Оболу чай ичиңиз ысык-ысык. «– Шамбет диванга кыйшая кетти: «Чарчадым аяш, аябай чарчадым! Тим эле жаным жер тартып турат! Таң атууга да аз калды, бир аз эс алып алайынчы?» – Бирок Иона ушул азыр: «Эмне үйүнүзгө барбадыңыз?» – деп суроого батынбады. Бүгүнкү тынчы жок түн ушинтип өттү. Ал таң сүрүлө бергенде ордунан турду. Сыртка чыгып, ары-бери басты, тамеки тартты. Алардын балдары жок эле. Үйлөнгөнүнө бир жылдан эми гана ашып бараткан. Ал эми Мамбеттин тогуз айлык Урмамбет аттуу уулу

бар болчу. Азыр эми Иона баласын балдар бакчасына алып барат, андан ары жумушка жөнөйт. Алар бирге отуруп чай ичишти. Шамбет жөнөй бергенде, Мамбет экөө бетме-бет боло түшүштү. Экөө тең бир-бирин тиктешип, делдейишип, селдейишип, катты да калды! Экөөнүн тең өңдөрүнүн куп-кууллугу, денелеринин калтырап-титиреши бип-бирдей эле. Айырмасы, Мамбет туура эмес түшүндү досун. «Биздикинде түнөптүр да, демек, аялым экөөнүн иши бүтүптүр да?...» – деп ойлоду ал. Сыртта эки эркектин тип-тике тирешип, көздөр-көздөргө кадалып, жүрөктөр-жүрөктөргө маталып, ушунчалык көрө албастык, жек көрүү сезим менен, аз жерден алышып-күрөшүп, мушташып кетүүгө даяр турганын Иона билбеди. Шамбет ушул жерде да өзүн токтоо кармады, эрдик жасады. Үндөбөй короодон ары чыгып кетти. Айылды тең жарып өткөн чоң жолго жетип тык токтоду. Эми ал өзү туулуп өскөн Арпачы айылына, ата-энесине барат. Бир убакта эле аялдын чыңырган үнү Мамбеттин үйү тараптан угулду. «Ионнаны күнөөлөп, менден шексинип уруп жатат окшойт?» – деп ойлоду Шамбет. Арадан көп убакыт өтүп-өтпөй, уулун көкүрөгүнө кыса кучактаган Ионнанын короодон чыга калганын көрдү. Иона азыр күйөөсү менен биротоло ажырашып бараткан болчу. Иона саал узап барып, артын жалт карады. Шамбетти көрдү. Экөө алыстан бир-бирин тиктешип туруп калышты. Ушуну менен кинолента үзүлдү.

## ҮЧ АКЫН

«Мен Мидин Алыбаев менен Райкан Шүкүрбековдун кешигин ичкемин. Аларга ак көңүлүм менен кызмат кылып жүрүп жонум жооруган. Ошентип улуу устаттардын ак батасын, ыраазычылыгын алгамын!» – деп күлдүрүп калчу кайран киши Байдылда Сарногоев.

Ырас, бул уулу акындын тамаша сөзү экенин баарыбыз билебиз. Аны менен бирге жүргөн адам такыр зерикчү эмес. Турмуштун түркүн-түмөн түйшүктөрү эстен чыгып, жеңилденип, жыргап күлүп калчубуз. Акын

Какен Алмазбеков да кыйын, чыгаан, чукугундай сөз тапкан ак таңдай акын эле. Көбүнчө экөө бирге жүрчү. Кээде белгилүү акын, ыймандуу инсан, дуулдаган ак көңүл, адамгерчиликтүү калемдешибиз, замандашыбыз Төлөгөн Мамеев да кошулуп калчу. Бул үчөө ынак инсандардан эле. Күндөрдүн бир күнүндө алар менен отуруп калып, Байдыкеме бир куплет ыр таштадым:

Байдыке, сен да сары, мен да сары,
«Окшош!» – деп айтышат го элдин баары.
Башка жактан алганда да биз окшошбуз,
Бул жорукту таштайлычы мындан ары!
Баягылар «Көк базарда жүрүшөт» – деп,
Аңыз кылып алышыптыр жашы-кары!» –

десем, Байдыкем ошол эле замат минтип жооп бере салды:

Мажит иним, өзүң жакшы билесиң го,
Ич кызыткан кызыл вино мага даары!
Сени, мени, Какенди, Төлөгөндү,
Билишет Жалал-Абат, Талас шаары!

Кыраан-каткырык күлкү аралаш мен дагы бир купулет создум:

Байдылданы бузуптур деп Мажит сары,
Жаман көрөт жал-жал көздүү сүйгөн жары!
Ал аз келип, алкымымдан албас бекен,
Төлөгөндүн, Какемдин аялдары?!

Ана, күлкү үстүндө күлкү уланып, дуулдап, шарактап шарап ичип, шаан-шөкөт курган ошол сонун мезгилдер да өтүп кетти, чиркин!

Дагы бир күнү үчөө бирге жүргөн жеринен жолугуп калдым:

Мажит келди «Көк базарга»,
Аны-муну аларга.
Чогулталы чолок тыйын,
Ооруу башты жазарга? –

деп Какем адатынча акырын гана менин дарегиме сөз катты. Мен бир нерсе деп айткыча болбой эле Байдыкем аны улап кетти:

Андай болсо жүргүлөчү,
Ачкыл суусун кымызга.
Келгилечи, кезигели,
Кечээ күнкү бир кызга!

«Күч атасын таанытбайт» – деген сөз бар. Талант деле дал ошонун өзү. Тамашалуу мындай ырлар күн кечкиргенче, таң атканча да түгөнбөй турган. Ал анткени, оргуп аккан булак түгөйбү, соолуйбу? Жок! Чагылган дүйнө пайда болгондон бери чартылдап келет, ошол мезгилден бери нөшөрлөп жамгыр жаап келет, ошондон бери сүйүү, махабат аял-эркектин акылын, арзууларын козгоп, күйдүрүп, жандырып келет! Поэзия дагы ошолор менен бирге үзөңгүлөш, табакташ, айрылгыс бир бүтүн нерсе!

## ЧАЛ ЖАНА УУЛУ

Чөп-чарга, чаңга, өңгүл-дөңгүлгө чалынып, чарчап-чалыгып, көкүрөгү ачышып, көздөрү тунарып, буттарын араң шилтеп баратты бир чал. Анын жонунда тоо көтөргүс жүк бар эле. Көөдөнүндө дарылап болбой турган, коргошундай уюп, тунуп калган, азапка малынган дарт бар болчу. Анын мындай экенин жалгыз өзү, анын аялы билчү. Чал-кемпирдин кол кармашып, коломтону көздөп, бар-жокко чыдап, алты баланы асырап, бой жеткизип, өз-өз ордуна кондуруп, турмуштарын оңдуруп койгон.

Ал улуу Нарын дарыясынын жээгине барып отурду. Күн кылкылдап батып бараткан. Май айы эле. Жер бети килем төшөп койгондой кереметтүү болуп турса да, күндүн батышы кызарып сулуу көрүнүп жатса да чал ага көңүл бурбады. Анын көзүнөн жаш кылгырат, жүрөгү дирилдейт, муундары калчылдайт,

башы зыңгырайт, ичине чок салынгандай күйүп, жалындап, жан дүйнөсү жабыркайт. Кулактары сайгылап, сай-сөөгүн сыздатат.

Жашы 70те. Жарым кылым бирге жашаган кемпирин ойлоп, аны аяп эмне кылар айласын таппай, жымып аккан дарыя суусун тиктейт. Жан биргесине эч кеп-сөз айтпай, баласынын кылык-жоругуна капаланып баса берген. Анысы көп ичет. Ичип да келип жатып албай, тополон чыгарат, оозуна келгенин кайталабай сөгөт, атүгүл кол көтөрөт. Кемпир-чал качат, жан соогалайт, жалынат, жалбарат, ичпе кагылайын дейт! Ага көнбөйт. Баласы иштебейт. Экинчи жолу үйлөнүшү. Экинчисин да ур-токмокко алат. Деги үй-бүлөдө тынчтык жок.

Чал оор, катуу үшкүрүндү. Кемпири ойлойт. Азыр шайтандын тилине кирип, өз өмүрүнө өзү кастык кылса... эмне болот?! Андан көрөкчө, кемпири экөө бирге боюн таштаганы жагып турат чалга! Ал бул такликке көнөбү? Жок, көнбөйт! Ал чыдамдуу, кайраттуу, сабырдуу, эрки күчтүү асыл аял! Эмне эркектер жалакай келишеби? Жок! Андай эмес! Бирок уулу жанды жеп, эзип, тилдеп, уруп келатса, жыйынтык болбосо, оңолбосо, тоготпосо, тебелеп-тепсесе... анан эмне кылыш керек?!

Бир гана жол бар – ал өлүм! Карылар үйүнө барса, элге шерменде болот. Эгер минтип өлсө, эмне себептен мындай жолго барганын эл билбей калат. Ойдун ушул учугуна келет да, кайрадан кемпирин ойлойт. Анын көрөн күнүн не болот? Жарым кылым бирге жашап, анан аны азапка таштап кете береби? Бул жеткен акмакчылык! Туура итчилик, айбандык!

Мына ушуларга акыл-эси жетип турганы менен, үйгө баруудан безилдейт. Үйдүн куту учту! Берекепейизи кетти, ынтымак, ырыс качты!

О, оңбогур оопатсыз дүнүйө! Ал чал канчалаган кыйынчылыктарды баштан өткөрүп, ушул бейпилдикке жетти эле го. Аны билдиби, түшүндүбү, баалadыбы баласы?! Дене дирилдейт, шолоктоп ыйлайт, ордунан туруп, бакырып, жер чапчып, анан сууга таштагысы,

баарынан кутулгусу келет! Кемпирчи? Аны таштай албайт. Кудай берген ажал алып кетсе, анда бир жөн, айла жок. Ал эми минтип, мындай жол менен акылдуу адамга сыйбай турган, жарабай турган ишти жасоо келжиректик го деп ойлоду чал. Бирок зөөкүр баласын ойлосо, ажыдаар көз алдына келе түштү. Жүрөгү солк этти. Деми кысылды. Өпкө-боору өйүп, эзилип, жанчылып кетти!

Дарыя кел берилип чакыргансыйт! Ушундай да карылык болот экен, ээ?

Чал, эң мээримдүү, боорукер, акыл-эстүү, мээнеткеч кыздарын ойлоп кетти, алар төртөө. Жашоо турмуштары жакшы, жетиштүү. Чал, мына эми ошо алтындай болгон кыздарынын тагдырын ойлоду, неберелерин ойлоду. Алар 15. Алды эр жетип, кыздары бой жетип калды. Ойлор! Ойлор! О, ойлор! Ой менен турмуш эч убак дал келбейт!

Чалдын көзү ачыла түштү. Түн кирип калганына карабай айлана жарык экен. Көрсө, Айдын 15и болуп, жетилип, тик төбөдөн телмирип тиктеп турган экен. Чал бетин басты. Уялды анын нурунан. Анткен менен Күн жана Ай экөөнүн нурун алакан менен тосуп болобу?

Нарын дарыясы муну айтты:

«Экинчи келбегин мындай жаман ой менен!» – деди ал шырпылдап күүлөнүп. Дарыянын айбаттуу бул шоокуму чалды чочутту. Ордунан турду. Чалынып, мүдүрүлүп, кош колу менен кээде жер таяна калып келатты үйүнө. Чалда бир гана тилек бар болчу: «О, Кудай, азыр мен барганда уулум соо болгой эле? Соо болгой эле? Соо болгой эле?!»

«Чалым мас кишиден качып бир жерге бекинип алдыбы?» – деп издеп жүргөн экен кемпири. Чалын көрүп эле кучактап, өксүп-өксүп ыйлап жиберди. Чал: «Дагы бир балакет болгонбу?» – деп коркуп кетти. Жок, тынччылык эле экен. Чал-кемпир ээрчишип, үйгө киришти. Баласы мас болуп азыр эле кирип, тозтополоң чыгарып, анан уктап калган эле.

Эмне кылыш керек? Кантип кутулуш керек? Келини болсо эки баласын жетелеп кетип калганына бүгүн бир жума болот.

«Башым! Башым!» – деди чал босогодон аттап-аттабай эле. Кемпири жетелеп келип отургузду. Көк чай берди. Анальгин, резерпин берди.

«Айланайын чалым! Көңүл бөлбөчү ушул жиндиге! Кармачы өзүңдү!»

Чалы унчукпады, унчугууга алы келбеди. «Башым! Башым!»

«Калаага, кыздарыбыздын жанына барабыз. Үйдү сатабыз, мал-келди сатабыз!» – деди кемпири, ушул сөз ага дем-күч берер бекен деп.

«Анын акчасына шаардан үй келбейт» – деп чалы эрдин кыбыратып араң айтты. – Бекер кор болуп калабыз, балаң акыры оңолуп кетер?»

«Ага көзүм жетпейт. Күндөн-күнгө кайра көчүп барат, арак жеңди!»

«Минтип жүрө берсек, экөөбүз тең майып болобуз тез эле».

«Бир гана жол бар...»

«Ал кандай жол?»

«Өлүм!».

«Койчу ары көп сүйлөбөй! Кудай сактасын!»

«Кемпирим, мына сен деле соо эмессиң: белин, бутуң, жүрөгүң ооруйт! Маалында Соң-Көлдүн сонун кызы элең! Эми минтип соолуп баратасың. Анан кантип, ойлонбоюн? Кантип күйбөйүн?»

Түн ооп баратты. Чал бир аз түзүк, ымшып уктап кетти.

«Өфф! – деди кемпир. Чалынын жанына баш коюп кирпиги ирмелди. Эртең мындай жаңжал дагы башталат. Күндө ушундай. Адамдын адам болушу кыйын!

Кемпири саар менен турду. Уй саады. Торпоктордү торпокторго кошуп келди. Уйду бадага кошту. Чалы эчки-койлорун айдап талаага кетти. Ал ушул бойдон кечинде келет, белине бир нанды байлап алган. Уулу сыртта мас. Сыртта бакырып, чаң салып: «Катыным

кана? Алып келгиле! Болбосо талкалайм баарын!» – деп чуру-чуу салып жүрөт. Күндө ушул абал. Эмне кылса болот?

–Анан эмне болду? – деп сурап калды жолоочулардын бирөө кызыгып.

–Эмне болмок эле. «Уйга жүгөн салабы, үйрөнгөн адат калабы?» – дейт. Ичкилигин токтотподу. Атасы байкуш күйүп-бышып жүрүп, 72 жашында а дүйнө аттана берди. Талаада кой-эчкилерин кайтарып жүрүп, күн ысыкта давлениеси көтөрүлүп, жүрөгү көтөрө албай мүрт кетти. Аны мал багып жүргөн балдар көрүп калып үйүнө кабар беришти. Кайран киши, алтындай адам эле!

–Уулучу? Барбы?

– Бар, бар болбой эмне? Жамандарды кудай албайт. Көзү өткөндөрдүн гөрүн казат. Колунда барлар улак берет, жоктору аз маз акча, анан арак берип жөнөтөт. Андан тышкары адамдар аны айдан келип жер каздырат, чөп чаптырат, кирпич куйдурат, иши кылып ар кыл жумуштарын кылдырып, болор-болбос акысын берип узатат.

–Апасычы? Барбы? Байкуш жакшы аял экен, ушуга чыдаган.

–Анын кыздары калаага алып кеткен.

–Аялычы? Эки баласы бар дедиң беле?

–Аялы күйөөгө тийип кеткен. Эки уулунун бирөө таенесиникинде, бирөөнү чоң энеси шаарга алып кеткен.

–Үй-жайычы? Сатып жибергендир?

–Саткан жок. Эч ким карабай, чөп басып, дубалдары урап, кейпи келишип калган. Бирөө сураган деле жок ал тамды.

Аңгыча автобус да кыштакчага келип калып, ар кимиси өз-өз үйлөрүнө тарап кетишти. Ошол бойдон бейадеп, бейбаш баланын кабарын эч ким билбейт. Аны сурап-билип, тагдырына кызыккан адам деле жок.

Бул турмуш дегениң, кыйды-чыйды менен өтүп, жаман-жакшы айтышып жүрүп өтүп кетет экен, чиркин!

## СЕМИЗ АЯЛ

Кыргыз Эл акыны Түмөнбай Байзаковдун аты-жөнүн айтканда эле тааныш-билиш, жоро-жолдош, каламдаш, замандаштары дароо эле анын тамашакөйлүгүн көз алдына келтирери шексиз. Бул ыйык инсандык ысым аталар замат, угулар замат, ким деле болсо мыйыгынан жылмайып коёру бышык. Чынында ошондой киши эле, ыраматылык. Чынды жалгандай, жалганды чындай куюлуштуруп, кыраатын келтирип, ишеничтүү да, ишеничсиз да кылып айта берчү. Анын өз чыгармачылыгынан башка, Барпы Алыкуловдун ырларын топтоо, аны жарыкка чыгаруу, элге жеткирүү жагынан зор жумуштарды аткаргандыгын калайык-калк билет. «Перизат» менен «Мөлмөлүмдү» куп гана жетерине жеткире айтчу. Элдик көп ырларды жатка билчү. Аны менен көп жолу жолугушуп, тамаша сөздөрүн угуп, таалим-тарбиясын да алдым. Ичинде кыпындай кири жок, ак көңүл, кең пейил асыл адам эле.

Түмөнбай акеме арнап, ошо өзү тирүү кезинде эле тамашалуу новелла жазып койгон элем. Бирок аны кайран киши өзү окубай калды, көзү өтүп кетти. Бул да болсо, элет жерде, алыс жакта жашап калганым болду. Мына эки учуру келип, мезгили жетип, ал новелламды окуучуларыма тартуулап жатам.

Мен Түкөм «Манас» аэропортунан тосуп алды. Анан алдыбызда элдин көп экенине да карабастан, ошол эле жерде туруп, баягы көнгөн адатынча бакылдап коё берди. Саламдашкан да, ал-ахвалды сураган да жок:

– Мен кечээ Дзержинский бульварында көлөкөлөп, эс алып отурсам, – деп баштады ал сөзүн, – бир жаш, сулууча келин жаныма келип отурду да: «Түке, Кыргызстан Жазуучулар Союзунун съездине Оштук жазуучулар ла келишеби?» – деп сурап калды.

– Ийи, келишет, келбей анан! Бир гана Оштон эмес, Нарындан, Ысык-Көлдөн, Таластан да келишет. Ал түгүл Советтер Союзунун бардык булуң-бурчтарынан, дүйнө жүзүндөгү чет мамлекеттерден да келишет, – дедим.

– Э-э, алардын мага кереги жок! Эмне кыласыз аларды айтып? – деп келин наараазы боло түштү. – Мага Оштон келе турган жазуучулар керек!

– Керек болсо... айттым го келишет деп!

– Алардын ичинде... жанагы... жазуучу да барбы?!

Сөз ким жөнүндө баратканын билдим:

– Албетте бар, бар эмей! Келет ал дагы! – дедим. Муну уккан келин жымың эте түштү: эрдин бекем тиштеп, көздөрүнөн от жайнап, эки бети анардай албырып чыкты! Башка үн катпады. Ордунан туруп басып кетти.

Арадан бир топ убакыт өткөн соң, жаныма дагы бир аял басып келди. Бирок бул аял токтолуп калган, менден 2–3 жаш эле кичүүрөөк окшоп көрүндү.

– Саламатсызбы? – деди ал мага кол берип, – жанагы келинге эмне дедиңиз? Оозуңуз бош адам элеңиз, Оштон ким келерин күн мурунтан айтып койгон окшойсуз? Тим эле уул төрөп алгансып, кубанып баратат! Жөн жүрбөгөн киши экенсиз да жарыктык! Ошто да бирөө бар сизге окшогон «оозу бош, тилин тыя албаган». Силерди эмне кылса болот деги?

– Ий, капа болуп калдыңызбы? – дедим саал сөзгө жышылып.

– Капа болбой анан, силердики жакшыбы? Ашын ашап, жашын жашап калган киши өз жолунда эле жүргөнү жакшы эмеспи, тооба-аа!

– О, койдум, койдум! – дедим мен кош колумду боорума алып. – Ошо Оштук жазуучулардын баарын сага бердим!

– Бардыгын башыма тартамбы? Мага бирөө гана керек! Оштук эркектердин бардыгы биригип келип, мен издеген жанагы жалгыз жазуучуга тең келе албайт! – деп басып кетти семиз аял.

## ЖАЗУУЧУ МАЖИТ КАРИМОВДУН ӨМҮРҮ ЖАНА ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖОЛУ

Жазуучу Мажит Каримов 1937-жылы 10-ноябрда Жалал-Абад облусунун Ленин, азыркы Ноокен районундагы Сакалды селосунун «Кыргызстан» колхозуна караштуу Тулга деген чакан кыштакта кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Баёо балалык кези согуш убагына туура келип, көптөгөн кыйынчылыкты башынан өткөргөн. Атасы Карим Эмгек Фронтуна кетип кайтпады. Энеси Алима ооруп өлдү. Тоголок жетим калган 5 жаштагы бала көрүнгөндүн колунда жүрдү. Ошентип ал нандын кадырын эрте билди. Боорукер адамдар аны мектепке окубай калбасын дешип, Жалал-Абаддагы балдар үйүнө тапшырышты. Андан Куршаптагы, Өзбекстандагы Анжиян облусунун Шарихан районундагы № 40 балдар үйүнө которулуп, өлбөстүн куурагыр күнүн кечирип такшала баштады, дүйнөгө көз карашы, аңдап-сезиши өстү, өнүктү.

Согуштан кийин, 1950-жылы гана өзү туулуп өскөн Ленин, азыркы Ноокен районунун борборундагы Ленин-Жол мектеп-интернатына кабыл алынат. Ушул эле жерден 1956-жылы орто мектепти ийгиликтүү бүтөт. Дээринде зирек өскөн баягы баёо бала эми жетилип, өзүнө тың, бышык, акыл-эстүү, мээнеткеч болуп, окуучулар арасында да, мугалимдерге да жүрүш-туруш жагынан үлгүлүү окуучу катары кадыр-баркка ээ болот. Анын үстүнө дирегинде таланты бар экени сезилет. Ыр жазып, макалалары райондук, облустук, а түгүл Республикалык «Кыргызстан пионери» гезитине жазгандары жарыялана баштайт. Ошо орто мектепте окуп жүргөндө эле «Чекеев чебердесе экен», «Шеремет неге шерленет», «Бул ким экен?» деген фельетондору Жалал-Абад облустук «Коммунизм туусу» гезитине жарыяланат. Ырлары Республикалык «Ленинчил жаш» гезитине, «Жаш ленинчи» журналына чыга баштайт. Өзү жашаган интернаттын органы болгон «Маданият» аттуу дубал газетага редактор, ошондой эле орто мектептин органы болгон «Комсомолец» деген орусча, өзбекче, кыргызча ай сайын чыгып турган дубал газетага редактор болот. Ошол дубал газеттер жазуучунун өздүк архивинде дале сакталат.



Адамдын адам болушу кыйын. Бут өмүрү күрөш! Азыр ойлоп көрсөк, муну эрте түшүнгөндөй сезилет. Турмуштун өзү даанышман, даңазалуу педагог-тарбиячы! Мажит агай орто мектепти бүткөндөн кийин башоту менен мээнетке, эмгекке умтулат. Ансыз бала кезинен бери тилеген максатына жетпестигин жүрөгү менен, дити жан-дүйнөсү аркылуу сезе билет.

Эми... жогорку окуу жайына өтүү үчүн эмне кылыш керек? Деген оор, орчундуу, аткарууга кыйын болгон суроо туулат. Көрүнгөндүн чөбүн орот, кирпич куят, малын багат. Мындан да жарытылуу акча таба албагандыктан колхозго мүчө болуп кирип, пахта тааласында иштейт, суу сугарат, кетмен чабат, тракторист, шлифовщик, токар, болуп эмгектенет. Жалал-Абаддагы 6 айлык айдоочулардын курсун бүтүп келип автобазада айдоочу болуп иштейт. Таш-Көмүр шаарынан көмүр ташыйт. Акча табыш керек, окууга барыш керек.

Ошентип 1956-жылы Фрунзе шаарына Кыргыз Мамлекеттик Университетинин филология факультетинин журналистика бөлүмүнө өтүүгө жөнөйт поезд менен. Өтпөйт. Кайра келип колхоздо иштейт. Келерки жылы дагы барат. Ушинтип, төрт жыл катары менен барып жүрүп, бешинчи жолкусунда гана, 1961-жылы өзү эңсеген бөлүмүнө өтөт.

Илим-билимге суусаган жаш өспүрүм ушул жерден бак-таалайын табат. Дүйнөлүк адабият менен таанышат. Талантына талант кошулат. Чогулуп, оргуп, сыртка чыга албай жаткан талант араң эле чыдап жүргөн экен. Ошол, окууга кирген 1961-жылы эле, биринчи курска кирип, окуп жатканына эки ай болгондо эле «Ала-Тоо» журналына, октябрь айынын № 10

санына анын «Коммунист» деген көлөмдүү очерки жарыяланат. Муну журналисттердин тили менен айтканда, портрет-очерк деп коёт. А дегенде эле мындай чоң чыгарма жазуу оңой эмес, ал ар кимдин эле колунан келе бербейт. Ушундан кийин Мажит агайдын аброю студенттердин, окутуучулардын арасында өсө баштайт, оозго алынат. Ушуга удаа эле «Ак карлуу тоонун арасы» деген дагы бир көлөмдүү очерки республикалык радионун адабият берүүсүнөн ободо жаңырат. Талант ушинтип өсө берет!

– Ошо окууга өтпөй жүргөн жылдардын акырында айылга келиштен уялып, шаарда автослесар, шофёр болуп иштеп жүрдүм, – деп эскерет Мажит агай. – Экзамен учурунда «Газ–51 жүк ташуучу машинамды айдап келип, университеттин жанына, терезенин тушуна коюп, өзүм төртүнчү кабатта сочинение жазып отурдум. Улам карап коём машинамды. Сочинение жазып бүтүп, аны тапшырып коюп, «Майский» совхозуна жөнөйм. Аерден коон-дарбыз ташыймын шаардагы ашканага, картөшкө алып келем базарга. Жооп сураганым менен, машинамды алып коёт, ошондон корком, өтпөй калсам не болот деп сар-санаа тартам».

Бул окуяны угуп отуруп, баш чайкабоого арган жок. Аракет, аракет! Алга умтулуу! Тилек! Максат! Эмгек! Эрктин күчтүүлүгү! Ооба, адамдын адам болушу кыйын! Тар жол, тайгак кечүү!

Анан, андан ары эмне болду? Мажит агай, окууга өтпөй туруп эле, «Жашым өтүп кетти. 23кө чыктым. Же окуудан жок, же үй-бүлөдөн жок, салпактап жүрө беремби!» – деп Жумгалдык сулуу кызга үйлөнүп алган. Биринчи курсту бүтөөр менен Айбек аттуу балалуу болду. Анан Айгүл аттуу кыздуу болду. Студент жана үй-бүлө, квартира, бала-бакча. Ушунун баарын аткаруу керек! Акча керек! Аны үчүн жазуу, жазуу жана жазуу керек! Гонорар керек! Мына такшалуу! Мына эрк!

Кудай колдосо, акыры мээнет кайтат. Эмгек текке кетпейт. Мажит агай университетти бүткөнгө чейин эле калайык калкка белгилүү журналист, жазуучу болуп калган эле. 2-курста окуп жатканда, 1962-жылы СССР Журналисттер Союзуна мүчөлүккө өтөт. 4-курста окуп жатканда, ошо кездеги радио-теле көрсөтүү Комитетинин төрагасы Асанбек Токомбаевдин чакыруусу менен «Жаштардын үнү» радиостанциясына редактор болуп барды. Жаңы уюшулуп жаткан бул редакциянын ишин жөнгө салды жана окуп да жүрдү. 5 жыл иштеди бул жерде. Анан квартира жагынан кыйналып, айылга келе берди, мугалим болуп ишке орношту. Таш-Көмүр шаарындагы Кызыл-Жар кыштагына келип, кыргыз тили, адабияты боюнча мугалим болуп пенсияга чыкканча, 40 жыл бою үзүрлүү иштеди.

Эми чыгармачылык жагдайына кайрылсак, ал мындай. Мажит Каримов агай 12 китептин автору. СССР Жазуучулар Союзуна мүчөсү. 1983-жылы белгилүү, белдүү жазуучулар Темиркул Үмөталиев, Шүкүрбек Бейшеналиев, Төлөгөн Касымбеков, Жолон Мамытов, Сооронбай Жусуев, Тендик Аскаровдордун назарына илинип, купулуна толуп, жүрүш-турушу, чыгармачылыгы жагып, СССР Жазуучулар Союзуна мүчөлүккө бир добуштан алышкан. Ошондо Мажит агайдын «Баарыбыз бала болгонбуз» деген алгачкы китеби «Мектеп» басмасынан жарык көргөн эле. Ушул китеби аны Кыргыз калкына тааныттЫ. Ушу күнгө чейин окугандар айтып, мактап жүрүшөт. Ал китеп он миң тираж менен чыккан. Андан кийин «Жашыл көпүрө» деген повести «Мектеп» басмасынан чыкты 20 миң тираж менен. Белгилүү жазуучу Мелис Абакиров «Балалыктын дастандары» деп мактап «Кыргыз маданияты» гезитине жарыялады. Белгилүү журналист Кочкор Борбугулов «Көз карегиндеги баёо балалык» деп «Кыргызстан пионер» гезитине жазды. Ал эми «Бала жөнүндө баллада» деген повести «Ала-Тоо» журналынан эки санына чыгып, ошол эле замат сын-

чылар, чыгарманы эң актуалдуу экенин белгилеп жазып чыгышты. Айтсак, Ысык-Көлдүн Жети-Өгүз районундагы Саруу айылынан мугалим Турдукожоев: «Азыркы кездеги балдар жөнүндө жазылган эң мыкты чыгарма» деп атады. Автордун сөзү боюнча айтканда: «Менин фамилиямды уккан адам эле: «Э-ээ, Жашыл көпүрөнүн» автору сизби? Сиз жазгансызбы? Абдан жакшы китеп!» дешип айтып калат экен. «Ынтымак» деген жомоктор жыйнагы 35 миң тираж менен «Адабият» басмасынан чыккан. «Алтын таяк» деген жомоктор жыйнагы 20 миң тираж менен жарык көргөн. Мындан тышкары «Ата», «Ким экен бул?», «Ак жол сага, адам!» деген повесттери, «Аккуура айланган кыз», «Кыз-күйөө» дастаны, «Жетөө» деген бөбөктөр үчүн жазылган жомоктор жыйнагы жарык көргөн. «Жол баяны», Издейм сени» аттуу романдары эл колунда кызыгуу менен окулуп жатат. Азыр автордун колунда 4 китеби даяр турат. Аларды чыгарыш үчүн каражат издейт.

Мажит Каримов педагог катары да мыкты инсан. Агартуу майданда улуу пионер вожатый болуп иштөө менен келген. Ошону эсептегенде, жарым кылым тарбия-таалим берүү жагдайында жарым кылым эмгектениптир. «Эл агартуунун отличниги», Эмгек ардагери» медалынын ээси, жогорку категориядагы кыргыз тили, адабияты боюнча мугалим. 1987-жылы Кыргызстан ЛКСМ Борбордук Комитетинин Ардак Грамотасы менен, Ош обком комсомолунун Ардак Грамотасы менен сыйланган. СССР Журналисттер Союзунун мүчөсү катары да көптөгөн макалаларды, курч тилдүү сатиралык чыгармаларды, фельетондорду жазып, ошо кездеги коомдогу кемчиликтерди катуу сындаган. Ал үчүн нечендеген куугунтуктарга да дуушар болгон.

Мажит Каримов – котормочу катары да белгилүү. Орустун жана чет эл жазуучуларынын чыгармаларын өз эне тилине которгон.



Азыркы кезде ардактуу эс алууда жүрөт. Бирок болот калеми дале болсо таштабай чыгармачылык эргүүлөрдү башынан кечирип, жазуучулук азап-тозоктон колу бошой элек. Мектеп анын жан досу, бөбөктөрсүз, окуучуларсыз бир күн да үйүндө тура албайт. Дайыма мектеп окуучулар менен жолугушуп, акыл-насаатын айтат. Китептерин мектептерге таркатып берет.

Мажит Каримов 6 баланын атасы, 10 неберенин чоң атасы, таятасы. Ушул учурда Таш-Көмүр шаарынын Кызыл-Жар поселогунда жашап жатат. Бир мүнөздүү, оор басык, ак көңүл, бала кыял, мээнеткеч асыл адамга узун өмүр, бак-таалай, чыгармачылык ийгилик каалайбыз!

Урматтуу Мажит Каримович! Мээнеттин үзүрүн көрөр күн келди! Эмгегиңиз кайтсын деп тилейбиз! Аман болуңуз!

*Таш-Көмүр шаары,*<br>*Кызыл-Жар поселогу.*<br>*28.12.2007.*

## Мазмуну


Баш сөз ........................................ 3
Үргүлөйүн үзүлбөгөн үмүтүм! Үзүрүндү көрөр күнүм бар беккен? .......4
Журналист ........................................ 47
Жеңе ........................................ 63
Люба ........................................ 73
Айылдан жазган салам каттар. ........................................ 81
Биринчи кат ........................................ 81
Марипанын каты ........................................ 82
Менин катым ........................................ 83
Өч ........................................ 86
Суу периси ........................................ 96
Новеллалар ........................................ 106
Диана ........................................ 106
Үч акын ........................................ 113
Чал жана уулу ........................................ 115
Семиз аял ........................................ 120
Жазуучу Мажит Каримовдун өмүрү жана чыгармачылык жолу .......... 122



*Көркөм-адабий басылма*

**Каримов Мажит**

**ИЗДЕЙМ СЕНИ**

*Автобиографиялык роман*

(Кыргыз тилинде)

Корректору *Р. Сакелова*
Компьютердик калыпка салган *Н. Жуманалиев*

Басууга 20.07.2008-ж. берилди.
Форматы $84x108^1/_{32}$. Офсеттик кагаз,
офсеттик басуу.
Көлөмү 8 басма табак. Заказ № 75.
Нускасы 200 даана.

«Бийиктик» басмасы
Бишкек шаары,
Ю. Абдрахманов көчөсү 170а,
Тел. 66–75–58.

